Инициатива «Луч света» Покончить с насилием в отношении женщин и девочек

АЯЛ - СУДЬЯЛАРЫНЫН КЫРГЫЗ АССОЦИАЦИЯСЫ

UNDP

# АЯЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУКТУ ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨЛҮК-ТИРИЧИЛИКТИК ЗОМБУЛУКТУ АЛДЫН АЛУУ ЖАНА КҮРӨШҮҮ: КЫРГЫЗСТАНДА ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТТАР МЕНЕН ШАЙКЕШТИКТЕ УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУ ТАЖРЫЙБАСЫ

**(тренер үчүн окуу-методикалык колдонмо)**



**Бишкек – 2022 ж.**

«Укук коргоо органдарынын кызматкерлери жана сот адилеттиги органдарынын кызматкерлери үчүн (милиция, соттор, прокурорлор жана адвокаттар) милдеттүү модулдарды институционализациялоону иштеп чыгуу» долбоорунун алкагында жана координациялык органдын ҮБГЗ суроолору боюнча, анын ичинде жабырлануучуларга багытталган жана ҮБГЗ координацияланган таасир этүү ыкмасын киргизүү максатындагы потенциалын жогорулатуу боюнча комплекстик программанын алкагында жарыяланды.

**Курстун көлөмү 16 академиялык саатты түзөт (1 ак.ч./45 мүн.)**

Иштеп чыгуучулар:
**Мусабекова Ч. А.,** ю. и. к., доцент
**Никитенко Н. В.,** гендердик маселелер боюнча эксперт
**Сыдыкова В. Ж.,** укуктук эксперт

Котормочу: **Жумабаева Г.**

Корректор: **Джээнбекова А.Б.**

**Ч.А. Мусабекованын,** ю. и. к., доценттин жалпы редакциясы астында

## Оглавление


МАКСАТЫ, КҮТҮЛҮҮЧҮ ЖЫЙЫНТЫКТАР, БААЛОО ФОРМАСЫ ЖАНА КУРСТУН КӨЛӨМҮ 5

ОКУТУУНУН УСУЛДАМАСЫ 7

КУРСТУН ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ 8

КУРСТУН МАЗМУНУ 13

1-САБАК: ГЕНДЕРДИК КӨЙГӨЙ ЭЛ АРАЛЫК ЖАНА УЛУТТУК КОНТЕКСТТЕ, ЗОМБУЛУК ТҮШҮНҮГҮ, ФОРМАЛАРЫ, ЦИКЛИ ЖАНА СОТ АДИЛЕТТҮҮЛҮГҮНҮН ЖЕТКИЛИКТҮҮ БОЛУУСУНДАГЫ ТОСКООЛДУКТАР 13

2-САБАК: АЯЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУКТУН ЖАНА ТИРИЧИЛИКТИК (ҮЙ-БҮЛӨЛҮК) ЗОМБУЛУКТУН АЛДЫН АЛУУНУН ЖАНА КҮРӨШҮҮНҮН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ ЖАБЫРЛАНУУЧУЛАРДЫН КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫНА ЖАНА АДАМ УКУКТАРЫНА БАГЫТТАЛГАН ЫКМАНЫ ЭСКЕ АЛГАН ЭЛ АРАЛЫК ЖАНА УЛУТТУК ЧЕН ӨЛЧӨМДӨ 19

3-САБАК: АЯЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУКТАН ЖАНА ТИРИЧИЛИКТИК (ҮЙ-БҮЛӨЛҮК) ЗОМБУЛУКТАН КОРГООНУН МЕХАНИЗМИ 23

4 САБАК: КЫЛМЫШ-ЖАЗА СОТ АДИЛЕТТИГИНИН ЧАРАЛАРЫ 31

5-САБАК: ӨКҮМДҮ ЧЫГАРУУ ЖАНА КОМПЕНСАЦИЯ 37

6-САБАК: МЕДИАЦИЯ ЖАНА ЭЛДЕШҮҮ 40

1-ТИРКЕМЕ: КРДАГЫ ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУК ЖӨНҮНДӨ ИШ «МОЮНУНА ДӨҢГӨЛӨК ТАГЫЛГАН АЯЛ» 43

2-ТИРКЕМЕ: КРДА «АЛА КАЧУУНУН» ЖАБЫРЛАНУУЧУСУ ЖӨНҮНДӨГҮ ИШ «БУРУЛАЙ АТТУУ КЫЗДЫ УУРДОО ЖАНА ӨЛТҮРҮҮ» 44

3-ТИРКЕМЕ: КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ «АЛА КАЧУУНУН» ЖАБЫРЛАНУУЧУСУ ЖӨНҮНДӨ ИШ – «АЙЗАДА АТТУУ КЫЗДЫ УУРДОО ЖАНА ӨЛТҮРҮҮ» 44

4-ТИРКЕМЕ: ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТТАРГА ШАЙКЕШ КЕЛҮҮСҮН АНЫКТОО БОЮНЧА ТАЙПАЛАРДА ИШТӨӨ ҮЧҮН ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУК СУРООЛОРУ БОЮНЧА ИШТЕР (БЕЙНЕЛЕР) 45

6-ТИРКЕМЕ: КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН  БЕШИНЧИ ӨЛКӨЛҮК БАЯНДАМАСЫНА КАРАТА АББЖК КОМИТЕТИНИН (2021-Ж.) СУНУШТАМАЛАРЫ 53

7-ТИРКЕМЕ: УНИВЕРСАЛДЫК МЕЗГИЛДҮҮ ОБЗОРДУН АЛКАГЫНДАГЫ ӨЛКӨЛӨРДҮН СУНУШТАМАСЫ 54

8-ТИРКЕМЕ: БУУНУН КОМИТЕТТЕРИНИН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ДАРЕГИНЕ КАРАТА СУНУШТАМАЛАРЫ 59

9-ТИРКЕМЕ: КРДАГЫ ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУК ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ ЧЕНЕМДИК-УКУКТУК АКТЫЛАРДЫН ТИЗМЕСИ 60

10-ТИРКЕМЕ: ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУК МЕНЕН КҮРӨШҮҮ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ ЭЛ АРАЛЫК АКТЫЛАРДЫН ТИЗМЕСИ 60

11-ТИРКЕМЕ: ЮРИДИКАЛЫК КЕСИПТИН УГУУЧУЛАРЫ ҮЧҮН ТЕСТ (ПРЕ/ПОСТ) 61

12- ТИРКЕМЕ: СОЦИАЛДЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮ КЕСИПТИН УГУУЧУЛАРЫ ҮЧҮН ТЕСТ (ПРЕ/ПОСТ) 64

## МАКСАТЫ, КҮТҮЛҮҮЧҮ ЖЫЙЫНТЫКТАР, БААЛОО ФОРМАСЫ ЖАНА КУРСТУН КӨЛӨМҮ

**Максаты жана курстан күтүлүүчү жыйынтыктар:**

Бул курс, катышуучуларга, аялдарга карата зомбулук жана үй-бүлөлүк зомбулук (тиричиликтик) менен күрөшүүгө тиешелүү сот адилеттиги жолундагы кездешүүчү бардык конкреттүү суроолор боюнча так түшүнүк берүүгө арналган. Бул гендер, гендердик стереотиптер жана ушул белгиси боюнча зомбулук, Кыргызстанда зомбулуктун жайылуусу жана ага карата мамиле, ошондой эле ага тиешелүү эл аралык документтердин жана колдонулуучу стандарттардын обзору боюнча негизги түшүнүктөр менен камсыз кылат. Бул жабырлануучулардын коопсуздуктарын камсыз кылуу үчүн ыкчам тыюу салуулар жана узак мөөнөттүү коргоо жөнүндө буйруктардын аткарылышын камтыйт жана иликтөөдөн баштап, соттук териштирүүдөгү өкүм чыгаруу стадиясына чейинки техникалык, юридикалык суроолордун толук спектрин камтыйт. Мында аялдарга карата зомбулук жана үй-бүлөлүк зомбулукка мүнөздүү татаал иштер каралат жана ведомстволор аралык кызматташтыкка тиешелүү стандарттар каралып чыгат.

Курс катышуучуларга жыныстык айырмачылыктын, гендердик стереотиптердин жана жыныстык белгиси боюнча зомбулуктун БУУ тарабынан аныкталган негизги түшүнүктөрүн берет. Ал зомбулуктун формаларын жана циклдүүлүгүн камтыйт.

Окутуу курсунун жүрүшүндө ошондой эле, Кыргызстандагы аялдарга карата зомбулук жана үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйлөрү жана масштабдары жана алардын сот адилеттиги системасы үчүн зыяндары жөнүндө статистикалык жана башка фактологиялык көрсөткүчтөр сунуш кылынат. Бул сот адилеттүүлүгүнүн жеткиликтүү болуусуна тоскоолдуктарды жаратып жаткан тоскоолдуктарды түшүнүүнү камсыз кылат.

- Курс Стамбул конвенциясында, АБЖК камтылган стандарттарды камтыйт. Бул Адам укуктары боюнча Европалык соттун жана АБЖКнын аялдарга карата зомбулук жана үй-бүлөлүк (тиричиликтик) зомбулук окуяларында колдонулуучу иликтөөлөрдү жана соттук айыптоолордо тиешелүү деңгээлде кыраакы, кылдат, так болуу стандартын натыйжалуу колдонуу тажрыйбасы жөнүндө билимдерди кеңейтүүгө жол ачат.
- Курс КРнын бардык тиешелүү мыйзамдарын, анын ичинде административдик жана жарандык сот өндүрүшү менен байланыштуу КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамын, Кылмыш-жаза кодексин жана Кылмыш-жаза процессуалдык кодексин, Жарандык процесстик кодексин, Административдик-процесстик кодексин ошондой эле ички иштер органдарынын жана башка кызматтардын кызматкерлеринин ролу жөнүндө билимдерди камтыйт. Эл аралык стандарттар жана ал стандарттарга карата КРнын мыйзамдарындагы мүчүлүштүктөр жөнүндө маалыматтар камтылган.
- Курс эл аралык стандарттарды жана КРнын мыйзамдарын өздөштүрүү аркылуу тыюу салуу жана коргоо, иликтөөлөр, кылмыш жоопкерчилигине тартуу, соттук чечимди чыгаруу жана өкүмдү чыгаруу жөнүндө буйруктарды колдонуу процедураларынын жана юридикалык ченемдердин эң мыкты тажрыйбаларын сунуш кылат.
- Элдешүүгө карата стандарттар жана кепилдиктер: үй-бүлөлүк зомбулук окуяларын иликтөөгө байланыштуу суроолор талкууланат, ошондой эле тыюу салуу жана коргоо (коргоо буйруктары) жөнүндө буйруктарды берүүдөгү жана аткаруудагы, көрсөткүчтөрдү чогултуудагы ведомстволор аралык координациялоонун маанилүүлүгү жана ыкчамдуулук аспектилери талкууланат.

**Курсту мониторинг этүү жана баалоо формасы**

Катышуучулардын окутуу курсун өздөштүрүүсүнүн көлөмү төмөнкү аспаптар менен бааланат:

- окутууга киришүүдөгү тести;
- окутуудан чыгуу тести;

Юридикалык кесиптеги угуучулар үчүн, социалдык кызматчылардан сырткары, киришүү жана чыгуу тести курстун баардык бөлүмдөрүнүн 20 (жыйырма) контролдук суроолорунан түзүлөт. Социалдык кызматчыларга контролдук суроолордун саны 11 (он бир) . Ар бир контролдук суроо жооптордун төрт варианты менен, алардын бирөөсү туура.

Окутууга киришүүдөгү тести угуучулар курстун сунушталган бөлүмдөрүнө киришкенге чейин, алардын баштапкы билимин аныктоо үчүн жүргүзүлөт.

Окутуудан чыгуу тести угуучулар курсту окугандан кийин билиминин өсүшүн аныктоо максатында жүргүзүлөт.

Окутууга киришүүдөгү алдын ала тести менен кийинки чыгуу тестинин жүрүшүндөгү берилген туура жооптордун санынын айырмасы катышуучулардын билиминин өсүшүнүн процентин түзөт.

Катышуучу курсту ийгиликтүү өздөштүрдү деп эсептелет, эгерде ал кийинки чыгуу тестинин жүрүшүндө берген туура жооптордун проценти суроолордун жалпы санынан 70% түзсө.

Курстун жүрүшүндө катышуучуларга сунушталган кээ бир формалардын жана окутуунун усулдарынын майнаптуулугун мониторинг этүү үчүн жана катышуучулардан кайтарым байланыш алуу максатында, атайын анкета иштелип чыгуусу мүмкүн, анда кээ бир бөлүмдөрдүн пайдалуулугу, майнаптуулугу жөнүндө маалымат алууну талап кылган ачык суроолорду камтыган, анын ичинде алардын усулдаштыруу камсыздоосун.

**Модулдун сунушталуучу узактыгы**

Бул курс тиешелүү органдардын окутуу борборлорунун программаларына стандарттык **сабактардын 16 академиялык саатынын** алкагында киргизилет, ага ылайык 1 академиялык саат 45 мүнөттү түзөт. Мына ушундайча Бишкектин чегинде же анын айланасында 2 күнгө сунуш кылынуусу мүмкүн.

## ОКУТУУНУН УСУЛДАМАСЫ

Катышуучулардын тайпасы мүмкүн болушунча максималдуу түрдө **20-25 адамдан ашпоосу** зарыл. Бардык сабактар катышуучуларды активдүү катышууга, суроолорду берүүгө, алардын практикалык жумуштарына негизделген талкууларга катышууга чакырган интерактивдүү режимде – ыкмада өткөрүлөт. Усулдама тематикалык иликтөөлөр, оюндар, көнүгүүлөр, видео жана ролдук оюндар менен коштолгон интерактивдик лекциялар менен айкалыштырылат. Тренерлер жана катышуучулар үчүн Power Point Презентациялар, Окуу китептери даярдалат, ошондой эле окутууну оффлайн дагы, онлайн дагы режимде өткөрүүгө жол ачкан ушул Тренерлер үчүн тренинг (ТүТ) Окутуу-усулдук окуу куралы даярдалып берилет. Ар бир сабактын аягында суроолор жана жооптор үчүн, ошондой эле бардык ой пикирлер үчүн убакыт берилип турат.
Тактап айтканда, окутуу учурунда окутуунун активдүү усулдар, сынчыл ой-жүгүртүү, ошондой эле окутуунун кийинкидей усулдары колдонулат:

- өнүктүрүлгөн лекция;
- суроолор жана жооптор:
  - күтүүсүз;
  - окутуу башындагы же аягындагы жазуу жүзүндө даярдалган.
- ар түрдүү максаттардагы кичи тайпалар:
  - баарлашуу, талкуулоо;
  - акыл эс чабуулу;
  - негизги сабакка чейин же кийин суроолордун тизмесин иштеп чыгуу;
  - актуализациялоо, билимдерди текшерүү;
  - көйгөйлөрдү, суроолорду классификациялоо;
  - көйгөйлөрдү чечүү;
  - жеке презентациялар;
  - бири-бирине кайтарымдуу сындоо;
- ролдук оюндар, симуляциялык көнүгүүлөр;
- жазуу жумушу.

## КУРСТУН ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ

| 1-САБАК | ТЕМАГА КИРИШҮҮ | 2с. 15 мүн. (3 акад.с.) |
|---|---|---|
| 1-сабактын максаты: | Катышуучуларга гендердик көйгөйлөрдү эл аралык жана улуттук контекстке ылайык түшүнүүнүн эволюциясы жөнүндө, анын эл аралык жана улуттук ченемдик-укуктук актыларга киргизилүүсү жөнүндө, «ЖЫНЫСТЫК АЙЫРМАЧЫЛЫК жана ГЕНДЕР», гендердик стереотиптер жана басмырлоо жөнүндө, анын ичинде катышуучуларда Кыргызстандын тарыхый-маданий контекстинин негизинде так түшүнүктөрдү калыптандыруу. Үй-бүлөдөгү башкаруу механизми, бийлик кылуу жана үй-бүлөлүк зомбулуктун динамикасы, зомбулуктун түрлөрү жана формалары, сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусуна тоскоолдуктарды жаратып жаткан тоскоолдуктар, анын жеткиликтүү болуусу үчүн эл аралык укуктук документтерде көрсөтүлгөн принциптердин негизиндеги шарттар менен тааныштыруу. Катышуучуну Кыргызстандагы үй-бүлөлүк зомбулуктун жана гендердик көйгөйдүн абалы жөнүндө статистикалык көрсөткүчтөрдү камтыган кенен маалыматтар менен камсыз кылуу. | |
| 1.1-тема | Концептуалдык алкактар: гендердик көйгөй (эркек менен аялдын тең укуктуулугу). Эл аралык алкактар жана чет элдик тажрыйба. Улуттук алкактар: тарыхый-маданий контекст жана учурдагы абал | 30 мүн. |
| 1.2-тема | Зомбулук түшүнүгү, формасы жана цикли эл аралык контекстте. Кыргызстандын тажрыбасы. | 30 мүн. |
| 1.3-тема | Сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусуна жолтоо болгон тоскоолдуктар | 15 мүн. |
| 1-сабак боюнча практикум | 1. «ГЕНДЕР» жана «ЖЫНЫСТЫК АЙЫРМАЧЫЛЫК» түшүнүктөрүн айырмалоо үчүн интерактивдик көнүгүү.<br>2. Видеороликтерди көрүү жана кыскача талкуулоо:<br>- ГЕНДЕР ЖАНА ЖЫНЫСТЫК АЙЫРМАЧЫЛЫК, гендердик стереотиптер жөнүндө;<br>- Кыргызстандагы үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө;<br>- «Никеге туруу максатында уурдоо» жөнүндө.<br>3. Үй-бүлөлүк зомбулук жана «Никеге туруу максатында уурдоо» бейнелери менен кичи тайпалардагы интерактивдик иштөө. | 60 мүн. |

| 2-САБАК | АЯЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУКТУН ЖАНА ТИРИЧИЛИКТИК (ҮЙ-БҮЛӨЛҮК) ЗОМБУЛУКТУН АЛДЫН АЛУУНУН ЖАНА КҮРӨШҮҮНҮН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ | 1с.30 мүн.<br>(2 акад.с.) |
|---|---|---|
| 2-сабактын максаты: | Катышуучулардын үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуунун жана күрөшүүнүн эл аралык укуктук негиздерин жана ыкмаларын так түшүнүүлөрүн камсыз кылуу, ага ылайык көңүлдүн негизги борборунда адам, жабырлануучу жана анын укуктары турушу керектигин, жабырлануучунун кызыкчылыктарына багытталган стандарттар колдонулушу зарылдыгын так түшүнүүсүнө жетишүү. Негизги Конвенциялардын (АБбЖК жана Стамбул Конвенциясы) эл аралык укуктук мамилелерде колдонулган стандарттарды ачуу, анын улуттук мыйзамдарда колдонулушун салыштыруу. Ошондой эле Кыргызстандын эл аралык укуктук милдеттенмелерин, алардын аткарылышын карап чыгуу жана учурдагы улуттук ченемдик-укуктук базаны, андагы өзгөрүүлөрдү эске алуу менен мониторинг жүргүзүү, катышуучулардын ушул аталгандарды түшүнүүсүн камсыз кылуу. | |
| 2.1-тема | Эл аралык-укуктук негиздер | 20 мүн. |
| 2.2-тема | Жабырлануучуга багытталган, адам укуктарына негизделген жана укуктарын коргоодо колдонула ыкма | 20 мүн. |
| 2.3-тема | Кыргызстандын эл аралык-укуктук милдеттенмелери. Кыргызстандын ченемдик-укуктук базасынын обзору. | 20 мүн. |
| 2-сабак боюнча практикум: | Интерактивдик көнүгүү. Кичи тайпаларда бейнелер менен иштөө: | 30 мүн. |
| **3-САБАК** | **АЯЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУКТАН ЖАНА ТИРИЧИЛИКТИК (ҮЙ-БҮЛӨЛҮК) ЗОМБУЛУКТАН КОРГООНУН МЕХАНИЗМИ** | **3 с.<br>(4 акад.с.)** |
| 3-сабактын максаты: | Тыюу салуу жана коргоо жөнүндө буйруктар тууралуу суроолор боюнча эл аралык укуктук стандарттарды жана улуттук мыйзамдык базаны баяндап берүү. Бул жерде тобокелчиликтерди (коркунучтарды) баалоо стандарттары, АББЖК, Адам укуктары боюнча Европалык соттун тиешелүү тажрыйбаларына кошулуп каралат. Сабакта коргоо жөнүндө буйруктардын үстүнөн даттануунун жана алардын таасирдүүлүгүнүн мөөнөтүн узартуунун ылайыктуу жарандык жана административдик процедуралары, ошондой эле мындай буйруктарды бузуунун зыяндары дагы каралып чыгат. Берүү процессинин бир бөлүгү катары балдарды коргоону камсыз кылуу зарылчылыгы талкууланат. Улуттук мыйзамдык базадагы мүчүлүштүктөр белгиленет. | |
| 3.1-тема | Ыкчам тыюу салуу жөнүндө буйруктар (ebos), узак мөөнөттүү коргоо жана тобокелчиликтерди баалоо | 30 мүн. |

| | | |
|---|---|---|
| | жөнүндө буйруктар: эл аралык стандарттар жана эң мыкты чет элдик тажрыйба. | |
| 3.2-тема. | Аялдарды зомбулуктан жана үй-бүлөлүк тиричиликтик зомбулуктан Кыргызстандын мыйзамдары боюнча коргоо системасы. | 30 мүн. |
| 3.1 жана 3.2-темалары боюнча практикум | Интерактивдик көнүгүү:<br>- зомбулуктун алдын алуу жана аныктоо алгоритмин иштеп чыгуу боюнча бейне менен кичи тайпаларда иштөө;<br>- зомбулуктун алдын алуу жана аныктоо субьекттеринин ортосундагы ыйгарым укуктар жана функцияларды бөлүштүрүү боюнча бейне менен кичи тайпаларда иштөө. | 30 мүн. |
| 3.3-тема | Кыргызстандын мыйзамдары боюнча убактылуу коргоо ордерин берүү, узартуу, даттануу же бул аракеттерден баш тартуу тартиби. | 30 мүн. |
| 3.4-тема | Кыргызстандын мыйзамдары боюнча үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусунун сотко өз укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн сотко кайрылуу укугу. | 30 мүн. |
| 3.3 жана 3.4-темалары бюнча практикум | 1. «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын ченемдерин талкуулоо боюнча акыл-эс чабуулу;<br>2. Класстер усулу аркылуу КРнын мыйзамдары боюнча убактылуу коргоо ордерин берүү, узартуу, даттануу же бул аракеттерден баш тартуу тартибинин негизги этаптарын аныктоо;<br>3. КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 30-беренесинде каралган сотко кайрылуу укугун ишке ашыруу процедураларынын оң жана терс жактарын аныктоо боюнча кичи тайпаларда иштөө. | 30 мүн. |
| **4-САБАК** | **КЫЛМЫШ-ЖАЗА АДИЛЕТТИГИНИН ЧАРАЛАРЫ** | **3с.<br>(4 акад.с.)** |
| 4-сабактын максаты | Жабырлануучунун сот учурундагы жана соттон тышкаркы коргоого ээ болуу укуктарына көңүл буруу менен, катышуучуларды сотко чейинки (тергөө) жана соттук стадиялардагы тиешелүү эл аралык стандарттар жана улуттук укуктук база менен тааныштыруу. Сабактын жүрүшүндө үй-бүлөлүк зомбулук жана аялдарга карата зомбулук менен байланыштуу кылмыштардын толук спектри, коргоо учурундагы мүчүлүштүктөргө көңүл бурулуу менен эл аралык стандарттарга жана улуттук мыйзамдарга ылайык каралып чыгат | |
| 4.1-тема | Сотко чейинки өндүрүш: иликтөө жана далилдерди чогултуу (эл аралык стандарттар жана Кыргызстандын мыйзамдары) | 45 мүн. |

| | | |
|---|---|---|
| 4.2-тема | Соттук териштирүү: кылмыштардын колдонулуучу курамы (эл аралык стандарттар жана Кыргызстандын мыйзамдары) | 45 мүн. |
| 4.3-тема | Үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучулары жана күбөлөр менен өз ара аракеттенишүү (эл аралык стандарттар жана Кыргызстандын мыйзамдары) | 45 мүн. |
| 4-сабак боюнча практикум: | 1. «Тиешелүү сактык» жана «ex officio» куугунтуктоосу стандартынын аныктамасын «Ассоциация» усулу аркылуу аныктоо;<br>2. «Үй-бүлөлүк зомбулук иштери боюнча квалификациялоо көйгөйлөрү» жана «Жабырлануучулар менен иштөөнүн өзгөчөлүктөрү жөнүндө» суроолор боюнча акыл-эс чабуулу;<br>3. Бейнелер менен иштөө.<br>2. Жабырлануучу менен маектешүү жүргүзүү боюнча ролдук оюн. | 45 мүн. |
| **5-САБАК** | **ӨКҮМДҮ ЧЫГАРУУ ЖАНА КОМПЕНСАЦИЯ** | **1с.30 мүн. (2 акад.с.)** |
| 5-сабактын максаты: | Катышуучуларды, үй-бүлөлүк зомбулук окуяларында колдонула турган чен өлчөмдүү жана чектөөчү санкцияларга карата эл аралык стандарттар менен тааныштыруу, тактап айтканда: эркиндигинен ажыратууга, айыптарга жана ата-энелик укуктарынан ажыратууга байланыштуу. Адам укуктары боюнча Европалык соттун прецеденттик укугун жана улуттук мисалдарды талкуулоо мына ушул стандарттар бузулуп жаткандыгын көрсөтүү үчүн колдонулат. Ошондой эле, жумшартуучу жана оордотуучу жагдайлар талкууланат, муну менен чогуу «ар намыс» деп аталган же маданият, дин салттардын гендердик зомбулуктар менен байланыштуу кылмыштарды актоо үчүн колдонулуп жаткандыгы жаатында улуттук мыйзамдардын жоболорун талкууланат. Талапка жооп бербеген орунсуз чечимдерди чыгаруудагы соттук стереотиптердин ролун карап чыгабыз, ошондой эле коргоонун жарандык-укуктук каражаттарынын жана компенсация менен камсыздоонун жеткиликтүүлүгүн дагы карайбыз. | |
| 5.1-тема | Жазалоонун чен өлчөмдүү жана чектөөчү чаралары. | 15 мүн. |
| 5.2-тема | Жумшартуучу жана оордотуучу жагдайлар, соттук стереотиптер. | 30 мүн. |
| 5. 3-тема | Компенсациялар. | 15 мүн. |
| 5-сабак боюнча практикум | «Кичи тайпаларда иштөө» усулу менен:<br>- бейнелерди чечмелөө;<br>- натыйжалуу иликтөө, коргоо жана өкүм чыгаруу менен камсыз кылуу үчүн ведомстволор аралык кызматташтыктын формалары жөнүндө суроолорду талкуулоо; | 30 мүн. |

| | | |
|---|---|---|
| | - «гендердик стереотиптер», «идеалдуу жабырлануучу катары», «моралдан сырткаркы жүрүм-турум же жабырлануучунун аракеттери» жөнүндө суроолор боюнча талкуулоо. | |
| **6 САБАК** | **МЕДИАЦИЯ ЖАНА ЭЛДЕШҮҮ** | **45 мүн. (1 акад.с.)** |
| 6-сабактын максаты: | *Катышуучуларды үй-бүлөлүк зомбулук окуяларында медиация/элдешүү боюнча эл аралык стандарттар менен тааныштыруу, анда АББЖК №33 Жалпы сунуштамасына көңүл бурдуруу жана бул ыкмага байланыштуу негизги көйгөйлөрдү баса белгилөө. Зомбулуктун жабырлануучуларынын жана зомбулук жасаган адамдардын элдешүүсү боюнча институционалдык алкактар жана улуттук жоболор каралып чыгат.* | |
| 6.1-тема | Медиация жана элдешүү | 30 мүн. |
| 6-сабак боюнча практикум | Өзүнчө окуяларда элдешүү процедурасын колдонуунун максаттуулугун негиздөө боюнча кичи тайпаларда иштөө. | 15 мүн. |
| | **БААРЫ:** | **12 саат (16 акад.с.)** |

# КУРСТУН МАЗМУНУ

## 1-САБАК: ГЕНДЕРДИК КӨЙГӨЙ ЭЛ АРАЛЫК ЖАНА УЛУТТУК КОНТЕКСТТЕ, ЗОМБУЛУК ТҮШҮНҮГҮ, ФОРМАЛАРЫ, ЦИКЛИ ЖАНА СОТ АДИЛЕТТҮҮЛҮГҮНҮН ЖЕТКИЛИКТҮҮ БОЛУУСУНДАГЫ ТОСКООЛДУКТАР

**Узактыгы 3 академиялык саат – 2 саат 15 мүнөт**

**Сабактын планы:**
1. Сабактын темасын жана максаттарын жарыялоо аркылуу көңүл бурдуруу – **5 мүн.**
2. «ГЕНДЕР» жана «ЖЫНЫСТЫК АЙЫРМАЧЫЛЫК» түшүнүктөрүнө бөлүү үчүн интерактивдик көнүгүү – **5 мүн.**
3. ЖЫНЫСТЫК АЙЫРМАЧЫЛЫК ЖАНА ГЕНДЕР, гендердик стереотиптер видеороligин көрсөтүү – **5 мүн.**
4. 1.1-тема боюнча интерактивдик кичи-лекцияны өткөрүү **- 25 мүн.**
5. 1.2-тема боюнча интерактивдик кичи-лекцияны өткөрүү**- 20 мүн.**
6. Кыргызстандагы үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө видеороликти көрсөтүү («Моюнуна дөңгөлөк тагылган аял») **– 5 мүн.**
7. Үй-бүлөлүк зомбулук боюнча кичи тайпаларда интерактивдүү иштөө **– 15 мүн.**
8. 1.2-тема боюнча интерактивдик кичи-лекцияны улантуу **– 15 мүн.**
9. «Ала качуу» бейнеси боюнча кичи тайпаларда интерактивдүү иштөө - **25 мүн.**
10. 1.3-темасы боюнча интерактивдик кичи-лекцияны өткөрүү **– 15 мүн.**
11. Сабактын жыйынтыктарын чыгаруу - **5 мүн.**

***Ресурстар:***
- түстүү маркерлер;
- флипчарттар;
- скотч, жыгач такта;
- таркатуучу материалдар, бейнелер;
- проектор менен компьютер;
- интернет;
- Ушул Окутуу-усулдамалык окуу куралынын 1-сабагы үчүн тарткатуучу материалдар 1-Тиркемесинде берилген;
- смартфон аркылуу анонимдүү онлайн сурамжылоо анкетасы.

**1-сабак боюнча окутуунун жүрүшү:**

1. **1-сабактын темаларын жана максаттарын жарыялоо аркылуу көңүл бурдуруу - 5 мүн.**
1. **«ГЕНДЕР» жана «ЖЫНЫСТЫК АЙЫРМАЧЫЛЫК» түшүнүктөрүн айырмалоо үчүн интерактивдик көнүгүү - 5 мүн.**

Катышуучулардын материалды билүү деңгээлин аныктоо үчүн «Акыл-эс чабуулу» интерактивдик усулун колдонуу аркылуу биз гендер жөнүндө эмне билебиз деген иш жүргүзүлөт. Аудиториянын алдына «Сиздер «гендер» деген терминди укканда кандай сезимдерге туш болосуңар?» - деген суроо коюлат, бул суроо флипчартка жазылып көрсөтүлүп коюлат.

Айтылган бардык пикирлер флипчартка белгиленет, бул болсо тренерге андан нары интерактивдик кичи-лекция өткөрүүсүнө жардам берет.

Андан нары катышуучуларга алдын-ала таратылган карточкаларда өз өзүнчө жазылган кийинки билдирүүлөр берилет:

- балага эмчек эмизүү;
- тамак даярдоо;
- акча иштеп табуу;
- баланын төрөлүшү;
- кош бойлуулугу боюнча өргүү;
- соттун жумушу;
- милиционердин жумушу;
- үй тазалоо;
- бала тарбиялоо;
- IT программист болуп иштөө;
- мугалим болуп иштөө;
- армияда кызмат өтөө.

Ар бир билдирүүнүн карама-каршысына алгач ар бир катышуучу анын ЭРКЕК АДАМГА (М) же АЯЛГА (Ж) тиешелүү билдирүүлөрдү коёт.

Кийинки кадам аталган билдирүүлөрдү флипчарттагы эки тилкеге (ЖЫНЫСТЫК АЙЫРМАЧЫЛЫК жана ГЕНДЕР) мааниси боюнча жайгаштырып чыгуу болуп эсептелет. Ар бир катышуучу флипчарттын жанына келет жана өзүнүн карточкасын ЖЫНЫСТЫК АЙЫРМАЧЫЛЫК жана ГЕНДЕР тилкелеринин бирөөсүнө бекитет.

Бардык идеялар белгиленип бүткөндөн кийин аудитория менен чогуу алынган жооптордун ичинен көбүрөөк белгилүү жоопторду окуйт жана жоопторду талкуулоого, ЖЫНЫСТЫК АЙЫРМАЧЫЛЫК жана ГЕНДЕР аныктамаларын бөлүп чыгууга өтүшөт.

Тренер аудиториянын көңүлүн флипчартта жазылган катышуучуларда «ГЕНДЕР» деген түшүнүктү пайда кыла турган эмоцияларга бурат.

2. **ЖЫНЫСТЫК АЙЫРМАЧЫЛЫК жана ГЕНДЕР видеоролиги, гендердик стереотиптер жөнүндө кыска талкууну көрүү – 5 мүн.**

Видеоролик көрүү ЖЫНЫСТЫК АЙЫРМАЧЫЛЫК жана ГЕНДЕР, ГЕНДЕРДИК СТЕРЕОТИПТЕР түшүнүктөрүн ачып берет. Тренер көрсөтүү үчүн сунуш кылынган роликтердин бирөөсүн тандап алса болот.

3. **1.1-тема боюнча интерактивдик кичи-лекцияны уюштуруу – 25 мүн.**

Слайддарды колдонуу аркылуу лекция окуу менен ЖЫНЫСТЫК АЙЫРМАЧЫЛЫК жана ГЕНДЕР, гендердик стереотиптер, гендердик басмырлоо түшүнүктөрүн берүү.

Тренер мурунку ЖЫНЫСТЫК АЙЫРМАЧЫЛЫК жана ГЕНДЕР темасы боюнча катышуучулардын жооптору жазылган флипчартка кайтып келип, талкуу өткөрөт, жалпылаштырат, түшүнүктөрдү түшүндүрүүгө киришкенден кийин аудиториядагы катышуучулардын жоопторунун катышуусунда «оңдоп-түзөтүү» киргизет, аталган терминдерди түшүнүүнү жана айырмалай билүүнү бекемдейт.

Андан нары кичи-лекция улантылат, бул жерде слайд түрүндөгү презентация аркылуу тренер:

- негизги эл аралык документтер жана гендердик көйгөйгө карата концептуалдуу ыкмалар менен тааныштыруу (Адам укуктарынын жалпы декларациясынан, Жарандык жана саясий укуктар

жөнүндөгү жана экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндөгү эки Эл аралык пактылардан, БУУнун Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрүн жоюу жөнүндөгү Конвенциясынан, Пекин декларациясынан жана Аракеттер платформасынан, Туруктуу өнүктүрүү максаттарынан ж.б. );

- «Гендердик тең укуктуулуктун индекси» түшүнүгүнүн аныктамасын берүү жана бул Индекстеги Борбордук Азия мамлекеттеринин жана КМШ өлкөлөрүнүн ичиндеги Кыргызстандын ордун, катышуучулар менен чогуу талкуулоо.

Андан нары «Мыйзамдагы комплекстүү гендердик мамиле жана анын этаптары», «Гендердик сезимталдыкка багытталган бюджет» түшүнүктөрүн талкуулоо жана катышуучулардын кийинки суроолорго жооп берүүсүн сунуш кылат:

*«Силер Кыргыз Республикасында комплекстүү гендердик мамилени жана киргизүү жана гендердик сезимталдыкка багытталган бюджетти киргизүү менен таанышсызбы? Силер кандай ыкмаларды жана куралдарды колдонуу керектиги жөнүндө билесиңер?*

**Тренерге кеңеш:** жооптор мыйзамдарды, гендердик сезимталдуулукка багытталган бюджетти кабыл алуу, улуттук стратегияларды жана программаларды кабыл алуу, мыйзамдардын долбоорлорун гендердик экспертизадан өткөрүү ж.б. менен байланыштуу болушу керек.

Тренер катышуучулардын жоопторун флипчартка белгилеп жүрүп олтурат. Бул аудиторияны бул лекциянын Кыргызстандын ченемдик-укуктук механизмдери көбүрөөк кенен ачылып бериле турган кийинки бөлүгүнө даярдайт.

КРдагы гендердик көйгөйдүн тарыхый-маданий контекстине өтүү менен, тренер катышуучулардан Кыргызстандын тарыхындагы көбүрөөк белгилүү аялдардын аттарын атоону суранат.

Андан ары, ар түрдүү доорлордогу кыргыз коочулугундагы аялдын ролунун өзгөрүшүнүн тарыхый доорлорго бөлүштүрүү жөнүндөгү слайддардын презентациялары:

- байыркы түрк көчмөн цивилизациясы,
- мусулман дүйнөсү,
- совет бийлиги,
- Улуу Ата Мекендик согуш мезгили,
- көз карандысыз Кыргызстандын калыптанышы жана 1991-жылдан баштап базар экономикасына өтүү,
- 1995-жылдан баштап республикадагы аялдардын жана гендердик суроолордун өнүгүшү жана жаңыча түшүнүү (анын ичинде мамлекеттик саясаттагы учурдагы гендер боюнча күн тартибинин жобосунун жана учурада иштеп жаткан ченемдик-укуктук актылардын жана ыкмалардын обзорун кошкондо).

КРнын учурдагы иштеп жаткан ченемдик-укуктук актыларынын (ЧУА), ыкмалардын жана куралдардын обзорун берүүдө тренер учурда иштеп жаткан механизмдер жана ЧУА жөнүндөгү катышуучулардын флипчартка мурун жазылган обзорунан баштайт жана талкуу учурунда алынган бул маалыматтарды КРнын улуттук мыйзамдарынын тизмеси, стратегиялык мамлекеттик документтердеги жана ЧУА гендердик көйгөйдү эске алуу боюнча механизмдер жана куралдар камтылган слайддардын презентацияларын берүү аркылуу толуктайт.

4. **1.2 -Тема боюнча интерактивдик кичи-лекцияны өткөрүү – 20 мүн.**

Кийинки суроолорду камтыган презентациялар аркылуу кичи-лекция:

- зомбулуктун формалары жана циклдери,
- зомбулук түшүнүгү,

- зомбулуктун түрлөрүн анын ар түрдүү формаларга, категорияга бөлүү,
- «Башкаруу дөңгөлөгү»,
- Жабырлануучуга зомбулуктун циклин үзүүгө жол бербеген тоскоолдуктарды анализдөө,
- «экинчи виктимизациялоонун» концепциясы.

Тренер презентацияларында КРдагы үй-бүлөлүк зомбулук менен байланыштуу иштердин абалы, ал иштердин соттордо каралуусу боюнча статистикалык көрсөткүчтөрдү келтирет.

5. **Кыргызстандагы үй-бүлөлүк зомбулук боюнча видеороликти көрүү жана кыскача талкуулоо (5 мүн.) («Моюнуна дөңгөлөк тагылган аял»).**

6. **Үй-бүлөлүк зомбулук боюнча бейне менен кичи тайпаларда иштөө** («Моюнуна дөңгөлөк тагылган аял») **– 15 мүн.**

Тренер катышуучуларды бейне менен тааныштырат (эркек адам моюнуна машиненин дөңгөлөктөрү кийгизилген аялга муздак суу чачып жатат) (1-тиркемеден карагыла).

Тренер катышуучуларды 4 кичи тайпага бөлөт жана видеону мурда сунуш кылынган материалга ылайык талкуулоону сунуштайт.

1-тайпа роликти анда колдонулган зомбулуктун түрлөрүнө ылайык анализдейт.

2-тайпа роликти Башкаруу дөңгөлөгүнүн көз карашынан анализдейт.

3-тайпа роликти зомбулуктун Цикли көз карашынан анализдейт.

4-тайпа роликти жабырлануучуга зомбулуктун циклин үзүүгө жолтоо кылган тоскоолдуктардын көз карашынан анализдейт.

Ар бир тайпа тарабынан аткарылган иштери боюнча жыйынтыкты тааныштыруу үчүн бир адамды шайлап жалпы талкуулоого алып чыгышат.

Тренер талкуулоонун болжолдуу жыйынтыктарын чыгарып, аны мурда берилген зомбулук деген эмне түшүнүгү, зомбулуктун түрлөрү, формалары, циклдүүлүгү, башкаруу дөңгөлөгү түшүнүктөрү менен бекемдейт.

7. **1.2-Тема боюнча лекцияны улантуу – 15 мүн.**

Тренер Кыргызстанда кеңири тараган «Кызды никеге туруу үчүн уурдоо (Ала качуу)» сыяктуу көрүнүш боюнча маалыматты жана статистиканы сунуш кылган презентацияны улантат, презентацияны берүүдө салттык, стереотиптик жүрүм-турум көз карашынан карап, коомдун «Никеге туруу үчүн уурдоого» карата мамилеси боюнча изилдөөлөрдүн көрсөткүчтөрүн келтирет жана ушуну эле Кыргызстандын мыйзамындагы кылмыш-жаза жоопкерчилиги караштырыла турган көз караштан маалыматтарды берет.

Тренер катышуучулардан өздөрүнүн смартфондорунун жардамы аркылуу кийинки суроого анонимдүү жооп берүүнү суранат:

«*Сиз «Никеге туруу үчүн уурдоого» канда мамиле жасайсыз?*

Аудиторияны онлайн сурамжылоонун жыйынтыктары менен тааныштыруу.

Тренер тайпаларда активдүү талкуу өткөрүү үчүн 2021-жылдагы редакциясындагы КРнын КЖКнин «Никеге туруу максатында ала качуу» 172-беренесине жана «Адамды уурдоо» 165-беренесине баарынын көңүлүн бурдурат, көрсөтүлгөн курамдардын КЖКнин өзүнчө беренелерине бөлүнүп берилүүсү боюнча өз ой пикирлерин айтууларын суранат.

Ой пикирлер флипчартка белгиленип турат жана кичи тайпалардын аткарган иштерин талкуулоонун жыйынтыгын корутундулоо үчүн жалпы талкууда колдонулат.

8. **«Никеге туруу үчүн уурдоо» боюнча бейнелер боюнча тайпаларда интерактивдик иштерди алып баруу - 25 мүн.**

Тренер Бурулайды жана Айзаданы  уурдоо боюнча видеону көрсөтөт.

Тренердин тандоосу боюнча кичи тайпаларда иштөө сценарийинин 2 варианты сунуш кылынган.

**1-вариант:**

Тренер катышуучуларды 2 тайпага бөлөт жана ар бир кичи тайпага анализдөө үчүн Кыргызстанда жабырлануучулардын өлүмү менен аяктаган реалдуу «Никеге туруу үчүн уурдоо» бейнелерин берет (Бурулай, Айзада).

1-тайпа Бурулайдын өлүмү жөнүндө бейнени карайт (2-тиркемени карагыла).

2-тайпа Айзаданын өлүмү жөнүндө бейнени карайт (3-тиркемени карагыла).

Тайпалар кейстерди “Никеге туруу үчүн уурдоо” табиятынын көз карашынан жана гендердик стереотиптердин коомго тийгизген таасири, келтирилген бейнелерде туугандарынын жана үчүнчү тараптардын катышуусу көз караштарынан, сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүндөгү тоскоолдуктар бар экендиги, учурдагы ЧУАлардагы мүчүлүштүктөр көз карашынан анализдөөлөрү зарыл, ошондой эле  аларды Кыргызстандагы үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана күрөшүү көз карашынан дагы анализдеп чыгуулары керек.

Катышуучулар кийинки тапшырмаларды аткарышат жана кийинки суроолорго жооп беришет:

- Эмне үчүн мындай кырдаал пайда болду, коомдо мындай кырдаалдардын пайда болуусуна шарт түзгөн стереотип түрүндөгү кандай салттык, диний көз караштар бар?
- Силер Никеге туруу үчүн уурдоо табиятындагы басмырлоонун кайсы формаларын аныктай аласыңар?
- Бул кырдаалдарда жабырлануучуларга жана алардын туугандарына сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусу үчүн кандай тоскоолдуктар болгон?
- Укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин жүрүм-турумдарын анализдегиле, зомбулуктун кайсы түрлөрү колдонулду;
- Соттор тарабынан чыгарылган өкүмдөрдү жана чечимдерди талкуулагыла.

**2-вариант:**

Тренер катышуучуларды кийинки субьекттер көз карашынан 5 тайпага бөлүшөт:

1-тайпа – Бурулайдын туугандары,

2-тайпа – укук коргоо органдарынын кызматкери

3-тайпа – Айзаданын туугандары,

4-тайпа – кылмышкердин туугандары жана достору.

5-тайпа – соттор.

Өздөрүнүн позицияларын жана аракеттерин коргоо үчүн аргументтерди берүү. Жалпы талкуулоо. Тайпалар чыгып сүйлөй тургандарды аныкташат жана тайпалардын презентацияларынан кийин жалпы талкуулоо өткөрүлөт. Жалпы талкуулоо. Тренер 1.2-тема боюнча негизги түшүнүктөрдү жана тайпалардагы аткарылган иштердин жыйынтыгы боюнча корутундуларды бекемдейт.

9. **1.3-Тема боюнча кичи-лекция өткөрүү – 15 мүн.**

Слайд түрүндөгү кичи-лекция аркылуу тренер катышуучуларда сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусуна жолтоо болуп жаткан тоскоолдуктар кайсылар экендиги жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандыруу, аларды категориялары тууралуу маалымат берет, угуучуларды эл аралык укуктук документтерде баяндалган принциптердин негизине ылайык сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгү үчүн шарттар менен тааныштырат.

Тренер катышуучуларга КРдагы сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусуна тоскоолдуктарды пайда кылып жаткан тоскоолдуктарды атайт жана аларды бир тилкеге салып флипчартка жазат, андан кийин сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусу үчүн КРда түзүү керек болгон шарттарды аташат жана жоопторду экинчи тилкеге жазат.
Талкууну бекемдеп жатып тренер катышуучуларга алардын өздөрү аташкан тоскоолдуктарга жана шарттарга, ошондой эле зарыл шарттарды түзүүдөгү катышуучулардын ар биринин өздөрүнүн ролун карап чыгууларын сунуштайт.

10. **1-Сабак боюнча окутуунун жыйынтыктарын чыгаруу – 5 мүн.**
Муну үчүн тренер кийинки суроолорду аудиториянын алдына коёт:
- Силер кандай жаңы нерселерди биле алдыңар?
- Силер кандай көндүмдөргө ээ болдуңар?
- Силер бул тажрыйбаны кандайча колдонот элеңер?

## 2-САБАК: АЯЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУКТУН ЖАНА ТИРИЧИЛИКТИК (ҮЙ-БҮЛӨЛҮК) ЗОМБУЛУКТУН АЛДЫН АЛУУНУН ЖАНА КҮРӨШҮҮНҮН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ ЖАБЫРЛАНУУЧУЛАРДЫН КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫНА ЖАНА АДАМ УКУКТАРЫНА БАГЫТТАЛГАН ЫКМАНЫ ЭСКЕ АЛГАН ЭЛ АРАЛЫК ЖАНА УЛУТТУК ЧЕН ӨЛЧӨМДӨ

**Узактыгы 2 академиялык саат – 90 мүнөт**
**2-сабак боюнча сабактын планы:**

1. Сабактын темасын жана максаттарын жарыялоо аркылуу көңүлдү бурдуруу - **2 мүн.**
2. 2.1-тема боюнча интерактивдик кичи-лекцияны өткөрүү – **18 мүн.**
3. 2.2-тема боюнча интерактивдик кичи-лекцияны өткөрүү – **20 мүн.**
4. 2.2-тема боюнча интерактивдик көнүгүү – тайпаларда бейнелер менен иштөө – **15 мүн.**
5. 2.3-тема боюнча интерактивдик кичи-лекцияны өткөрүү – **15 мүн.**
6. 2.3-тема боюнча интерактивдик көнүгүү – кичи тайпаларда иштөө – **15 мүн.**
7. 2-сабак боюнча окутуунун жыйынтыктарын жалпы чыгаруу – **5 мүн**.

***Ресурстар:***
- түстүү маркерлер;
- флипчарттар;
- скотч, жыгач такта;
- таркатуучу материалдар;
- проектору менен компьютер;
- интернет.

### 2-Сабак боюнча окутуунун жүрүшү

1. **Сабактын темалары жана максаттары менен тааныштыруу аркылуу көңүл бурдуруу – 2 мүн.**
2. **2.1-Тема боюнча интерактивдик кичи-лекция өткөрүү– 18 мүн.**

Тренер слайддарды колдонуу аркылуу презентация жасайт жана катышуучуларды эл аралык ченемдик-укуктук актылар менен тааныштырат:
- БУУнун Аялдарга карата басымрлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө Конвенциясы (АББЖК),
- № 19 Жалпы Сунуштама,
- АББЖК гендердик зомбулук жөнүндө № 35 жалпы тартиптеги эскертүүсү,
- БУУнун Аялдарга карата зомбулуктун тамырын кыркуу жөнүндө декларациясы (DEVAW),
- Европа Кеңешинин аялдарга карата зомбулуктун жана үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана күрөшүү жөнүндө конвенциясы (Стамбул конвенциясы).

Муну менен чогуу эле тренер катышуучулардын көңүлүн эл аралык контекстте колдонулган зомбулук «терминологиясынын» өзгөчөлүктөрүнө бурдурууга басым жасайт, дал ушул «гендердик зомбулук», «үй-бүлөлүк зомбулук», «тиричиликтик зомбулук», «аялдарга карата зомбулук» ж.б. ар башка өлкөлөрдүн мыйзамдарында кандай чагылдырылгандыгы тууралуу мисалдарды келтирип токтолуп өтөт.

Тренер андан ары угуучуларга кийинки суроолорду берет:

*«КРнын мыйзамдарында зомбулуктун аныктамасы кандайча аталат жана ал зомбулуктун кандай түрлөрүн камтыйт жана/же камтыбайт (дене бойлук, сексуалдык, психикалык, экономикалык)?*
*Бул аныктама негизги эл аралык актылардын жоболоруна дал келеби?»*
Талкуунун жыйынтыктары флипчартка жазылат.
«Актуалдаштыруу» усулун колдонуу менен тренер ушул негизги эл аралык актылардагы бул түшүнүктөрдүн аныктамасын бекемдейт жана флипчартка жазылган тайпалардын жоопторуна көңүл бурат, үй-бүлөлүк зомбулук терминине Кыргызстандын контекстинде көңүл бурат.

3. **2.2-темасы боюнча интерактивдүү кичи-лекцияны өткөрүү – 20 мүн.**
Тренер слайддарды презентациялоо аркылуу сунуш кылат:
- адам укуктарына негизделген жана зомбулуктун жабырлануучусуна багытталган ыкма;
- ыкманын жабырлануучунун муктаждыктары жана көйгөйлөрү маанилүү болуп эсептелген негизги концепциясын.
Негизги көңүлдү, жабырлануучулар үчүн эл аралык стандарттарга ылайык негизги адистештирилген кызмат көрсөтүүлөргө (тактап айтканда, Стамбул конвенциясына) жана жабырлануучулардын укуктарын коргоого бурдурат.
Андан нары тренер слайддардын презентациялары аркылуу кийинкилер менен кенен тааныштырат:
▪ АББЖК баяндалган стандарттар.
▪ Стамбул конвенциясында баяндалган стандарттар.

4. **2.2-Тема боюнча интерактивдүү көнүгүү – тайпаларда бейнелер менен иштөө – 15 мүн.**
Тренер катышуучуларды 4 тайпага бөлөт жана бейнелерди адам укуктарына негизделген жана АББЖК, Стамбул конвенциясында баяндалган стандарттарга ылайык анализдеп чыгууну сунуш кылат (4-тиркемени, №1-4-бейнелерди карагыла).
1-тайпа №1 бейнени анализдейт;
2-тайпа №2 бейнени анализдейт;
3-тайпа №3 бейнени анализдейт;
4- тайпа №4 бейнени анализдейт.
Тайпаларда иштегенден кийин ар бир тайпанын баяндоочулары презентацияларды жасашат жана суроо-жоопторго, жалпы талкуулоого өтүшөт.
Тренер жабырлануучунун кызыкчылыктарына жана адам укуктарына, АББЖК жана Стамбул конвенциясына негизделген үй-бүлөлүк зомбулук түшүнүгүн, эл аралык ыкмаларды бекемдөө аркылуу тайпада иштөөнүн жыйынтыгын чыгарат жана тайпада иштөөнүн жыйынтыгынын негизинде корутунду чыгарат.

5. **2.3-Тема боюнча интерактивдик кичи-лекцияны өткөрүү – 15 мүн.**
Тренер презентация аркылуу кийинки маалыматтарды берет:
- КРнын Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу чөйрөсүндөгү негизги эл аралык-укуктук милдеттери жөнүндө;
- белгиленген милдеттенмелерге КРга мезгилдүү обзорлордун жана мониторингдердин алкагында берилген сунуштамаларга мониторинг жүргүзүү куралдары жөнүндө, тактап айтканда КРга карата кийинки сунуштамалар жөнүндө:
а. АББЖК комитети,

b. БУУнун ар түрдүү комитеттери,
c. Универсалдуу мезгилдүү обзору,
d. Пекин декларациясы жана Аракеттер Платформасы,
e. 1325 Резолюциясы, ТӨМ жана БУУнун башка Комитеттери,

- КР тарабынан бул сунуштамаларга карата көрүлгөн чаралар, обзорлорду жана баяндамаларды берүүнүн мезгилдүүлүгү, ошондой эле аларды даярдоого мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын катышуусу.

Кыргызстан тарабынан өз милдеттерин аткаруу обзоруна өтүү менен тренер слайддарды презентациялоо аркылуу үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана күрөшүү боюнча мамлекеттин саясатын бекемдеп турган КРнын ченемдик-укуктук базаларынын жана стратегиялык документтеринин обзорун берет, анда негизги көңүлдү КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын, КРнын Кылмыш-жаза жана Кылмыш-жаза проссесуалдык кодекстеринин айланасына бурат.

Андан ары, тренер аталган мыйзамдардагы 2020-2022-жж. үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө ченемдерге, убактылуу коргоо ордеринин механимдерине, камакка алуу жөнүндө ченемдерди киргизүү жаатындагы катышуучулардын маалыматтары барбы аныктайт. Жооптордун баарын флипчартка жазат.

Андан ары, тренер слайддардан турган презентациялар аркылуу Кыргызстандагы үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууга, ага каршы аракеттерди көрүүгө, жабырлануучуларга жардам көрсөтүүгө жана кылмышкерлерди жазалоого катышуучу мамлекеттик органдар жана башка мамлекеттик жана мамлекеттик эмес институттар жөнүндө маалымат менен тааныштырат.

Тренер катышуучуларга кийинки суроолорду жана тапшырмаларды берет:

▪ Силер мамлекеттик жана мамлекеттик эмес институттардын үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана күрөшүү боюнча алып барып жаткан иштерин натыйжалуу деп эсептейсизби? Жоопторду алууда АББЖКдагы эл аралык стандарттарга жана Стамбул Конвенциясына, жабырлануучуга багытталган ыкмага шайкеш келүүгө багыттап жатасыздарбы?

▪ Кайсы органдар «алсыз звено» болуп жатат жана ал кайсы жагынан алсыз болуп жатат?

▪ Силер алардын өз ара аракеттенишүүсүнүн натыйжалуулугуна, мамлекеттик деңгээлдеги комплекстүү ыкманын бар экендигин жана/же жок экендигине кандай баа бересиңер?

▪ Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана күрөшүү кырдаалына карата мамлекеттик органдардын чара көрүүсүн жакшыртуу боюнча сунуштамаларды жана сунуштамаларды бергиле.

Катышуучулардын корутундуларын жана сунуштамаларын тренер флипчартка жазып белгилеп турат.

Андан кийин тренер катышуучуларга мамлекеттик органдардын иштөөсүнүн натыйжалуулугу боюнча КРдагы жарандык коом уюмдары тарабынан сунуш кылынган корутундулар жана сунуштамалар менен таанышып чыгууну сунуштайт (5-тиркемени карагыла). Жалпы талкуулоо жана катышуучулардын, алардын сунуштарын жана жарандык коомдун өкүлдөрүнүн бирдиктүү позицияларын жана көз караштарын белгилөө.

6. **2.3-Тема боюнча интерактивдүү көнүгүү – кичи тайпаларда иштөө – 15 мүн.**

Тренер катышуучуларды 3 тайпага бөлөт жана гендердик саясат жана үй-бүлөлүк зомбулук суроолору боюнча эл аралык уюмдар тарабынан Кыргызстанга берилген сунуштамаларды анализдөөнү сунуш кылат. Тайпалар сунуштамаларды талкуулоосу керек жана мамлекеттик органдарга аларды колдонуу боюнча өз сунуштамаларын берүүлөрү зарыл (мисалы, мыйзамга

өзгөртүү киргизүү зарылдыгы, кошумча ЧУА, стратегиялык документтерди иштеп чыгуу, мамлекеттик же мамлекеттик институттарды түзүү, өз ара аракеттенишүүнү күчөтүү жөнүндө ж.б.). Ар бир тайпа сунуштамаларды аткаруу боюнча мамлекеттик органдар үчүн өз сунуштамаларын презентациялоолору керек.

1-тайпа АББЖК сунуштамаларын анализдейт (6-Тиркемени карагыла).
2-тайпа Универсалдык Мезгилдүү Обзордун Сунуштамаларын анализдейт (7-Тиркеме).
3-тайпа БУУнун Кыйноолорго каршы комитетинин, БУУнун Балдардын иштери боюнча комитетинин, БУУнун Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча комитетинин, БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин, БУУнун Калкты жайгаштыруу фондунун ЮНФПА Сунуштамаларын анализдейт (8-тиркемени карагыла).
Тайпалардын презентацияларынан кийин тренер жалпы талкууга өтөт, негизги көңүлдү тайпалардын жалпы сунуштамаларына бурууга басым жасайт, тайпалардын жалпы сунуштамаларын бириктирет жана алар кайсы мамлекеттик органдарга даректелгендиги боюнча топтоштурат.

7. **2-сабак боюнча окутуулардын жалпы жыйынтыктарын чыгаруу – 2-5 мүн.**
Тренер аудиториянын алдына кийинки суроолорду коёт:
- Силер кандай жаңы нерселерди биле алдыңар?
- Силер кандай көндүмдөргө ээ болдуңар?
- Силер бул тажрыйбаны кандайча колдоно алат элеңер?
Тренер жаңы түшүнүктөрдү өздөштүрүү боюнча жетишилген максаттар, милдеттер жөнүндө корутундуларды чыгаруу менен модулдун жалпы жыйынтыктарын чыгарат жана тайпалардын Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарына үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууну жана күрөшүүнү жакшыртуу боюнча сунуштамалары жана жалпы корутундулары менен аяктайт.

## 3-САБАК: АЯЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУКТАН ЖАНА ТИРИЧИЛИКТИК (ҮЙ-БҮЛӨЛҮК) ЗОМБУЛУКТАН КОРГООНУН МЕХАНИЗМИ

**Узактыгы 4 академиялык саат (3 саат)**

**3- сабак боюнча окутуунун планы:**

1. 3.1 жана 3.2-тема боюнча сабактардын планы – 1 с.30 мүн.
2. 3.13 жана 3.4-тема боюнча сабактардын планы – 1 с.30 мүн.

**3.1. жана 3.2-темалар боюнча окутууну өткөрүүнүн планы – 2 акад. саат (1 с. 30 мүн.):**

1. Семинардын катышуучуларынын көңүлүн бурдуруу - **5 мүн.**
2. Катышуучулар менен чогуу сабактардын темасына, тема боюнча билимдерди актуализациялоого киришүү - **10 мүн.**
3. 3.1-тема боюнча интерактивдик кичи лекция өткөрүү – **15 мүн.**
4. 3.1-тема боюнча кичи тайпаларда иштөө - **20 мүн.**
5. 3.2-тема боюнча интерактивдик кичи лекция өткөрүү – **15 мүн.**
6. 3.2-тема боюнча кичи тайпаларда иштөө - **20 мүн.**
7. Сабактардын жыйынтыктарын чыгаруу - **5 мүн.**

***Ресурстар:***

- түстүү маркерлер;
- флипчарттар;
- скотч, доска;
- түстүү стикерлер;
- таркатуучу материалдар;
- проектору менен компьютер;
- интернет.

**3.1 жана 3.2-темалар боюнча сабактын жүрүшү**

**1. Катышуучулардын көңүлүн бурдуруу – 5 мүн.**

Катышуучулардын көңүлүн бурдуруунун алкагында 3.1 жана 3.2-темаларды көрсөтүлгөн темаларды өздөштүрүүнүн жүрүшүндөгү негизги милдеттер жана күтүлүүчү жыйынтыктар катары жарыялоо сунуш кылынат.

**2. Катышуучуларды тренингдин тематикасына сабакка, темалар боюнча билимдерди актуалдаштырууга киргизүү – 10 мүн.**

Катышуучуларды 3.1 жана 3.2-темаларга киргизүү үчүн аларга кийинки суроолорду берүү сунуш кылынат:

*«Сиз кандай деп ойлойсуз, Кыргызстанда үй-бүлөлүк (тиричиликтик) зомбулуктун жабырлануучусу болгон аялдарды коргоонун механизми канчалык деңгээлде натыйжалуу болуп эсептелет? Өзүңүздүн пикириңизди негиздесеңиз.»*

*«Сиз Кыргызстанда үй-бүлөлүк (тиричиликтик) зомбулуктун жабырлануучусу болгон аялдарды коргоонун механизмин ишке ашырууда кандай көндүмдүк кыйынчылыктады атап бере аласыз?*

*«Сиздин пикириңиз боюнча үй-бүлөлүк (тиричиликтик) зомбулуктун жабырлануучусу болгон аялдардын укугун жана эркиндигин камсыздоо менен жагдай канчалык оор болуп саналат?*

Аудиторияга, анын темага кириптерлендигине/өңүттөлүшүнө байланыштуу, тренер сунушталган маселелердин бирин же бир нечесин колдонушу мүмкүн, ошондой эле окутуу жагдайдын өзгөчөлүгүнөн аларды өзгөртүшү ыктымал. Бул суроолор катышуучулардын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аялдарды зомбулуктан коргоо бөлүгүндө кандай укуктук ыкмалар жана каражаттар караштырылгандыгы жөнүндөгү билимдерин актуалдаштырууга арналган.
*Үй-бүлөлүк (тиричиликтик) зомбулуктун жабырлануучусу болгон аялдарды коргоонун механизмин ишке ашыруудагы кыйынчылыктар тууралуу маселе боюнча* катышуучулар өзүнүн пикирин/элестетүүсүн айткандан кийин тренерге кийинки суроону берүү сунушталат:
*«Үй-бүлөлүк (тиричиликтик) зомбулуктун жабырлануучусу болгон аялдарды коргоо мыйзамдык деңгээлде өтө үлгүлүү ишке ашырылып жаткан мамлекеттер Сизге белгилүүбү?»*
Бул суроону берүү үй-бүлөлүк (тиричиликтик) зомбулуктун жабырлануучусу болгон аялдарды коргоо бөлүгүндө катышуучулардын чет өлкөлүк көндүмдөр тууралуу билими кандай экенин түшүнүүгө зарыл. Ошентип, катышуучулардын билимдерин актуалдаштыруу аркылуу тренер Кыргызстанда аялдарды коргоо тутуму тууралуу аныктап, ошондой эле катышуучулардын чет өлкөлүк көндүмдөр боюнча маалымдуулуктарын баалап алыщы мүмкүн.
Катышуучулардын жоопторун фиксациялоого кайсы болбосун ыңгайлуу жана алгылыктуу тариздө жол берилет.
Мындан кийин тренер мини-лекция алкагында катышуучуларга эл аралык стандарттар жана чет өлкөлүк көндүмдөр менен таанышууну сунуштайт.
Бул суроо боюнча ар тараптуу суроолор бериле тургандыгы күтүлөт, бул болсо жол ачат:
*«Сизге, аялдарды үй-бүлөлүк (тиричиликтик) зомбулуктан мыйзамдык деңгээлде коргоону эң мыкты ишке ашырган мамлекет белгилүүбү?*
Бул суроо катышуучулардын, аялдарды үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулуктан коргоо бөлүгүндөгү учурдагы эл аралык тажрыйбалар жөнүндөгү билимдери кандай экендигин билүү максатында зарыл болуп саналат.
Мына ошентип, катышуучулардын билимдерин актуалдаштыруу аркылуу тренер Кыргызстандагы аялдарды зомбулуктан коргоонун учурдагы системасы жөнүндө бар билимдерин аныктай алат, ошондой эле катышуучулардын чет өлкөлүк тажрыйбаларга байланыштуу маалыматтуулуктарына дагы баа бере кетет. Тренер мындан кийин катышуучуларга кичи-лекциянын алкагында эл аралык стандарттар жана чет элдик тажрыйбалар жөнүндө маалыматтар менен таанышууну сунуш кылат.

**3. 3.1-темасы боюнча интерактивдүү кичи-лекцияны жүргүзүү – 15 мүн.**

Кичи-лекцияны жүргүзүү үчүн тренерге (Power Point) презентациясын колдонуу сунуш кылынат, анда кийинкилерге байланыштуу суроолор ырааттуулук менен баяндалат:
a. аялдарды үй-бүлөлүк (тиричиликтик) зомбулуктан коргоонун эл аралык стандарттары;
b. ыкчам тыюу салуу (ebos) жөнүндө буйруктар жана узак мөөнөттүү коргоо буйруктары жөнүндө түшүнүктөр жана алардын мазмуну менен;
c. тобокелчиликтерди баалоо протоколдору түшүнүгү жана мазмуну менен;

d. аялдарды үй-бүлөлүк (тиричиликтик) зомбулуктан коргоонун натыйжалуу механизмдерин колдонууну чагылдырган эң мыкты чет өлкөлүк тажрыйбалардын мисалдары менен;
Презентация лекцияны интерактивдик форматта окууга жол ачат, анын алкагында катышуучулар суроолорду бере алышат жана өзүнчө суроолор боюнча кыскача жалпы талкуулоого катыша алышат.

**3.1-темасы боюнча кичи тайпаларда иштөө - 20 мүн.**

Бул «кичи тайпаларда иштөө» темасындагы практикумду өткөрүү үчүн тренерге эки вариант сунушталат, аудиторияга байланыштуу жана анын тандаганы боюнча.

***1-чи вариант:***
Бейне менен иштөө үчүн катышуучуларды үч кичи тайпага бөлүү сунуш кылынат. Ар бир тайпага аялдарга карата үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулукту аныктоонун жана алдын алуунун алгоритмин түзүү сунуш кылынат:
Тайпаларда иштөө үчүн тапшырмалар:
1-тайпа – аялдарга карата үй-бүлөлүк (тиричиликтик) зомбулукту аныктоонун жана алдын алуунун алгоритмин эл аралык стандарттар көз карашынан түзүү.
2-тайпа - аялдарга карата үй-бүлөлүк (тиричиликтик) зомбулукту аныктоонун жана алдын алуунун алгоритмин эң мыкты чет өлкөлүк тажрыйба көз карашынан түзүү.
3-тайпа – аялдарга карата үй-бүлөлүк (тиричиликтик) зомбулукту аныктоонун жана алдын алуунун алгоритмин Кыргыз Республикасынын мыйзамдары көз карашынан түзүү.
№1 жана №2 тайпалар тапшырманы аткаруу процессинде лекция учурунда алган маалыматты колдонуусу күтүлөт, ал эми 3-тайпа – тапшырманы аткаруу учурунда аларда бар маалыматты колдонушат. №3 тайпада кетирилген так эместиктер (алар бар болсо), 3.2-теманы караштыруунун жүрүшүндө оңдолуп түздөлүүсү мүмкүн.
Топтук жумуштун жыйынтыктарын флипчарка жаздырып презентация кылдыруу жана андан нары жалпы талкуулоо менен коштоо сунуш кылынат.

**3.1-тема боюнча кичи-тайпаларда иштөө үчүн бейне:**
*А. Бишкектин четинде Ж. менен никеде жашайт, ортолорунда 5 баласы бар (баары кыз). А. эркек бала төрөп бере алган жок, бул болсо Ж.ны абдан ачуулантат. Ал А.ны үзгүлтүксүз түрдө басынтып келет, урушат, кээде урат. Ж. таксист болуп иштейт, А. болсо балдарды тарбиялайт. Эң улуу кызы – 10 жашта, эң кичүүсү болсо – 1 жашта. А. күйөөсү Ж.нын башка аялы бар экенин билип калды, айтылган аңыз-кептер боюнча ага эркек бала төрөп берген имиш. Мамилелерди ачыктоонун жүрүшүндө Ж. А.ны бир нече жолу чаап жиберди, мындан соң А. үйдөн кетип калды. А. колго көтөрө турган буюмдарын чогултту (өзүнүн жана балдарынын) жана Бишкекке кетип калды, ал жерде таанышынын жайкы үйүн бир айга ижарага алды. Үй-бүлөлүк зомбулук фактысы боюнча милицияга кайрылган жок. А.нын улуу кыздары жашаган жери боюнча мектепке барышчу, а Бишкекте алар мектепке барышпайт. Анын кичүү кыздары болсо, мектепке чейинки мекемеге барышпайт. Бишкекте бир жумача жашагандан кийин А. убактылуу жашаган дареги боюнча эки улуу кызын мектепке киргизүү сураныч менен кайрылды.*

***2-чи вариант:***
Катышуучуларды эки кичи тайпага бөлүү сунушталат.
*1-га группа үчүн тапшырма*: Схема түрүндө үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулук фактысына ыкчам таасирденүүнүн тутумун көрсөтүп берүү.
*2-чи группа үчүн тапшырма*: Схема түрүндө зомбулуктун жабырлануучусу менен үй-бүлөгө көрсөтүлө турган узак мөөнөттүү жардамдын тутумун көрсөтүп берүү.
Тайпалык иштөөнүн жыйынтыгын флипчартта тариздөө, кийинки презентация жана талкулоо сунушталат.
Кичи тайпаларда иштөөнүн бул варианты үй-бүлөлүк (тиричиликтик) зомбулукка каршы улуттук механиздин кемчиликтерин көрсөтмө/визуалдуу көрүүгө мүмкүнчүлүк берет.

***3.2-темасы боюнча интерактивдик кичи-лекция өткөрүү – 15 мүн.***
Кичи-лекция өткөрүү үчүн тренерге (PowerPoint) презентациясын колдонуу сунуш кылынат, анда кийинкилерге байланыштуу суроолор ырааттуулук менен баяндалып берилет:
a. биринчи байланышуу субьектилери түшүнүгү жана алар жөнүндө;
b. зомбулуктун жабырлануучусу менен биринчи байланышууда көрүлүүчү чаралар жөнүндө;
c. зомбулукка кабылган аялдар жана балдар менен биринчи байланышуу эрежелери жөнүндө;
d. укуккка каршы аракеттин издерин фиксациялоо жөнүндө;
e. убактылуу коргоо ордерин берүүнүн тартиби жөнүндө;
f. убактылуу коргоо ордерин көзөмөлдөө жөнүндө;
g. баш калкалоочу жай издөө жана берүү жөнүндө.

Презентация лекцияны интерактивдик форматта жүргүзүүгө жол ачат, анын жүрүшүндө катышуучулар суроолорду беришсе болот жана өзүнчө бир суроолор боюнча кыскача жалпы талкуулоого катыша алышат.
Тренерге, анын презентациялык материалдарына, катышуучуларга суроолорду берүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү опцияларды киргизүү сунушталат, мисалы, бул же тигил органдардын ыйгарым укуктары жана милдеттери тууралуу, андан кийин аларга туура жоопторду демонстрациялоо.
Катышуучулардын кызыкчылыгын/көңүлүн ойготуу үчүн провокациялык суроолорду колдонуу сунушталат, алар катышуучуларды кыска талдоого кириптер кылышат жана алардын эмоциялык мамилесин шарттайт.

**3.2-темасы боюнча кичи тайпаларда иштөө – 20 мүн.**

Бул «кичи тайпаларда иштөө» темасындагы практикумду өткөрүү үчүн тренерге эки вариант сунушталат, аудиторияга байланыштуу жана анын тандаганы боюнча.

***1-чи вариант:***
Катышуучуларды кичи тайпаларга бөлүү сунуш кылынат:
1-тайпа – ички иштер органдарынын кызматкерлери;
2-тайпа – саламаттыкты сактоо мекемелеринин кызматкерлери;
3-тайпа – билим берүү мекемелеринин кызматкерлери;
4-тайпа – социалдык коргоо органдарынын кызматкерлери;
5-тайпа - адвокаттар.

Ар бир тайпага аларга бөлүнүп берилген субьектилерге тиешелүү кийинки таблицаны толтуруу сунуш кылынат:

| | | |
|---|---|---|
| Биз үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан аял (бала) кайрылган учурда эмне кылышыбыз керек? | Биз үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан аял (бала) кайрылган учурда ага кандай мамиле кылуубуз зарыл? | Биз үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан аял (бала) кайрылган учурда ким менен өз ара аракеттенишибиз керек? |

Бул таблицаны толтуруу кичи-тайпанын ичиндеги талкуулоонун жүрүшүндө кичи-лекциянын материалдары боюнча, ошондой эле катышуучуларда бар башка маалыматтар боюнча дагы ишке ашырылат. Тапшырма аялдарды үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулуктан коргоо боюнча Кыргызстанда учурда иштеп жаткан маалыматтарды систематизациялоо жана түзүмдөштүрүү үчүн арналган.

***2-чи вариант:***
Тренерге окуу залында алдын ала 17-флипчартты илип коюу, алардын ар бирине Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамына ылайык үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулук менен иш алып барган ыйгарым укуктуу 17 субъекттин аталышынын бирин жазып коюу сунушталат.
Андан ары, катышуучуларды 4 тайпага бөлүп, ар бир тайпага стикерлердин бирдей түстөгү (бир тайпа=стикердин бир түсү) бир пачкасын таратуу керек. Катышуучуларды аралаштыруу, бир тайпада бир ведомствонун же органдын адамдары басымдуурак болуп калбагандай кылып.
*Ар бир тайпага тапшырма: Ар бир тайпа өзүнүн түстүү стикеринде 17 органдын ыйгарым укуктарын жазып чыгуусу керек.*
Көнүгүү убакытка жана стикерлердин санына карата жүргүзүлөт. Көнүгүү жарышуу мүнөздүү. Көнүгүүнүн аягында тренер жазууларды окуйт жана стикерлерди саны боюнча эсептейт. Кайталанган, тайпаларда органдардын жазылган ыйгарым укуктары дал келишкен, Көнүгүүнүн жыйынтыгы боюнча «жеңишке достук ээ болот!».
Тапшырманы аткарууда катышуучулар Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамын да жана андан келип чыккан мыйзам алдындагы ченемдик укуктук актыларды, ошондой эле 17 субъектин ар биринин атайын мыйзамдарын изилдеп чыгышат, муну менен өз ара окуунун жана көндүмдөр менен алмашуу процесси жүрөт.

**7. Сабактардын жыйынтыгын чыгаруу - 5 мүн.**
Сабактын жыйынтыктарын чыгарууда катышуучуларга кийинки суроолорду берүү сунуш кылынат: *«Учурда бар механизмдердин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн аялдарды үй-бүлөлүк (тиричиликтик) зомбулуктан коргоонун кандай эл аралык стандарттарын Кыргызстандын мыйзамдарына жана иш тажрыйбасына киргизүү керек?*
Бул суроону талкуулоо аркылуу 3.1 жана 3.2-темаларын кароонун жүрүшүндө алынган негизги жоболор жана маалыматтар бекемделет.

**3.3 жана 3.4-темалар боюнча сабактарды өткөрүүнүн планы - 2 акад. саат (1с. 30мүн.):**

1. 3.3 жана 3.4-темаларды жана алардын максаттарын жарыялоо аркылуу көңүл бурдуруу **– 2 мүн.**
2. 3.3 жана 3.4-темалар боюнча колдо бар билимдерди З/Х/У усулу менен актуалдаштыруу– **5 мүн.**
3. 3.3-темасы боюнча интерактивдик сабак өткөрүү - **20 мүн.**

А) «Акыл-эс чабуулу» усулу боюнча «көнүгүү» - «укуктук ченемди талкуулоо» **- 5 мүн.**

Б) Power Point **(15 мүн.)** компьютердик презентациясын колдонуу менен Кыргызстандын мыйзамдары боюнча убактылуу коргоо ордерин берүүнүн, узартуунун тартиби жана бул аракеттерден баш тартуунун үстүнөн даттануу жөнүндө кичи-лекция.

4. 3.3-темасын «Кластер» усулу менен бекемдөө боюнча практикум- **15 мүн.**
5. 3.4 темасы боюнча интерактивдик лекция жүргүзүү – **20 мүн.**

А) «Акыл-эс чабуулу» усулу боюнча «көнүгүү» - «укуктук ченемди талкуулоо» **- 5 мүн.**

Б) Power Point **(15 мүн.)** комьютердик презентациясын колдонуу менен үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусунун Кыргызстандын мыйзамдарына ылайык, укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн сотко кайрылуу укугу жөнүндө кичи-лекция.

5. Жекече иштөө жана кичи-тайпаларда иштөө усулун колдонуу менен 3.4-теманы бекемдөө боюнча практикум - **15 мүн.**
6. З/Х/У үчүнчү графасын жыйынтыктап толтуруу– **10 мүн.**
7. 3.3 жана 3.4-темалары боюнча кичи сабактардын жыйынтыктарын чыгаруу– **3 мүн.**

**3.3-3.4-темалар боюнча сабактын жүрүшү**

**1. 3.3-3.4-темаларын жана алардын максаттарын жарыялоо боюнча көңүл бурдуруу – 2 мүн.**

**2. З/Х/У аркылуу тема боюнча билимдерди актуалдаштыруу - 5 мүн.**

Муну үчүн ар бир катышуучуга 2-3 мүн. ичинде биринчи эки колонканы төмөндө келтирилген графикалык уюштуруучуну колдонуу менен 5-6 ачык суроолорду коюу аркылуу өз алдынча толтуруу сунушталат, т.а., анда 3.3-3.4-темалар боюнча анын кандай билимдери бар жана алар кандай жаңы нерселерди билүүнү, же кайталоону каалашарын жазып көрсөтүүлөрү зарыл. Мындан соң, 2 мүн. ичинде катышуучулар экиден жуп-жубу менен ой пикирлерин алмашышат, андан кийин ар бир жуп, ар бир колонкадан бирден идеяны айтышат. Бардык айтылган идеялар флипчартка жазылат, андан соң 3.3-3.4-темалар боюнча кичи сабактардын аягына чейин сакталып турат.

| № | БИЛЕМ | БИЛГИМ КЕЛЕТ | БИЛДИМ |
|---|---|---|---|
| 1. | | | |
| 2. | | | |
| 3. | | | |
| 4. | | | |
| 5. | | | |

1. **3.3-темасы боюнча интерактивдик лекция жүргүзүү – 20 мүн.**

***А) «Көнүгүү» - 5 мүн.*** Лекциялык сабактын баштапкы этабында КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын ченемдерин (28-бер. 8-бөл.) түшүнүүнү аныктап алуу зарыл. Муну үчүн «Акыл-эс чабуулу» аркылуу аудиторияга кийинки суроону берип, ченемдин маанисин аныктап алуу сунушталат:

*«Силер КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын - «Убактылуу коргоо ордерин берүү, узартуу же бул аракеттерди аткаруудан баш тарткан учурда прокуратурага же сотко даттанылат» (27-бер.8-б.) деген ченемин кандай түшүнөсүңөр?*
Бардык алынган жооптор флипчартка жазылат.
**Б)** Power Point компьютердик презентациясын колдонуу аркылуу кичи-лекцияда Кыргызстандын мыйзамдары боюнча убактылуу коргоо ордерин берүү, узартуу же бул аракеттерди аткаруудан баш тарткан учурда тиешелүү кызмат адамынын үстүнөн даттануунун тартиби жөнүндө жалпы маалыматтарды берүү ***(15 мүн.).***

**3.3-темасын «Кластер» усулу менен бекемдөө боюнча практикум - 15 мүн.**
«Кластер» усулу аркылуу КРнын мыйзамдарына ылайык убактылуу коргоо ордерин берүүнүн, узартуунун жана бул аракеттерди аткаруудан баш тартуунун үстүнөн даттануу тартибинин негизги этаптарын аныктоо.
Муну үчүн катышуучулар 2 тайпага бөлүнүшөт:
- **1-тайпа үчүн тапшырма: сотко** даттануунун тартиби;
- **2-тайпа үчүн тапшырма: прокуратурага** даттануунун тартиби.
Башында аудитория экиден жуп болуп 5 мүнөттүн ичинде өз алдынча иштеп, даттануу тартибинин этаптарын өзүнчө класстерлер түрүндө дептерге түшүрүү сунушталат. Андан кийин ар бир жуп өз тайпасынын ичинде тапшырмага ылайык даттануу тартиби боюнча жалпы схеманы (чечим чыгаруунун бардык жолун) анда кездеше турган бардык тоскоолдуктарды эске алуу менен иштеп чыгышат; ырааттуулугун аныктоо үчүн ар бир этапты номурлап жүрүп олтуруу сунушталат.
Аяктагандан кийин ар бир тайпа өз жумуштарын презентациялашат.

**3.4-тама боюнча интерактивдик лекция өткөрүү – 20 мүн.**
***А) «Көнүгүү» - 5 мүн.*** лекциялык сабактын баштапкы этабында КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 30-беренесинин ченемдерин түшүндүрүп алуу керек. Муну үчүн «Акыл-эс чабуулу» усулун колдонуу аркылуу аудиторияга кийинки суроону коюу аркылуу ченемдин маанисин аныктоо сунуш кылынат:
*«Бул укук пайда болгон кезде, бул укук менен кайсы учурдан баштап колдонгонго болот?*
Бардык алынган жыйынтыктар флипчартка жазылат.
**Б)** Power Point компьютердик презентациясын колдонуу менен кичи-лекцияда Кыргызстандын мыйзамдары боюнча үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларынын укуктары жөнүндө, өз укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн сотко кайрылуу жөнүндө жалпы маалыматтарды берүү ***(15 мүн).***
**6. 3.4-темасын жекече иштөө усулу жана кичи тайпаларда иштөө усулу менен бекемдөө боюнча практикум - 15 мүн.**

Бул үчүн катышуучуларга кийинки тапшырма экранга чыгарылып коюлат:
*«Эл аралык стандарттардын негизинде КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 30-беренесинде караштырылганга ылайык сотко кайрылуу укугун ишке ашыруу процедурасынын оң жана терс тараптарын аныктагыла».*
Бул үчүн ар бир катышуучуга, ар түрдүү түстөгү стикерлер таратылат, ага ар бир катышуучу мисалы мындай деп жазат, жашыл стикерлерге бул процедуранын «оң» тараптарын жана кызыл стикерлерге - «терс» тараптарын жазышат. Андан кийин аудитория 5 кичи тайпаларга бөлүнүшөт,

иштин жыйынтыгында ар бир тайпа биргелешип аткарган иштерин флипчарт аркылуу алып чыгышып, чогуу презентациялашат.

**З/Х/У графасын аягына чейин толтуруу** – **10 мүн.**

Беш кичи тайпанын ичинде З/Х/У таблицасын аягына чейин толтуруусу үчүн 5 мүнөт берилет. З/Х/У таблицасын биргелешип толтурууну аяктоо үчүн ар бир тайпадан флипчартка жазылган үчтөн идеяны презентациялоо **5 мүн.**

**Модулдун жыйынтыктарын чыгаруу** – **3** ***мүн.***

Жыйынтыктарды чыгарууда З**/Х/У таблицасынын** толтурулган жыйынтыктарын колдонуу менен, сабак процессинде булар максатына жеттиби же жокпу биргелешип талкуулоо жолу менен аныктоо жана 3.3-3.4-сабактарынын максаттарына жана «көнүгүү» боюнча флипчарттарга кайрылып келүүгө болот.

## 4 САБАК: КЫЛМЫШ-ЖАЗА СОТ АДИЛЕТТИГИНИН ЧАРАЛАРЫ

**Узактыгы 4 академиялык саат (3 саат)**

**4-Сабак боюнча окутууну жүргүзүүнүн планы**

1. 4-сабактын темасын жана максаттарын жарыялоо жолу менен көңүл бурдуруу – **2 мүн.**
2. 4-сабак боюнча учурда алган билимдерди «Акыл-эс чабуулу» усулу менен актуалдаштыруу – **10 мүн.**
3. 4.1-тема боюнча интерактивдик лекция жүргүзүү - **25 мүн.**

А) «Ассоциация» усулу аркылуу «көнүгүү» - **5 мүн.**

Б) «Сотко чейинки өндүрүш: иликтөө жана далилдерди чогултуу (эл аралык стандарттар жана Кыргызстандын мыйзамдары) 4.1-тема боюнча Power Point компьютердик презентацияны колдонуу менен кичи-лекция» - **20 мүн.**

4. «Бейне» усулу аркылуу 4.1-темасын бекемдөө боюнча практикум- **30 мүн.**
5. 4.2-темасы боюнча интерактивдик лекция жүргүзүү - **25 мүн.**

А) «Үй-бүлөлүк зомбулук иштери боюнча квалификациялоо көйгөйү» суроосу боюнча «Ассоциация» усулу аркылуу «көнүгүү» - **5 мүн.**

Б) «Соттук териштирүү: кылмыштардын колдонулуучу курамдары (эл аралык стандарттар жана Кыргызстандын мыйзамдары)» 4.2-тема боюнча компьютердик презентацияны колдонуу менен кичи-лекция» - **20 мүн.**

6. «Бейне» усулу аркылуу 4.2-теманы бекемдөө боюнча практикум- **30 мүн.**
7. 4.3-темасы боюнча интерактивдик лекция өткөрүү - **20 мүн.**

А) «Акыл-эс чабуулу» усулу аркылуу «көнүгүү» - «Жабырлануучулар менен иштөөнүн өзгөчөлүктөрү жөнүндө» - **5 мүн.**

Б) «Үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучулары жана күбөлөр менен өз ара аракеттенишүү (эл аралык стандарттар жана Кыргызстандын мыйзамдары)» деп аталган 4.3-темасы боюнча Power Point компьютердик презентацияны колдонуу менен кичи-лекция» - **15 мүн.**

8. «Ролдук оюн» усулу аркылуу 4.3-темасын бекемдөө боюнча практикум - **30 мүн.**
9. 4-сабактын жыйынтыктарын чыгаруу - **8 мүн.**

***Ресурстар:***

- түстүү маркерлер;
- флипчарттар;
- скотч, доска, түстүү стикерлер;
- таркатуучу материалдар;
- проектору менен компьютер.

**4-сабактын жүрүшү**

**1. Семинардын катышуучуларынын көңүлүн бурдуруу– 2 мүн.:**

- Катышуучуларды 4-сабактын темасын, максаттары жана милдеттери менен тааныштыруу.
- Катышуучуларды сабактардын планын жана катышуучуларга карата талаптары менен тааныштыруу.

**2. Катышуучуларды 4-сабактын темасы менен тааныштыруу – 10 мүн.**

«Акыл-эс чабуулу» интерактивдик усулун колдонуу аркылуу тренер билимдерди актуалдаштыруу үчүн семинардын катышуучуларын кунт коюп көңүл бурууга багытташы керек. Муну үчүн катышуучуларга кийинки суроо берилет, ал флипчартка жазылып коюлат:

*«Силер үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларынын соттук, сотко чейинки (тергөө) жана сот стадияларындагы укуктары менен байланыштуу кандай эл аралык жана улуттук стандарттарды билесиңер?».*

Бардык айтылган ой пикирлер флипчартка жазылат жана семинардын катышуучуларынын баарына көрүнүп турушу керек. Тренер көбүрөөк так жана кыска жазуу үчүн алардын ой пикирлерин кайталоону же дагы бир жолу тактап коюуну сурана алат, бирок эч качан сүйлөмдүн маанисин бузбайт, ага карата өз туюнтмасынын вариантын таңуулабайт.

**3. 4.1-темасы боюнча интерактивдик кичи-лекция өткөрүү – 25 мүн.:**

А) «Ассоциация» усулун колдонуу аркылуу «көнүгүү» - **5 мүн.**

Лекциялык сабактын баштапкы этабында үй-бүлөлүк зомбулук окуяларына карата «тиешелүү сактык» эл аралык стандартын жана аны менен байланыштуу башка негизги түшүнүктөрдү чечмелеп берүү керек. Муну үчүн «Ассоциация» усулу аркылуу бул стандарттын аныктамасын тактоо сунушталат. Аудиториянын алдына мындай суроо коюлат:

*«Тиешелүү сактык» стандарты жана «ex officio» куугунтуктоосу (ачык айыптоо тартиби) сыяктуу түшүнүктөр Силерде үй-бүлөлүк зомбулук иштери боюнча кандай ассоциацияларды пайда кылат?»*

Муну аткаруу үчүн эки флипчартта төмөндө келтирилген схема сунуш кылынат, алардын так ортосуна тиешелүү эки термин жазылат: бир флипчартта – «тиешелүү сактык» стандарты, а экинчисинде - «ex officio». Куугунтуктоосу. Бардык айтылган идеялар четтериндеги шакекчелерге жазылат.

Алынган ассоциациялардын негизинде аудитория менен чогуу бардык идеяларды жазып бүткөндөн кийин, «тиешелүү сактык» стандартынын жана «ex officio» куугунтуктоосунун аныктамасы чыгарылат.

Б) Кичи-лекцияларды, слайддар презентациясын, ошондой эле «Суроолор-жооптор», «Акыл-эс чабуулу» сыяктуу интерактивдик усулдарды колдонуу аркылуу, тренер кийинки суроолор боюнча «Эл аралык стандарттар/КРнын мыйзамдары» схемасы боюнча теориялык материалдар менен тааныштырат **(мүн.):**

a. иликтөө жана соттук куугунтуктоо.
b. далилдерди чогултуу.
c. Мурунку сексуалдык жүрүм-турумунун далилдери жана соттук медициналык далилдер.

**4. «Бейне» усулу аркылуу 4.1-темасын бекемдөө боюнча практикум:**

Тренер тренингдин катышуучуларын 4 кичи тайпага бөлөт. Кичи тайпалардагы жумуш 4.1-тапшырмасындагы бейнени иш жүзүндө чечмелөө боюнча жүргүзүлөт. Ар бир кичи тайпага берилген тапшырманын чечилишин белгилөө үчүн флипчарттар жана маркерлер бөлүнүп берилет. Корутундуларды чыгаруунун бардык ыкмаларына уруксат берилет. Ар бир тайпа өз корутундуларын презентациялашат. Ар бир тайпа бейненин шарттарын кийинки көз караштардан анализдеп чыгышат:

1-тайпа - «Адвокат» катары;

2-тайпа - «ИИОнун кызматкери» катары;

3-тайпа – «Прокурор» катары;
4-тайпа – «Судья» катары.

Тайпалардын баары презентациясын аяктаган соң тренер кыскача комментарийлерди берет.

***4.1-тапшырмасы. Практикалык бейне***

*«Жаран А. өзүнүн аялы жаран Б.га карата өлтүрөм деп коркутууну, дене бойлук жана сексуалдык зомбулукту жасагандыгы боюнча айыпталып жатат, бирок ал айыптардын баарын четке кагууда. Жаран Б. күйөөсү жаран А. менен ажырашты жана эми балдары менен жалгыз жашайт. Мурун үй-бүлөдөгү зомбулук жөнүндө арыздар түшчү, бирок алардын биррөөндө дагы ушул иш боюнча коюлган айыптоолор сыяктуу олуттуу эмес болчу. Мурунку окуялардын бирөөсүндө жаран А.га айып салынган жана ага карата бардык коюлган айыптар алынып салынган. Ошентип мурунку иштерде жаран Б. дайыма күйөөсү жаран А.га кайтып барчу.*

*Жаран Б. көрсөтмө бергенден кийин, сотто жаран А. менен жаран Б.нын ортосунда кайрадан беттештирүү болду. Укук коргоо органдары тарабынан жасалып өткөрүлгөн менен, анын берген көрсөтмөлөрүнүн жана айткандарынын ортосунда айрым шайкеш келбестиктер пайда болууда, ушундан улам коргоочу адвокат ага сыноочу жана багыттоочу суроолорду берүүдө. Акыры, ал көзүнө жаш алып, өзүнүн күйөөсүнө каршы көрсөтмө бербөө укугунан колдонууну каалап жаткандыгын айтты. Башка далилдер жок болгондуктан, кыскача талкуулоодон кийин сот жаран А.ны актаган».*

***4.1-тапшырмасына карата суроолор:***

1. Бул окуяда эмнени башкача кылуу керек эле?
2. Иликтөөнүн жүрүшүндө жеткиликтүү далилдер чогултулду беле?
3. Чындыгында эле бул фактылардын башка күбөлөрү жок беле?
4. Жаран Б.ны милицияда суракка алып жаткан учурда эмне талаптагыдай болгон жок?
5. Эгерде жаран Б.га адвокат же консультациялык борбор өкүлчүлүктүк кылса, аягы башкача болот беле?
6. Жаран А. соттук териштирүү башталардын алдында жаран Б.га кысым көрсөттүбү?
7. Муну кантип токтотсо болот эле?
8. Жабырлануучулардын кызыкчылыктарына багытталган жана гендердик аспекттерди эске алган ыкма колдонулдубу?
9. Сот залындагы кырдаалга кандайдыр бир көңүл бурулдубу?
10. Аялдарга карата зомбулук жана үй-бүлөлүк зомбулук окуяларында, сотко чейин камакка алуу жана/же күрөөнүн негизинде бошотуу шарттары менен катар эле, убактылуу коргоо ордери же айыпкердин укуктарын чектөө жөнүндө сот актылары (эл аралык стандарттарга ылайык узак мөөнөттүү коргоо жөнүндө буйруктар деп аталган) каралышы мүмкүнбү?
11. Жаран Б.үчүн тиешелүү деңгээлдеги колдоо көрсөтүү жана жардам берүү жеткиликтүү болдубу?

**5. 4.2-темасы боюнча интерактивдик лекция өткөрүү - 25 мүн.**

А) «Үй-бүлөлүк зомбулук иштери боюнча квалификациялоо көйгөйү» суроосу боюнча «Акыл-эс чабуулу» усулу аркылуу «көнүгүү» - **5 мүн.**

Тренер «Акыл-эс чабуулу» интерактивдик усулун колдонуу аркылуу катышуучулардын көңүлүн үй-бүлөлүк зомбулук иштери боюнча жосундарды квалификациялоо көйгөйүнө бурат, аны үчүн кийинки суроону колдонот, бул суроону флипчартка жазып коёт же проектор аркылуу экранга чыгарып коёт:

*«Үй-бүлөлүк зомбулук окуялары КРнын Кылмыш-жаза кодексинин жана КРнын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 2021-ж. ред. кайсы беренелерине ылайык квалификацияланат жана ушуга байланыштуу Силер иш жүзүндө кандай көйгөйлөргө кабылып жатасыңар?*

Бардык ой пикирлер флипчартка жазылат, андан нары ой пикирдин баары катышуучулар менен биргеликте тренер сунуш кылган критерийлери боюнча топтоштурулат жана флипчартта түстүү маркерлер менен бөлүнүп көрсөтүлөт.

Б) Кичи-лекциялар, слайддык презентациялар, ошондой эле «Суроолор-жооптор», «Акыл-эс чабуулу» сыяктуу интерактивдик усулдарды колдонуу аркылуу тренер кийинки суроолор боюнча «эл аралык стандарттар/КРнын мыйзамдары» схемасы боюнча теориялык материалдар менен тааныштырууну жүргүзөт **(20 мүн.)**:

- Соттук териштирүү: кылмыштардын колдонулуучу курамдары.

a. Өлтүрүү/аялдарды өлтүрүү.
b. Дене бойлук зомбулук.
c. Психологиялык зомбулук.
d. Сексуалдык зомбулук.
e. Аңдуу, артынан түшүү.
f. Мажбурлоочу нике, бойдон алдыруу, стерилизациялоо.
g. Сексуалдык зомбулук.

6. **«Бейне» усулу аркылуу 4.2-теманы бекемдөө боюнча практикум – 30 мүн.**

Тренер тренингдин катышуучуларын 4 кичи тайпага бөлөт. Кичи-тайпаларда иштөө 4.2-тапшырмасындагы бейнени иш жүзүндө чечмелөө боюнча жүргүзүлөт. Берилген тапшырманын чечилишин белгилөө үчүн ар бир кичи тайпага флипчарттар жана маркерлер бөлүнүп берилет. Корутундуларды тааныштыруунун бардык жолдоруна уруксат берилет. Ар бир тайпа өз корутундуларын презентациялайт. Ар бир тайпа тиешелүү субьектилердин жосундарына анализ жүргүзөт:

1-тайпа – жаран М.нын күйөөсүнүн;
2-тайпа – укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин «ИИБнын кызматкери» катары.
3-тайпа - адвокаттын.
4-тайпа – жаран М.нын туугандарынын.

Тайпалардын презентацияларынан кийин тренердин кыскача комментарийлери.

***4.2-тапшырмасы. Практикалык бейне***

*«М. деген жаран күйөөгө чыкканына 17 жыл болду, анын 14 жылы бою күйөөсү ичкилик ичкен кезде уруп-сабап келе жатат. Ал үч ай мурун ага арыз жазды: алар акыркы жолу урушуп жатышканда эркек адам апасына болушкан улуу кызына - беш баласынын бирөөсүнө бычак менен жулкунду. М. өзүнүн таанышы – аялдарды коргоо боюнча адвокатка кайрылган, ал аны милицияга барууга көндүргөн. Алар дароо милицияга барышкан, бирок ал жакта арыз алуудан баш тартышкан, себеби анын каттоосу башка аймакта болчу. 14 жыл мурун алардын экинчи кызы төрөлгөндөн кийин, ага тукум улоочу төрөбөгөнүнө ачууланган күйөөсү аны биринчи жолу сабаган. Ал эки кызы менен ата-энесиникине кетип калган жана улуу эжесинин айтканы*

*боюнча аларыз жазган. Ал кезде милиционерлер ал өзүнүн балдарынын атасына эмнеге арыз жазып жатат деп таң калышып, аны анча көңүлдөнбөй кабыл алышкан. Аны элдешүүгө көндүрүп жатышып, алар жаран М. башка жабырлануучу аялдар сыяктуу эле бир гана милиция кызматкерлеринин убактысын коротуп жатышкандыгын айтышкан. Ал эми, ал (аял) өз оюнан кайпай туруп алганда гана анын күйөөсүн бейбашчылык үчүн 15 суткага камашкан, андан соң бошотушкан. «Милиционерлер мага үй-бүлөлүк зомбулук – бул милициянын иши эмес, ал бир гана үй-бүлөнүн жеке иши жана мен болсо үй-бүлөмдү уят кылып жатканымды айтышты» - дейт жаран М.*

*Адвокат жаран М. дароо соттук-медициналык экспертизадан өтүүсүн талап кылды. Бул Ош шаарына жакын жердеги консервативдүү айылда жашаган, өзүн коргоп жаткан адамга оңойго турган жок – ажырашуу жана «урушту сырка чыгаруу» бул жерде өөн көрүнүш болуп саналат.*

*Жаран М. күйөөсүн бошоткондон кийин анын ата-энесинин үйүнө күн сайын келе баштады, ал бир күнү кечирим сураган жана өкүнүп жатканын билдирген, башка күнү болсо өлтүрөм деп коркуткан. Жаран М. күйөөсүнүн үйүнө кайтып келген, анын айткандары боюнча мындай кадамына ал бир нече жолу өкүнгөн. «Күйөөмө коргоо ордерин бергенден бери ал бизге тийген жок. Бирок, ал бизди күн сайын сөгөт, кыйкырат жана ар түрдүүчө мазактайт» - деп айтат жаран М. – «Эми буга кошумча анын ата-энеси дагы мага чалып жатышат жана ажырашып калсак, мен жана менин балдарым эч нерсесиз каларыбызды айтышты. Анда мен балдарым менен каякка барам?».*

*Азыр бергенден эки ай өткөндөн соң, жаран М. аны кайтарып алды, мунун ордуна күйөөсү менен балдарын алып Россияга эжесиникине кетерине уруксат берери боюнча макулдашты. Ал ага кайрадан кайрылып келеби, али билбейт. Азыр ал балдар жогорку билим алуусу үчүн иштеп акча табууну каалайт».*

***4.2-тапшырмасына карата суроолор:***

1. Жаран М. жана анын жакындары кабылган бардык зомбулуктуу жосундарга укуктук баа бергиле. Аларды эл аралык стандарттарга жана КРнын мыйзамдарына ылайык кандайча квалификациялоого болот?
2. Укук коргоо органдарынын, адвокаттын, жаран М.нын туугандарынын, анын күйөөсүнүн аракеттерине анализ жасагыла жана аларга укуктук баа бергиле.
3. Жаран М.га анын укуктарын натыйжалуу коргоо үчүн кандай сунуштарды берүүгө болот?

**4.3-темасы боюнча интерактивдик лекция өткөрүү – 20 мүн.**

А) «Жабырлануучулар менен иштөөнүн өзгөчөлүктөрү жөнүндө» суроосу боюнча «Акыл-эс чабуулу» усулу аркылуу «көнүгүү» – **5 мүн.**

Тренер «Акыл-эс чабуулу» интерактивдик усулун колдонуу аркылуу катышуучулардын көңүлүн жабырлануучу менен маектешүү жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрүнө бурат, аны үчүн кийинки суроону колдонот, бул суроону флипчартка жазып коёт же проектор аркылуу экранга чыгарып коёт:

*«Жабырлануучу менен жолугуп маектешүү жүргүзүүдө жана жолугушуу учурунда эмнеге көңүл буруу зарыл жана эмнеге көңүл буруу керек?»*

Бардык ой пикирлер флипчартка жазылат, андан нары ой пикирдин баары катышуучулар менен биргеликте тренер сунуш кылган критерийлери боюнча топтоштурулат жана флипчартта түстүү маркерлер менен бөлүнүп көрсөтүлөт.

Б) Кичи-лекциялар, слайддык презентациялар, ошондой эле «Суроолор-жооптор», «Акыл-эс чабуулу» сыяктуу интерактивдик усулдарды колдонуу аркылуу тренер кийинки суроолор боюнча

«эл аралык стандарттар/КРнын мыйзамдары» схемасы боюнча теориялык материалдар менен тааныштырууну жүргүзөт **(15 мүн.)**:

a. Күбөлөрдүн жана жабырлануучулардын көрсөтмөлөрү; жабырлануучуларды суракка алуу;
b. Жабырлануучуларды коргоо жана процессуалдык укуктар.

**8. «Ролдук оюн» усулу аркылуу 4.3-темасын бекемдөө үчүн практикум – 30 мүн.**

Тренер тренингдин катышуучуларын 4 кичи тайпага бөлөт. Кичи тайпаларда иштөө 4.1 жана 4.2-Тапшырмаларындагы практикалык бейнелер боюнча жүргүзүлөт. Ар бир тайпа эл аралык стандарттарга жана жабырлануучунун кызыкчылыктарына багытталган ыкманы эске алган эң мыкты тажрыйбага ылайык, жабырлануучу менен маектешүү жүргүзүү боюнча кырдаалды сценка ойноо аркылуу көрсөтүп берүүсү зарыл. Алар кийинкидей болуп бөлүнүшөт:

1-жана 2-тайпа – 4.1-тапшырма боюнча практикалык бейне;

3-жана 4-тайпа – 4.2-тапшырма боюнча практикалык бейне.

Тайпалардын презентацияларынан кийин тренердин кыскача комментарий берүүсү.

**Сабактын жыйынтыктарын чыгаруу – 8 мүн.**

Сабактын жыйынтыктарын чыгаруу үчүн катышуучуларга кийинки суроолор берилет:

- Лекция силерге белгилүү болгон мурунку  материалды жаңысы менен байланыштырууга түрткү беле алдыбы, ошондой эле аны натыйжалуу өздөштүрүүгө жана теманы терең түшүнүүгө шыктандырдыбы?
- Силер өзүңөр үчүн эмне биле алдыңар/эмне ачылыш болду жана мурда силерге белгилүү болгон маалымат менен жаңы алган маалыматты кандайча байланыштырасыңар?

## 5-САБАК: ӨКҮМДҮ ЧЫГАРУУ ЖАНА КОМПЕНСАЦИЯ

**Узактыгы 2 академиялык саат (1с.30 мүн.)**

**5-Сабак боюнча окутууну жүргүзүүнүн планы**

1. Тренингдин катышуучуларынын көңүлүн бурдуруу – **5 мүн.**
2. Аудиториянын күтүүлөрүн аныктоо- **5 мүн.**
3. 5-Сабак боюнча интерактивдүү кичи-лекция өтүү – **20 мүн.**

А) Көнүгүү - **5 мүн.**

Б) «Өкүмдү чыгаруу жана укуктук коргоо каражаттары» деп аталган 5-сабактын темасы боюнча Power Point компьютердик презентациясын колдонуу менен кичи-лекция **– 15 мүн.**

4. 5-Сабактын тематикасын бекемдөө боюнча практикум – **25 мүн.**
5. Сабактын жыйынтыгын чыгаруу – **5 мүн.**

***Ресурстар:***

- түстүү маркерлер;
- флипчарттар;
- скотч, жазуучу такта, түстүү стикерлер;
- таркатуучу материалдар;
- проектору менен компьютер.

**5-сабактын жүрүшү:**

**1. Катышуучулардын көңүлүн бурдуруу – 5 мүн.:**

- Катышуучуларды Модулдун темасы, анын максаттары жана милдеттери менен тааныштыруу.
- Катышуучуларды сабактын планы жана талаптары менен тааныштыруу.

**2. Аудиториянын күтүүлөрүн аныктоо – 5 мүн.:**

Тренер катышуучуларга бул сабактан күтүүлөрү жөнүндө ойлонууларын сунуштайт. Катышуучулар өздөрүнүн күтүүлөрүн түстүү стикерлерге жазышат жана аларды «күтүүлөр дарагына» илишет, ал болсо сабактын аягына чейин сакталат.

**3. Интерактивдик кичи-лекция өткөрүү – 20 мүн:**

Төмөнкү суроолорду чечмелөө боюнча катышуучуларга «Өкүмдү чыгаруу жана укуктук коргоо каражаттары» деген аталыштагы 5-Сабактын темасы боюнча Power Point компьютердик презентациясын колдонуу аркылуу теориялык материал берилет:

a. Чен өлчөмдүү, чектөөчү санкциялар (эркиндигинен ажыратуу, ата-энелик укуктарынан ажыратуу түрүндөгү жазалар);

b. Жумшартуучу/оордотуучу жагдайлар;

c. Соттук стереотиптер: чечимдерди кабыл алууда жыныстык тиешелүүлүгү боюнча бир тараптуулук, бейкалыстык;

d. Каржылык көз карандуулук;

e. Компенсация.

*«c) Соттук стереотиптер: чечимдерди кабыл алууда жыныстык тиешелүүлүгү боюнча бир тараптуулук, бейкалыстык»* суроосу боюнча презентация жасоонун алдында, «моралга» жана

«ар намыска» негизделген жумшартуучу стандарттарга тиешелүү гендердик стереотиптер жөнүндө топтук талкуулоо жүргүзүү.

**4. 5.3-темасын «Кичи тайпаларда иштөө» усулу аркылуу бекемдөө боюнча практикум - 30 мүн.:** Тренер тренингдин катышуучуларын 4 кичи тайпага бөлөт. Кичи тайпаларда иштөө өтүлгөн материал боюнча конкреттүү тапшырмаларды чечүү аркылуу жүргүзүлөт. Тренер ар бир кичи тайпага сабактын темасы боюнча өзү алдын ала даярдап койгон 5.1, 5.2, 5.3, 5.4-Тапшырмаларды берет. Ар бир кичи тайпага берилген тапшырманын чечилишин белгилөө үчүн флипчарттар жана маркерлер бөлүнүп берилет. Корутундуларды презентациялоонун бардык жолуна уруксат берилет. Ар бир тайпа өз корутундуларын презентациялашат. Талкуулоо.

**Кичи тайпаларда иштөө үчүн тапшырмалар:**

***5.1-тапшырма.***

Санкциялар жана укуктук коргоо каражаттары жөнүндө эл аралык жана улуттук укуктук коргоо каражаттарын көңүлдүн борборуна алуу менен, кийинки суроолорду талкуулоо:

- Сот органдарынын жана укук коргоо органдарынын ортосунда кызматташуунун кандай формалары зарыл?
- Натыйжалуу иликтөөнү, коргоону жана өкүмдү чыгарууну камсыз кылуу үчүн кайсы конкреттүү мекемелер кызматташуунун жетектөөчү принциптерине муктаж болушууда?

***5.2-тапшырма.***

Санкциялар жана укуктук коргоо каражаттары жөнүндө эл аралык жана улуттук укуктук жоболорду көңүлгө алуу менен, кийинки суроолорду талкуулоо:

- Аффект абалына алып келе турган «Моралдык жүрүм-турум же жабырлануучунун аракеттери» деген эмне?
- Кызганууга негизделген зомбулук менен гендердик стереотиптердин ортосунда кандай байланыш бар?
- Идеалдуу жабырлануучунун сапаттары кандай?

***5.3-тапшырма.***

Кийинки келтирилген практикалык тапшырманын үстүндө иштөө:

*«Аялы, ичимдик ичкен мас абалындагы күйөөсү тарабынан сабалган. Үй-бүлөлүк зомбулук фактысы жөнүндө билдирүүдөн кийин, мас күйөөсү РИИБге жеткирилген жана ага жубайынын жанына жакындаганга укугу жок экендиги тууралуу түшүндүрүлгөн. Зомбулуктун жабырлануучусуна коргоо ордери берилген. Бирок, коргоо ордерине карабастан, күйөөсү кайрадан ичип алган жана үйүнө келип жубайын кайрадан сабаган. Зомбулуктун жабырлануучусу сотко кылмышкерди ИИОго жеткиргенден жана коргоо ордерин бергенден кийин деле ал кошунасынын үйүндө жашынууга аргасыз болгон. Кайра эле эртең менен мас абалындагы күйөөсү ал үйгө түнөбөгөндүгүнө байланыштуу аны кайрадан сабаган.*

*Бул окуядан соң 2022-жылдын январь айында КРнын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин дене-бойлук ооруларды келтирген уруп-сабоо же башка зомбулук аракеттерди жасоо деген 56-беренеси боюнча укук бузууну жасагандыгы жөнүндө иш козголгон. Сот зомбулуктун тарыхынын далилдерине жана жабырлануучунун өмүрү жана ден соолугу үчүн түздөн түз коркунуч сакталып тургандыгына эч кандай көңүл бурбастан, 200 эсептик көрсөткүчтөгү айып пул салуу жазасын дайындаган. Күйөөсү аңдыганды жана жабырлануучуну жана анын ата-*

*энесин аңдып, артынан түшүүнү уланткан. 2022-жылдын июль айында ал жабырлануучуну жана анын атасын балта менен чаап, олуттуу жаракат келтирген; жабырлануучунун апасын болсо, балта менен өлтүрө чапкан».*

***5.3- тапшырмага карата суроолор:***

Санкциялар жана укуктук коргоо каражаттары жөнүндө эл аралык жана улуттук укуктук жоболорду эске алуу менен:

- Күйөөсүнүн аракеттери туура квалификацияланганбы? Өз жоопторуңарды негиздегиле.
- Бул ишти кароодо жана иликтөөдө жабырлануучунун кандай укуктары бузулган?
- Бул иште мындай оор зыяндардын келтирилүүсүнүн алдын алууга мүмкүн беле? Эгер мүмкүн болсо, бул иште ИИБ тарабынан кандай чаралар көрүлүшү зарыл эле?
- Эгер зомбулуктун тарыхынын далилдерине жана жабырлануучунун өмүрү жана ден соолугу үчүн коркунуч түздөн түз сакталып тургандыгына сот тарабынан тиешелүү көңүл бурулса, анда сот кандай чечим кабыл алуусу керек эле?
- Жабырлануучулар компенсациялардын кандай түрлөрүн ала алышат?
- Ишке катышкан ИИБнын кызматкерлери, сот жоопкерчиликке тартылышы мүмкүнбү?

***5.4-тапшырма.***

Кийинки келтирилген практикалык тапшырманын үстүндө иштөө:

*«Сот 37 жаштагы эркек адамды үй-бүлөлүк зомбулук жасагандыгы үчүн 70 саатка коомдук иштерге тартуу жазасын өкүм кылды. Тергөөнүн версиясы боюнча, эркек адам мас абалында келип жубайын сабаган. Сотто эркек адам күнөөсүн моюнуна алды. Анын сөзү боюнча, ал болгону аялын бетке эки-үч жолу эле чаап койду. Андан кийин жабырлануучуну эжеси алып кеткен. Ал кечирим сураган жана анда компенсация төлөп бергенге мүмкүнчүлүк жок экенин билдирген. Жабырлануучу болсо, сотто, окуя болгон күнү күйөөсүнүн суранычы боюнча дарбазанын эшигин ачкан жана үйгө кирип уктап калган. Ушул учурда мас абалындагы күйөөсү аны тепкилеп жана муштуму менен уруп баштаган. Аял алты күн ооруканада жаткан. Ал күйөөсү компенсация төлөбөгөндүгүн билдирген. Өкүмдө болсо сот жабырлануучу келтирилген зыяндарды жарандык тартипте талап кылуусу мүмкүн экендигин белгилеген».*

***5.4-тапшырмага карата суроолор:***

Санкциялар жана укуктук коргоо каражаттарынын эл аралык жана улуттук укуктук жоболорун эске алганда:

- Бул ишти иликтөөдө жана кароодо жабырлануучунун укуктары бузулганбы? Өз жоопторуңарды негиздегиле.
- Жабырлануучунун компенсация алуусу мүмкүнбү? Эгер мүмкүн болсо, анда ал муну кантип ала алат?

**5. Сабактын жыйынтыктарын чыгаруу – 5 мүн.:**

Сабактын жыйынтыктарын чыгаруу Сабакты аяктоодо алынган жыйынтыктардын катышуучулардын күтүүлөрүнө дал келүүсүнө баа берүү аркылуу чыгарылат, муну үчүн тренер сабактын башында түзүлгөн «Күтүүлөр дарагына» кайрылат жана ар бир стикердеги күтүүлөрү үнүн бийик чыгарып атап өтөт, аудиториядан аныктап жүрүп олтурат – ага жетиштиби?

## 6-САБАК: МЕДИАЦИЯ ЖАНА ЭЛДЕШҮҮ

**Узактыгы 2 академиялык саат (1с.30 мүн.)**

**6- Сабак боюнча окутууну жүргүзүүнүн планы**

1. Тренингдин катышуучуларынын көңүлүн бурдуруу – **5 мүн.**
2. Тема боюнча катышуучулардын билимдерин актуалдаштыруу – **10 мүн.**
3. Кичи-лекцияны өткөрүү – **10 мүн.**
4. Таң каларлык/татаал учурларды талкуулоо – **15 мүн.**
5. Сабактын жыйынтыктарын чыгаруу – **5 мүн.**

***Ресурстар***

- түстүү маркерлер;
- флипчарттар;
- скотч, жыгач такта;
- таркатуучу материалдар;
- проектору менен компьютер;
- интернет.

**6-сабактын жүрүшү:**

1. **Тренингдин катышуучуларынын көңүлүн бурдуруу – 5 мүн.**

Катышуучулардын көңүлүн бурдуруунун алкагында катышуучуларды теманы өздөштүрүүдө алардын алдында турган 6.1-теманын негизги милдеттери жана күтүлүүчү жыйынтыктар менен тааныштыруу сунуш кылат.

2. **Тема боюнча катышуучулардын билимдерин актуалдаштыруу – 10 мүн.**

Тема боюнча билимдерди актуалдаштыруу үчүн катышуучуларды талкуулоого жандуу катышууга тартууда чагымчылдык усулун колдонуу сунуш кылынат. Муну үчүн тренерге катышуучуларга кийинки макал боюнча өз ойлорун айтуу мүмкүнчүлүгүн берүүнү сунуштайбыз:
*«жакшы уруштан, жаман дүйнө артык»*
***Тренерге кеңеш:*** катышуучулардын кайсы бир бөлүгү муну аялдарга карата зомбулук контекстинде, анын ичинде үй-бүлөлүк зомбулукта орунсуз деп эсептеши мүмкүн, ал эми катышуучулардын башка бөлүгү болсо бул ар түрдүү түшүнүктөрү менен мотивациялап бул макалды колдогон пикирлерин айтуулары мүмкүн (анын ичинде жеке тажрыйбаларынын негизиндеги стереотиптик көз караштары боюнча). Талкуулоонун жүрүшүндө катышуучулардын көңүлү каралып жаткан темага гана багытталган болуусу зарыл.

3. **Кичи-лекцияны өтүү – 10 мүн.**

Кичи-лекцияны өтүү үчүн тренерге PowerPoint презентациясын колдонуу сунуш кылынат, анда ырааттуулук менен кийинкилер менен байланыштуу суроолор кошо камтылат:
а. зомбулук иштери боюнча элдешүү процедураларын колдонуу чөйрөсүндөгү учурдагы эл аралык стандарттарга;

b. зомбулук иштери боюнча элдешүү процедураларын колдонуу учурларын караштырган КРнын мыйзамдарына.

Презентацияны колдонуу лекцияны интерактивдик форматта жүргүзүүгө жардам берет, анын алкагында катышуучулар суроолорду бере алышат жана өзүнчө бир суроолор боюнча жалпы кыска талкууларга катыша алышат.

4. **Казустарды (татаал учурларды) талкуулоо - 15 мүн.**

Катышуучуларды эки кичи тайпага бөлүү сунушталат, алардын ар бири бейне менен иштөө боюнча тапшырмаларды алышат:

1-тайпа – ишти сотко өткөрүүнүн жана айыпкерди соттоонун оң жана терс тараптарын белгилеп чыгуу жана аларга анализ жүргүзүү.

2-тайпа - иш боюнча тараптардын (жактардын) элдешүүсүнүн оң жана терс тараптарын белгилеп чыгуу жана аларга анализ жүргүзүү.

Тайпалык иштин жыйынтыктарын флипчартка жазуу жана андан соң презентация кылуу жана жалпы талкуулоо сунуш кылынат.

**Кичи тайпаларда иштөө үчүн бейне:**

*Жаран Б. 7 жылдан бери жаран К. менен бир никеде чогуу жашайт, ортолорунда 5 жана 3 жаштагы жашы жетелек кичинекей балдары бар. Жаран К. мурда аскердик аракеттерге катышкан жана контузиясы бар. Алынган жаракаттарынан улам жаран К. кээде, эгерде алкоголдук ичимдик ичип алса, көзөмөлдөн чыгып кеткенче ачууга алдырмайы бар. Жаран К. мындай абалы кармаган учурларда жаран Б.ны же балдарын чаап жибериүсү мүмкүн, кыйкыруусу, идиш-аяктыже эмеректерди талкалашы мүмкүн. Бр никеде жашоо мезгили ичинде 10 чукул ушундай абалда болду. Жубайы жаран Б. күйөөсү жаран К.ны дарылануу жана жүрүм-турумун оңдоо үчүн дарыгерге кайрылууну суранды. К.болсо, оорулуу эмесмин деп шылтоолоп таптакыр баш тартты. Жаран К. Коргоо министрлигинде иштейт. Жубайы Б. болсо, балдарды тарбиялайт жана интернет дүкөндөн кийимдерди сатып үйүнөн иштейт. Жаран Б. үй-бүлөлүк зомбулук учурундагы уруп-сабоо фактысы боюнча милицияга кайрылган эмес. Кайын энесинен күйөөсү жаран К. менен сүйлөшүүнү суранган. Жыйынтыктар жок. Акыркы жолу күйөөсү батир жыйналбаганынан улам ачууланып, аны кайнак суу менен күйгүзө аны көздөй ичинде чайы бар кружканы ыргыткан. Ал ооруканага кайрылды, нөөмөттөгү дарыгер текшерип жатып, богон окуянын жагдайын аныктаган жана аймактык ИИБ менен аймактык балдарды коргоо боюнча органга билдирүү жөнөткөн. Билдирүү Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине катталган. Аймактык балдарды коргоо боюнча органдын кызматкерлери балдардын жашоо шартын текшергени келишкен, жыйынтыгында балдар корккон абалда экендигин, кичинекейи болсо сүйлөй албагандыгын жна чоң эркек адамдарды көргөндө жашынып каларын аныкташкан. Аялы жаран Б. менен маектешүү жүргүзүлгөн жана балдардын психологиялык жактан жагымдуулугу үчүн ага балдары менен чогуу күйөөсүнөн өзүнчө жашоо сунушу берилген. Аял жаран Б. макул болгон жана ата-энесиникине көчүп кеткен. Анын тергөөчүгө суракка чакырышкан. Аял жаран Б.нын апасы анын күйөөсүнө боору оорубастан эле тергөөчүгө бардык болгон нерсени болгондой айтып берүүсүнө кеңешин берди. Күйүк терең эмес болуп чыкты, экспертиза ден соолугуна жеңил зыян келтирилгендигин аныктады.*

**5. Сабактын жыйынтыгын чыгаруу - 5 мүн.**

Жыйынтыктарды чыгарууда катышуучуларга аялдага карата зомбулук иштери боюнча жарашуу мүмкүнчүлүгү менен байланыштуу көбүрөөк татаал, маанилүү учурларды белгилөө сунушталат.

## 1-ТИРКЕМЕ: КРдагы үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө иш «Моюнуна дөңгөлөк тагылган аял»

2020-жылдын июнь айында Сузак районунун Бек-Абад айылында эркек адам өзүнүн аялын кыйноого алган. Ал, анын моюндарына машиненин дөңгөлөктөрүн кийгизип койгон жана суу куюп, чачкылаган. Социалдык түйүндөрдө эркек адам эки автомашиненин ичине таштар салынган капкактарын аялдын моюнуна кийгизип алып, аны жаакка чаап жатканы жана чакадагы муздак сууну чачырата куюп жатканын көрсөткөн видео тараган. Аял каршылык көрсөткөн эмес жана баш ийген боюнча бул мазактоого чыдап турган, ал эми эркек адам болсо мунун баарын видеого тартууну суранган. Кадр артындагы аялдын үнү андан токтотууну сураганы угулуп турат.
Эркек болсо видеодон муну «сабак» болсун деп тартып жатканын айткан. Андан кийин ал бул видеону аялынын эжесине жиберген.
Аял мээнин чайкалуусу жаракатын алган – күйөөсү аны ал эжесиникинде болгону үчүн сабаган. Аялдын сабалганын билгенден кийин баласы келген, ал эми жакындары болсо, бул аялды күйөөсү уруп сабап жаткан биринчи жолку окуя эмес экендигин айтышкан. Кыйноочуну убактылуу кармоочу жайга киргизишкен.
Көп өтпөй, уулу атасын колдоого өткөн жана аны коргоого киришкен – атасы мурда мындай жасачу эмес деп айткан. Баласы ата-энесинин ажырашуусуна каршы чыккан жана апасынын укук коргоо уюмдары менен байланышуусуна мүмкүнчүлүк берген эмес. Эркек адамды камагандан бир нече күн өткөндөн кийин жабырлануучу аял арызын алып кеткен.
Ал (аял) зомбулук мурда дагы болуп келгендигин айткан, бирок мынчалык ырайымсыздыкка жетчү эмес экендигин жана ал анын үй-бүлөсү экендигин андан ары бул адам менен жашай тургандыгын жана ал кылмыш ишин козгоого каршылыгын айкан. Эл эмне дейт деген нерсе дагы аялдын тынчын алган, себеби ал баласынын үйлөнүү тоюна даярданып жаткан болчу.
Жабырлануучу аял өзү милицияга кайрылган. Эркек адамды кармашкан. Милиционерлер изилдөө жүргүзүшкөн жана иштин материалдарын сотко жиберишкен. Бул тууралуу Жалал-Абад облусунун ИИБ билдиришкен.
ИИБден бул фактынын үстүнөн КРнын Кылмыш-жаза кодексинин боюнча «Үй-бүлөлүк зомбулук» жана «уруп-сабап кыйноо» деген эки беренеси кылмыш иши козголгондугун ырасташкан. Шектүү 1968-жылы туулган Б.З. болгон, ал эми жабырлануучу анын аялы 1973-жылы туулган М.Д. болгон. Эркек адам кармалган жана убактылуу кармоочу изоляторго киргизилген, сот аны 15 суткага абакка жөнөткөн.
Бул факты боюнча иликтөө иши аягына чыгарылган. 2020-жылдын 17-июнунда иш маңызы боюнча кароо үчүн сотко жиберилген. 2020-жылдын 1-июлунда Сузакта аялды уруп-сабап кыйноо боюнча соттук отурум башталган.
Соттук отурумдун жүрүшүндө «Адилеттик» укук коргоо кыймылынын юристери жабырлануучу аял өзүнүн күйөөсүн кечирүүгө ооп бара жатканын байкашкан. Жалал-Абад ИИБинен жабырлануучу сотто күйөөсүн үй камагына чыгарууну сурангандыгын билдиришкен.
2020-жылдын 2-июлунда Сузактагы аялды уруп-сабап кыйноо жөнүндө иш боюнча соттук отурум аяктаган. Зомбулук жасаган күйөөсүнө 2 жыл шарттуу түрдө беришкен. Ал сот залынан бошотулган.

## 2-ТИРКЕМЕ: КРда «Ала качуунун» жабырлануучусу жөнүндөгү иш «Бурулай аттуу кызды уурдоо жана өлтүрүү»

19 жаштагы Бурулай Турдаалы кызы ала качуудан жабыр тарткан – 2018-жылдын 27-майында Марсбек Бөдөшев тарабынан уурдалгандан кийин, ал Жайыл РИИБнин милиция бөлүмүндө уурдаган адамдар менен чогуу жалгыз калтырылган, ошол жерден аны өлтүрүшкөн. Милиционерлердин сөзү боюнча, муну Бөдөшев жасаган. Алар эркек адам Бурулай олтурган бөлмөгө жулкунуп кирип барып, аны бычак менен урган, андан кийин - өзүнө дагы сайган деп айтышат. Ошол кечинде Бөдөшев Бурулайды экинчи жолу уурдап кетүүгө аракет кылган, бирок ага милиция тоскоол болгон. Биринчи уурдоо кыздын өлүмүнө чейинки үч жума мурун болгон – анда аны үйүнө кайтарып беришкен, а анын үй-бүлөсү болсо милицияга арыз жазышкан эмес. 11-декабрда Свердлов райондук сотунун соту Санжар Чотонов Марсбек Бөдөшевди, кызды уурдоого катышкан адамды үй мүлкүн конфискациялоо менен 20 жылга эркинен ажыраткан. Аны аялды никеге туруу үчүн уурдоо жөнүндө жана өзгөчө мыкаачылык менен өлтүрүү жөнүндө, башка кылмышты жашыруу максатында уурдоо жөнүндө беренелер боюнча соттошкон.
Муну менен катар ал Бурулайдын үй-бүлөсүнө 800 миң сом компенсация төлөп берүүсү керек. Бул сот процессинен сырткары, Бурулайдын өлтүрүлүшү боюнча дагы бир процесс бар - ал милиционерлердин үстүнөн «Шалаакылык» беренеси боюнча. Буга негиз болуп, алар, кызды аны уурдаган адам менен чогуу бир бөлмөдө чогуу жалгыз калтыргандыктары үчүн соттолушкан.

## 3-ТИРКЕМЕ: Кыргыз Республикасындагы «Ала качуунун» жабырлануучусу жөнүндө иш – «Айзада аттуу кызды уурдоо жана өлтүрүү»

Резонанстуу окуя 2021-жылдын 7-апрелинде болуп өттү. Айзада Канатбекова аттуу кыз кайгылуу көз жумду. Аны 2021-жылдын 5-апрелинде уурдап кетишкен, андан эки сутка өткөндөн кийин кыздын сөөгүн, ошондой эле аны уурдаган жана өлтүргөн 36 жаштагы Замирбек Теңизбаевдин сөөгүн Чүй облусунун Аламүдүн районунан табышкан. Кызды былтыркы жылдын 5-апрелинде эртең мененки убакта Бишкектеги Тыныстанов жана Медеров көчөлөрүнүн кесилишинен уурдап кетишкен. Сырткы видео көзөмөл жүргүзүү камерасы Айзада Канатбекованы кандайча күч колдонуп машинеге салышкандыгын жана белгисиз тарапка алып кетишкендигин белгилеп түшүрүп калган. Айзаданын жакындары дароо кайрылган милиция бөлүмүндө азырынча сарсанаа болгонго себеп жок деп арыз алгандан баш тартышкан. Кызматкерлердин бирөө ал тургай мындай деп орунсуз тамашалаган: «Эмне ызы-чуу көтөрүп жатасыз? Тойго даярданыңыз». 2021-жылдын 7-апрелинде, талаада мал кайтарган чабан машинени тапкан, ичинде кыздын жана аны уурдаган адамдын өлүгү болгон. Тергөөнүн көрсөткүчтөрү боюнча, уурдаган адам Айзада менен урушкан, зордуктаган, аны футболка менен муунткан жана бычак менен бир нече жолу урган. Мындан соң, ал өзүн өзү өлтүргөн. Айзада Канатбекованы уурдоо боюнча айыпкерлер катары 5 адам өтүшкөн: Сыймык Молдосариев, Кубаныч Токон уулу, Ажикабыл Рысбай уулу, Замирбек Раманкулов, ошондой эле Орузбек Нурумбетов. Аларга «алдын ала сүйлөшүү боюнча адамдардын тобу тарабынан уурдоо» беренеси боюнча айып тагылган. 2021-жылдын 27-майында борбор калаанын Биринчи май райондук сотунда уурдоо жөнүндө иш боюнча териштирүүлөр башталган. Ал төрт айга созулган. Соттук териштирүүлөрдүн жыйынтыгында айыпталуучулар Замирбек Раманкуловго жана Кубаныч Токон уулуна алты

жылга жана алты айга эркиндигинен ажыратуу өкүмү чыккан. Ажикабыл Рысбай уулун, Сыймык Молдосариевди, ошондой эле Орузбек Нурумбетовду сот жети жылга эркинен ажыратууга өкүм кылган. Сот бардык айыпталуучулардан моралдык жана материалдык зыяндарды калыбына келтирүү максатында 100 миң сомдон өндүрүү чечимин чыгарган. Соттолгондор өкүмдүн үстүнөн даттанышкан, бирок Бишкек шаардык соту биринчи инстанциянын чечимин күчүндө калтырган. Кызматтык иликтөөнүн жыйынтыгы боюнча шалаакылык үчүн 12 милиционер ээлеген кызматтарынан бошотулушкан, 27 кызматтык дал келбестик жөнүндө эскертүү алышкан, дагы 5 укук коргоо кызматкерине катаал сөгүш жарыяланган.

## 4-ТИРКЕМЕ: Эл аралык стандарттарга шайкеш келүүсүн аныктоо боюнча тайпаларда иштөө үчүн үй-бүлөлүк зомбулук суроолору боюнча иштер (бейнелер)

**1-бейне**.

Татьяна (аты өзгөртүлдү), 29 жашта, ажырашкан. Кичинекей кызы бар.

«Менин эми болсо мурунку күйөөм менен биз 2008-жылы таанышканбыз. Ал – кан күйгөн жерлерде иштөө тажрыйбасы бар, өргүүдөгү аскер кызматкери. 2012-жылы биз жолугушуп баштадык. Абдан тез эле, мамилелер башталгандан кийин бир жарым айдын ичинде үйлөндүк. Анын жакшы сапаттары абдан көп болчу: олуттуу, токтоо, ичпеген, абдан көңүл бура билген.

Мен бат эле кош бойлуу болуп калдым жана кырдаал дароо өзгөрдү – ал мага ишенбейм деп айыптап, мазактап: «сен – жалапсың» деп баштады. Эгер мен нааразычылыгымды билдирсем, күйөөм коркутуулар менен жооп берчү. Ал тургай, мени гана эмес, биздин али төрөлө элек балабызды дагы коркутчу. Ушундан соң мен чындап эле корко баштадым.

Мен ажырашуу керек деп ойлодум жана интернеттен – каякка барып иштөө керек, каякта жашоого болот деген маалыматты издеп баштадым. Күйөөм менин издөө салган суроо-талаптарымдын тарыхын көрүп калды, ачууланды жана мени үйдөн кууп салды - менин кош бойлуулугумдун жетинчи айы өтүп жаткан эле. Эсимде, ал тургай мен буга кубандым. Ойлодум – баары ушундайча аяктагандыгы кандай сонун, тынч жаңы жашоо баштаганга болот. Бирок баары башкача болуп чыкты.

Эки жумадан кийин күйөөм мени таап алды жана мындай деп мазактап-коркутуп баштады: эгерде мен кайтып барбасам, төрөт учурунда мага бала тирүү калбай тургандай препараттарды сайдыргандай кылам деп коркутуп баштады. Мен буга баш ийип бердим жана кайра бардым.

Болжол менен бир ай өткөндөн кийин 23-февраль майрамын белгилеп жатып ал көп ичип алды жана менин жанымдагы дубалды травматикалык пистолет менен бир нече жолу аткылады – биз жалгыз болчубуз жана жардам бере турган эч ким жок болчу, ал эми кошуналар аткылоонун үндөрүн угушса дагы, анча маани беришкен жок. Анан дагы бир нече күндөн кийин ал мага өзүнүн түшү жөнүндө айтып берди: «Сен менден кош бойлуу эмессиң. Мен сени бутуңдан алып даракка илмекмин, жатыныңа бензин куюп жана өрттөмөкмүн». Мен аябай корктум жана анын дарылануусу керек экендигин айттым. Мындан соң ал ыргып турду, мени моюндан алып, дубалга такады жана өйдө көтөрдү. Бул анын мага биринчи жолу дене бойлук зомбулук жасаган окуясы болчу.

Мен аябай кетким келчү, бирок андан коркчумун – ал дайыма биздин балабызды, мени жана менин апамды өлтүрөм деп коркутчу, менин жакындарымдын үйүн өрттөйм деп коркутчу.

Төрөгөндөн 2 ай өткөндөн кийин ал менин буттарымды абдан катуу уруп-сабады. Муну менен катар эле - «Ууух,ууух» ар бир жолу урганда үнүн катуу чыгарып – кесипкөйлүк менен дем алып жатты. Мындан соң менин бутумдун баары кара түскө айланды.

Бул окуядан кийин мен полицияны чакырдым. Алар келишти, караштты, өздөрүнүн дептерчелерине бир нерселерди жазгылашты жана кетип калышты, а күйөөмдү бөлүмгө алып кетишкен жок. Мындан сырткары ал полициянын көзүнчө менден минтип сурады: «А сен апаңдын үйүндө зымдар эски экенинен коркпойсуңбу?». Ошол түнү анын үйү чын эле өрттөндү. Атайын өрттөө фактысы аныкталды, кылмыш ишин козгошту, бирок кайра жаап коюшту – менин түшүнгөнүм боюнча айыпкерди табышкан жок.

2013-жылдын күз мезгилинде биз ажыраштык, бирок баары жакшы болуп кеткен жок. Мурунку күйөөм мени кызым менен жана апамды дайыма аңдычу, артыман түшчү, көп учурда мени сабачу. Мындан соң биз жашына баштадык – бир жерден экинчи жерге көчүп жүрчүбүз. Бирок ар бир жолу ал мени таап алчу жана ар биринде мени уруп-сабачу. Ушул убакыттын ичинде мен полицияга - өлтүрөм деп коркутуу жана уруп-сабоо боюнча ондон аз эмес арыз жаздым. Жана мага мунун баардыгында кылмыштын курамы жок болгондуктан – кылмыш ишин козгоодон баш тартышты.

2016-жылдын 1-январында мурунку күйөөм бизди кайрадан таап алды, кичинекей кызымды алды дагы, аны бир сааттык сейилдөөгө алып кетем деп аны менен кетип калды. Бир сааттан кийин дага, кийинки күнү дагы, бир жумадан кийин дагы алар кайтып келишкен жок. Андан кийин ал мага баланы бербейм деп айтты жана кайрадан коркутту: менин апам «кечинде жумуштан келбейт», ал эми менин кичине сиңдимди «бөлүктөргө бөлүп кескилеп кетерин» айтты.

Соттор боюнча болсо ал мага дароо мындай деп эскертүү берди, ал бардык инстанциядагы алардын чечимин алдын ала төлөп койгондугун, анан дагы мага каршы күбө боло турган кайсы бир адамдарды дагы сатып алып койгондугун айтты.

Мен кызымсыз өзүмө батарга жер таппай турдум жана бир айдан анча өтпөгөн аралыктан кийин мен мурунку күйөөмдү аны мени менен коштошуу үчүн алып келүүгө көндүрдүм. Мына ушинтип мен аны (кызымды) кайрадан уурдап алууга мүмкүнчүлүк болду. Буга өч алуу катарында ал өзүнүн достору менен чогуу биз жашаган батирди курчоого ала баштады: алар бизди подъездде кайтарып турушту, ичке талкалап киргенге аракет кылышты, коркуткан билдирүүлөрдү жазышты. Бир сутка ушундай уланды, бул убактын ичинде мен полицияга бир нече жолу чалдым. Наряддар келди жана эч нерсе кылбастан кайра кетип калышты.

Февралдын башында ал баары бир батирге кирип келди жана менин апам аны түртүп чыгарууга аракет кылды. Анда ал аны (апамды) бир чапты жана мурдун сындырды. Аргасыздыктан мен биз эшиктен кирүүчү бөлмөнү түрттүрүп коюу үчүн колдонуп жаткан темир арматураны алдым дагы, аны далыга бир урдум. Мен бул арматура биздин өмүрүбүздү сактап калды деп эсептейм, болбосо биз аны батирден чыгара алмак эмеспиз, ал болсо бизди өлтүрүп коймок.

Биз кайрадан качуубуз зарыл экендиги түшүнүктүү болду. Ошол учурда бизге Краснодарск аймагынын баланын укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү жардам берди – анын жардамы менен биз аялдар үчүн аймактык кризистик борборго орун котордук жана күзгө чейин ал жакта жашындык.

Февралда менин апам менен согушкандан кийин албетте биз мурунку күйөөмдүн үстүнөн полицияга арыз жаздык. Ал болсо, өз кезегинде менин үстүмөн – арматура менен аны чапкандыгым үчүн арыз жазды. Биздин апам экөөбүздүн арызыбыз боюнча кайрадан иш козгошкон жок: күйөөм аскер адамы, ошондуктан прокурордун макулдугу зарыл болчу, ал болсо макулдук берген жок. Ал эми ошол эле учурда мурунку күйөөмдүн арызы боюнча мага каршы иш

козгошту, муну менен чогуу анда бир эле арматура эмес, мени аны коркутту деген бычак дагы кошо жүрөт. Ошондуктан, мени өлтүрүү үчүн коркунуч келтирди деп айыптап жатышат. Бирок эч кандай бычак жок болчу, муну күбөлөр дагы далилдеп беришет. Бирок, бизди эч ким укпайт.
Азыр мен кайрадан күйөөмдөн жашынуудамын. Муну менен катар эле, мени дароо эки кылмышты жасоого айыптап жатышат – «өлтүрүү үчүн коркунуч келтирүү» (Кылмыш-жаза кодексинин 119-беренеси) жана «Атайылап ден соолукка жеңил жаракат келтирүү» (Кылмыш-жаза кодексинин 115-беренеси). Бардык болуп өткөн окуяларга карабай, мени соттошот».

**2-бейне.**

*2018-2019-жылдары Краматорсктон Оксана М. (аты өзгөртүлдү), ажырашкан жана 2 баласы менен, жергиликтүү полиция кызматкерине өзүнүн мурунку күйөөсү тарабынан дене бойлук жана сөз түрүндөгү зомбулук жасалгандыгы боюнча бир нече жолу арыз бергенге аракет кылган.*
«Менин күйөөм милициянын аймактык тескөөчүсүн дагы өз убагында өзүнө тартып алды. Ал ага акысыз түрдө суу, канализация жасап берди жана аймактык тескөөчү болсо аны калкалап баштады. Күлүп, мындай деп айтчу: «Ой, силер бар элдешкиле!». Мен болсо: «Сиз эмне, түшүнгөн жоксузбу, балдардын тынчын алып бүттү, сиз түшүнгөн жоксузбу?». Ал болсо мага – «Сиздин аныңыз нормалдуу эле, мен аны менен сүйлөшөм».
Мен ага диктофондогу жазууларды күйгүздүм, видеолорду күйгүздүм, ал болгону күлүп, каткырып койчу. Кээде болсо жөн эле алгысы келчү эмес «Ой кереги жок», - деп коёт. Бул ал мени (сабалган түрдө) көргөндө ушинтет, ушинтип каткырганды токтотту.
Ал качан жергиликтүү полициянын аракетсиздиги жөнүндө Киевдеги жетекчилигине билдиргенде гана, Оксананын ишин карап баштаушты. Ушундан соң акыры анын арызын каттоого алышты жана жыйынтыгында ал зомбулук жасаган адамга карата чектөөчү эскертүү алууга жетишти. 2019-жылдын январынан баштап, 2020-жылдын январына чейин ал үч чектөөчү эскертме алды жана мурунку күйөөсүнө карата бир тыюу салуучу эскертме ала алды, ошондой эле милицияга берди. 2020-жылдын май айында сот зомбулук жасаган адамды үй-бүлөлүк зомбулук жасагандыгы үчүн эмес, а соттун чечимин аткарбагандыгы үчүн 1 жылга шарттуу түрдө жоопкерчиликке тарткан.

**3-бейне.**

**«Йылдырым Австрияга каршы иши»**
Фатима Йылдырым жана анын күйөөсү Ирфан Йылдырым 2001-жылы үйлөнүшкөн. Фатиманын мурунку никеден үч жашы жеткен чоң балдары бар болчу; Мелисса бул никеден төрөлгөн жана окуя болгон учурда ал беш жашта болчу. Бир жактан Түркияга кайтып келгенден кийин 2003-жылдын июлунда жубайлардын ортосунда талаш-тартыш чыкты жана Ирфан Фатиманы өлтүрөм деп коркутту. Мындан бир ай өткөн соң, августта ал аны кайрадан өлтүрөм деп коркутту. Фатима жана Мелисса кызыныкына жашаганга көчүп кетишти. Ал жумушта деп ойлоп, Фатима кийимдерин жыйнаганы өз батирине келди. Ушул убакта Ирфан кирип калды жана ага кол салды, өлтүрөм деп коркутту. Ал (Фатима) бул жөнүндө федералдык полицияга билдирди. Полиция анын (Ирфандын) үйүнө келүүсүнө тыюу салган буйрук чыгарды жана прокурордун аны кармоосун талап кылды. Прокурор бул өтүнмөнү четке какты. Полиция Фатиманы тиричиликтик зомбулук менен күрөшүү боюнча борборго жөнөттү.

Эки күн өткөндөн кийин, Фатима кийлигишүү борборунун колдоо көрсөтүүсүндө өзүнүн жана кызынын атынан соттук тыюу салуу алды. Ошол эле күнү ал жумуштан кетип бара жатканда Ирфан ага асылды жана полицияны чакырышты. Кийинчирээк Ирфан Фатиманын улуу эркек баласын коркутту. Кийинки күнү болсо Ирфан Фатиманын иштеген жеринде аны өлтүрөм деп коркутту.
Полиция келген убакта, ал кетип калган болчу. Полиция ага кайра кел деп телефон чалды жана аны менен жекеме-жеке сүйлөштү. Полиция Ирфан Фатиманы жана анын эркек баласын кайрадан коркуткандан кийин, аны менен мобилдик телефон аркылуу сүйлөштү. Эки күн өткөндөн кийин, Ирфан Фатиманын иштеген жерине келди жана аны өлтүрөм деп коркутту. Мындан эки күн өткөн соң, Фатима полицияга коркутуулар жөнүндө билдирип расмий арыз менен кайрылды жана полиция прокурордон Ирфанды кармоосун талап кылды. Прокурор бул өтүнмөнү четке какты. Эки жума өткөн соң Фатима ажырашуу үчүн арыз берди. Бул окуядан бир жума өткөндөн кийин Ирфанга карата никени бузуу процесси мезгил аралыгында байланышууларга тыюу салынды, бул анын кызы Мелисса менен үч айга чейин байланышуусуна тоскоол болду. Он күн өткөндөн кийин Ирфан Фатиманы жумушунан кийин аңдып, аны өлүмгө дуушар кылган жаракат келтирди. Ал бир жума өткөндөн кийин Болгарияга чыгууга аракет кылып жаткан жеринен камакка алынды жана өмүр бою эркиндигинен ажыратуу жазасын өтөөдө.

**4-бейне.**
**Кыргызстан**
2016-жылдын май айында Алмаз өзүнүн үйүнөн аялын сабап салды жана ага дене бойлук жаракаттарды келтирди. Бир жума өткөндөн кийин ал аялын кайра сабады, мунун жыйынтыгында соттук-медициналык экспертизага ылайык анын ден-соолугуна жеңил жаракаттар келтирилди. 2017-жылдын октябрында Алмаз өзүнүн аялын кайрадан сабады, андан кечирээк, 2018-жылдын августунда ал аялын кайрадан сабады жана ал медициналык күбөлөндүрүүдөн өтүүдөн баш тартты. Уруп-сабоонун себептери аялынын Алмаздын ата-энеси менен көз караштарынын дал келбестиги болгон. Ошондой эле, жубайлардын ортосундагы уруш-талаштар анын апасына катталган батирден улам дагы келип чыккан. Ар бир жолу уруп-сабаган сайын аялы милицияга кайрылган, бирок андан нары дооматым жок деп тосмо арыздарды жазган. 2020-жылдын январь айында уруш-талаштын жүрүшүндө айыпкер аялын кайрадан уруп сабаган. Ушундан кийин ал милицияга кайрылган жана соттук-медициналык экспертизадан өткөн. Корутундуга ылайык, анын сол бутунун мууңдары, оң ийини жана төш клеткалары канталап көгөргөн. Алмазга КРнын Кылмыш-жаза кодексинин (уруп-сабап кыйноо) 144-беренеси боюнча айып коюлган - дайыма кайталануучу уруп-согуп кыйноо жолу менен, же болбосо башка зомбулук аракеттер менен дене-бойлук же психикалык жапа чегүү келтирүү, эгерде бул Кылмыш-жза кодексинин 138 (ден соолукка оор зыян келтирүү) жана 139-беренелеринде (ден соолукка анча оор эмес зыян келтирүү) көрсөтүлгөн кесепеттерге алып келбесе.
Соттук териштирүүнүн жүрүшүндө, мамлекеттик айыптоочу айыпты КРнын Жоруктар жөнүндө кодексинин 75-беренесине (Үй-бүлөлүк зомбулук) переквалификациялоону суранган, ал муну үч уруп-согуу боюнча мөөнөтү эскирди, ал эми төртүнчү укук бузуу фактысы боюнча болсо, ал жосун болуп эсептелет жана жабырлануучу менен элдешкенине байланыштуу кыскартылышы керек деп негиздеген.
Соттун токтомунан: «Сот иш боюнча материалдарды изилдеп чыгып, айыпталуучунун аракеттеринде кылмыштын курамы жок, себеби айыпталуучу тарабынан жабырлануучуга психикалык же дене бойлук уруп-сабоону системалуу түрдө колдонуу болгон эмес деген корутундуга келди. Ага дене бойлук жаракаттардын келтирген ар бир фактыдан кийин

жабырлануучу милиция органдарына кайрылган, бирок андан нары дооматтарым жок деп тосмо арыздарын өткөргөн, ушундан улам Бишкек ш. Биринчи Май районунун ИИБ тергөөчүлөрү кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө токтом чыгарышкан (орфографиясы жана пунктуациясы сакталган).

**5-ТИРКЕМЕ**

**Ой пикир: Кыргызстандын жарандык коомунун мамлекеттик институттардын алып барып жаткан иштеринин натыйжалуулугуна жана зомбулуктун жабырлануучулары үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүнө баа берүү жөнүндө үнү («Аялдарга жана кыздарга карата зомбулукту БИРГЕЛИКТЕ токтотобуз» улуттук кыймылынын КРнын ЖК 5-6-чакырылыштарынын аял депутаттарынын Форумунун дарегине карата сунуштамалары).**

Сот адилеттигинин бирден бир маанилүү артыкчылыктуу милдеттеринин бири, өлкөнүн мыйзамдарын бузган укук бузуучуларды жазалоо болуп эсептелет. Сот адилеттигинин экинчи маанилүү милдети жабырлануучулардын, анын ичинде аялдарга карата зомбулуктун, кылмыштуу кол салуулардын жабырлануучуларын коргоо болуп эсептелет. КРдагы «БУУ-Аялдар түзүмүнүн» Өлкөлүк кеңсесинин колдоо көрсөтүүсү астында «Айкын багыт» коомдук фондунун бейнелерге жүргүзгөн анализи (2014-2015-жж.), Хюман Райтс Вотчтун (Human Rights Watch) «Качан өлтүрүп жатканда чакыргыла: Кыргызстанда мамлекеттин үй-бүлөлүк зомбулукка таасир этүүсү» (2015), Кыргыз Республикасынын Төртүнчү Мезгилдүү отчетуна карата Альтернативдүү отчеттор (2015) жана КРдагы БУУ-Аялдар түзүмүнүн, ЭАМУ жана Калк фондунун долбоорунун алкагында даярдалган «Гендер коомчулуктун кабыл алуусунда» изилдөөчүлүк отчету, сексуалдык жана гендердик зомбулуктан жабыр тарткан аялдардын жана кыздардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн сот адилеттигине жөнөтүүдө алар орой мыйзам бузууларга кабылышары жөнүндө далилдерди келтиришет.

**Мыйзам:**

- Улуттук мыйзам жыныстык кол тийбестикке кол салуу, никеге турууга мажбурлоо, үй-бүлөлүк зомбулук сыяктуу кылмыштардын жабырлануучуларынын укуктарын иш жүзүндө алсыз ишке ашырат. Мындай кылмыштар боюнча көптөгөн кылмыш иштеринде жабырлануучулар жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрү көп учурларда тергөө процессинин негизги эмес, а экинчи катардагы катышуучусу катары каралат, бул болсо сотко чейинки инстанцияларда тараптардын тең укуктуулугу принциби толук кандуу ишке ашырылбай жаткандыгы жөнүндө айтууга түрткү берет. Бейнелерди анализдөө жабырлануучуларга карата сезимтал эмес жана начар иштеген, айрым учурларда окуяга көңүлдөрүн бурбай койгон, ал тургай, ага каршы көз караштары бар далилдерди тапкан.

Мыйзам бир гана мамлекет менен айыпталуучунун ортосундагы мамилелерди гана эмес, ошондой эле мамлекет менен жабырлануучунун ортосундагы дагы мамилелерди жөнгө салуусу керек.

2016-жылы кабыл алынган «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамынын 8-беренесине ылайык, «Ушул березенин 2-бөлүгүндө каралган учурларды кошпогондо, жарандык, административдик жана жазыктын сот өндүрүшүнүн чөйрөсүндө квалификациялуу юридикалык жардам алууга укук жылдык кирешеси республикалык бюджет жөнүндө мыйзамда жыл сайын белгиленүүчү эң аз эмгек акысынын 60 эсе өлчөмүнөн ашпаган доогерлерге, жоопкерлерге, шектүүлөргө, айыпталуучуларга, соттолуучуларга, соттолгондорго, акталгандарга, жабырлануучуларга, жашы жете элек күбөлөргө берилет».

Бирок, кылмыштардан жабырлануучу аялдар кепилденген юридикалык жардам алууга, сурoo-талап берүү үчүн мамлекетке өзүнүн аз камсыз болгондорго кирген макамын далилдеп бериши керек, бул болсо ар түрдүү инстанциялардан кошумча чогултууларды жүргүзүү дегенди түшүндүрөт, ал эми ушул эле учурда, кылмышты жасагандыгы аныкталган же шектелип жаткан айыпкер тарапка, мамлекет кепилдеген юридикалык жардам алуу үчүн муктаж болуу же аз камсыз болуу макамын далилдөөнүн кереги жок (Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамынын 8-беренесинин 2-пункту).

Бейнелерге анализ жүргүзүүнүн жыйынтыгында, сурамжылоого катышкан бир дагы жабырлануучу КРнын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексине ылайык «өкүл» деген макамдын бар экендигин, өкүл ким болушу мүмкүн экендигин билген эмес жана өзүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо үчүн өкүлдөрдү колдонгон эмес. Өкүлдүн жардамы (көпчүлүк учурда бул бейөкмөт уюмунун өкүлү – укук коргоочу, жакын туугандары) жана адвокаттын квалификациялуу жардамы – бул укуктук жана кесипкөйлүк юридикалык жардам көрсөтүүнүн ар башка категориялары болуп эсептелет.

Мына ошентип, жабырлануучулар көпчүлүк учурларда алар колдоно ала турган маанилүү кадамдар жөнүндө билишпейт жана өздөрүнүн укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын өз алдынча коргоо мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес.

Укук коргоо органдары жана прокуратура органдары:

Аялдар бейөкмөт уюмдарынын жана КРнын Акыйкатчы институтунун көрсөткүчтөрүнүн анализи, сотко чейинки этапта укук коргоо жана тергөө органдарынын айрым кызматкерлеринин берилген даттанууларга жетишсиз таасир этүү жана мыйзамсыз аракеттери боюнча, КРнын кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамынын төмөнкү ченемдери бузулгандыгын аныктады:

- арыздарды кабыл алууда – негизсиз баш тартуу жана тергөө процессин кечеңдетүү окуялары;
- жабырлануучуга анын укуктары жана процессуалдык ченемдер жөнүндө маалымат бербөө;
- соттук экспертизаны жүргүзүүгө токтом бербөө;
- жабырлануучунун адвокаты жок болгон кырдаалда деле тергөөнү жүргүзө берүү;
- жарандын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин сактабоо;
- далилдерди чогултуунун бир жактуулугу, жабырлануучуга карата бейкалыс мамиле;
- кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартыла турган жосундарды квалификациялоону негизсиз өзгөртүү, анын ичинде кылмыш иштерин кыскартуу.

Жабырлануучу катары таанылган кыздар жана аялдар, жабырлануучулардын укуктарын коргоо боюнча прокуратурага сейрек кайрылышат, себеби алар өздөрүнүн укуктарынын бузулганын качан башталгандыгын сезе беришпейт. Укуктук маалыматтуулуктун төмөндүгүнө байланыштуу процессуалдык деңгээлде укуктары бузулуп жаткандыгы аларга ачык байкалбайт. Бирок ал тургай кайрылган учурларда дагы, учурдагы мыйзамдын жабырлануучулардын укуктарын коргоого чакырган жана аларды жабыр тарткан аялдар менен кыздарга карата колдонуу боюнча процедуралардын колдонулушуна жүргүзүлгөн анализ, сотко чейинки жана сот инстанцияларындагы мыйзам бузуулардын деңгээли жогору экендиги жана ведомстволор аралык координациялоонун төмөндүгү жөнүндө айтууга түрткү берди.

Отчеттордун көрсөткүчтөрү функционалдык милдеттенмелеринде – жарандарды сактоо жана коргоо негизги деп аныкталган тергөө органдарынын жана прокуратура органдарынын кызматкерлери, реаулдуулукта тескеринче өздөрүнүн абалдарынан пайдаланып, көпчүлүк учурда жабырлануучу тарапка – жабырлануучу өзүнүн укуктары жөнүндө ченемдик базаны билбегендигин түшүнүп туруп, аларга карата мыйзамсыз аракеттерди же аракетсиздикти жасашат (тактап айтканда КРнын КПКнын 155-беренеси, Кылмыш жөнүндө арыздарды жана

билдирүүлөрдү кабыл алуунун жана кароонун милдеттүүлүгү. 158-берене, Ачык айып койгон жазык ишин козгоо. 162-берене, Тергөө жүргүзүүнүн милдеттүүлүгү. 166-берене, Тергөөнүн мөөнөтү.).

Маектешүүлөрдө арыз берүүчүлөр же алардын туугандары аныкталган бир этапта, тергөөчү, сот адилеттигин калыбына келтирүү үчүн иштебей жаткандыгын байкашкан жана тергөө органдарынын жетекчилигине, КРнын ЖКнын депутаттарына, Акыйкатчыга мыйзамдуулукту жана акыйкаттыкты калыбына келтирүү үмүтү менен, бир нече мыйзам бузуулар орун алгандыгын көрсөтүп даттануу арызы менен кайрылышкан, бирок көпчүлүгү ийгиликсиз бойдон калган. ИИМде дагы, прокуратурада дагы кылмыш-жаза процессуалдык мыйзам бузууларга каршы аракеттерди көрө турган натыйжалуу система жок, иштердин алып барылуусу жана алардын процессуалдык ченемдерге жана мөөнөттөргө шайкеш келүүсүнө так мониторинг жүргүзүү системасы жок. Кылмыш иштерин иликтөө процессинде конкреттүү тергөөчүнүн милдеттерин аткаруу тартибин аныктаган, анын КРнын КПКны так аткарууну сактоо боюнча жоопкерчилигин аныктаган ведомствонун ичиндеги так нускамалар жок, бул болсо укук коргоо органдарынын сапаттуу коргоону камсыз кылууга багытталуусуна шарт түзбөйт. Документтерди жүргүзүүнүн ички регламенти жабырлануучулардын талаптарына жана муктаждыктарына жооп бербейт жана аялдар менен кыздардын аларга карата жасалган кылмыштардан кийинки психологиялык абалдарын эске албаган ченемдерге негизделген.

Прокуратура сексуалдык жана гендердик зомбулуктун жабырлануучуларынын мыйзамдуу укуктарын коргоо тарабында эмес, ал тургай жабырлануучуга кысым көрсөтүлүп жаткандыгы жөнүндө маалымдар болуп турса дагы, алардын көрсөтмөлөрүндөгү өзгөрүүлөргө көңүл бурушпайт, таасир этишпейт, КПКны бузуу орун алгандыгына өтө жай таасир этишет. Даттануулар райондук жана облустук прокуратура органдарына келип түшкөн учурларда болсо, Башкы Прокуратура даттанууларды алар келип түшкөн ошол эле органдардын кароосуна жиберет. Жыйынтыгында, прокуратура органдарынын аракеттерине же аракетсиздигине карата тиешелүү мүнөздөгү жооп болбойт, ишти кароо узак мөөнөттөргө чейин кечеңдетилет, анын жүрүшүндө жабыр тарткан аялдар жана кыздар кайрадан жаракаттарга кабылышат жана зомбулук жасаган адамдардын жана алардын туугандарынын абдан күчтүү кысым көрсөтүүлөрүнө туш болушат, жана ошентип көп учурда биринчи берген көрсөтмөсүн өзгөртүшөт.

Жабырлануучулардын көрсөтмөлөрүн өзгөртүүсү жана жабырлануучунун жана айыпкердин туугандарынын ортосундагы жарашуу макулдашуусун түзүү ал тургай жашы жетелек өспүрүмдөргө карата зомбулук жасалган учурда дагы, анын ичинде топтук зордуктоо катталган учурларда дагы ишке ашырылат. Мындай учурларда айыпкерлер жана анын туугандарынын саны дагы өсөт жана аны менен чогуу кысымдар дагы күчөйт. Ал тургай айыптоону алып салуу жана кылмыш ишин жабуу үчүн эки тараптын тең туугандарынын кысымы астында, топтук зордуктоонун жабырлануучусуна айыпкерлердин бирөөсүнө үйлөнүүгө мажбур кылган окуялар бир нече жолу орун алгандыгы белгилүү. Мындай окуяларда, жабырлануучу кызга карата институционалдашкан, узак мөөнөттүү көзөмөлсүз зомбулук жасалат, анын жыныстык кол тийбестикке ээ болуу, никеге туруудa өнөктөшүн эркин тандоо жана зомбулуксуз жашоого ээ болуу фундаменталдык укуктары бузулат. Бул сыяктуу окуялар укук коргоо органдары тарабынан ыкчам түрдө токтотулушу керек, жабырлануучунун конституциялык укуктарынын сакталуусуна кепилдик берүү жана түшүндүрүү, ошону менен эле кылмыш иши менен катар эле келтирилген моралдык жана материалдык зыяндын ордун толтуруу үчүн жарандык доо арызын берүү укугун түшүндүрүү аркылуу жабырлануучу кыздарга бардык жактан укуктук колдоо көрсөтүү. Айыпталуучулардын кысым көрсөтүүсү астында жабырлануучулар жеке айыптоодон баш тарткан

учурда, прокуратура органдары ачык айыптоону колдоого алуулары керек жана мыйзамда көрсөтүлгөндөй сот адилеттигин жана укук үстөмдүгүн ишке ашыруулары зарыл (мисалы, топтук зордуктоодо, ден-соолугуна оор зыян келтирилгенде ж.б.).

Жабырлануучуларга, алардын туугандарына, адвокаттарына күчтүү психологиялык кысым көрсөтүүнүн астында, ал тургай коркутуулар жана дене бойлук зомбулук коркунучунун негизинде алар көрсөтмөлөрүн өзгөртүп жаткандыгы укук коргоо органдарына белгилүү болгон учурлар бар, бирок алар жабырлануучулардын мыйзамдуу укуктарын коргоо жана сот адилеттигин калыбына келтирүү боюнча зарыл аракеттерди көрүшпөйт. Сексуалдык жана гендердик зомбулуктардын жабырлануучуларына бейкалыс, бир тараптуу мамиле, «кыргыздын менталитетине» жана салт-адаттарына шилтеме келтирүү сотко чейинки жана сот этабындагы сот адилеттиги органдарындагы процесстин бардык катышуучуларына трансформацияланат жана ушундайча жабырлануучу аялдар менен кыздардын конституциялык укуктарын бузат.

**Сот органдары**

Сексуалдык жана гендердик зомбулук боюнча сот иштерине анализ жүргүзүүнүн жүрүшүндө сот адилеттигине карата конституциялык укукту ишке ашырууда кийинкидей көйгөйлөр аныкталды:

- соттук отурумдун башталуусу жөнүндө тараптарга тиешелүү деңгээлде кабарлабоо жана сот отурумуна адвокаттардын, күбөлөрдүн, ошондой эле тараптардын келүүсүн камсыздабоо. Анализ жүргүзүлгөн иштердин көбүндө процесстер тараптардын бирөөсүнүн келбегендигине байланыштуу артка жылдырылган. Тиешелүү деңгээлде кабарлоо аткарылбагандыгынан улам, тараптардын эч кандай негизсиз келбегендиги тажрыйбасы, иш жүзүндө соттук отурумдарды бекитилген мөөнөттө өткөрүүгө тоскоол болот. Бирок кээде, отурум жабырлануучу тараптын катышуусуз дагы жүргүзүлгөн учурлар болуусу мүмкүн;
- Соттордун жеке ишенимдери менен аргументтештирүүгө шыктуулугу жана соттук териштирүүлөрдө соттук этиканын эрежелеринин бузулуусуна жол берүүсү. Жабырлануучулар учурдагы мыйзамдарга карама-каршы келе турган айыптоочу мүнөздөгү, кысым көрсөтүүнүн элементтери бар, ал эми айрым учурларда ал тургай коркутуунун дагы элементтери бар ой пикирлер айтылгандыгы жөнүндө маалымдашкан. Соттор сексуалдык зомбулуктан жабыр тарткан жашы жетелек өспүрүмдөрдүн психикалык абалына жана өнүгүүсүнүн деңгээлине кайдыгер мамиле жасашат;
- Жабырлануучулардын жана алардын адвокаттарынын иштин материалдары менен таанышууга жана алардын көчүрмөлөрүн алуу укуктарына тоскоолдук кылуу;
- Соттун чечимдеринин аткарылбоосу же аткарылышынын деңгээлинин төмөндүгү, өзгөчө үй-бүлөлүк зомбулук окуялары боюнча;
- Аялдардын укуктарынын бузулушуна тиешелүү иштер боюнча соттук териштирүүлөрдүн мөөнөттөрүн бузуу кеңири жайылган көрүнүш болуп эсептелет жана системалуу мүнөзгө ээ. Соттук отурумдарды артка жылдыруунун себептери иштин татаалдыгы, экспертизанын узактыгы, тараптардын элдешүүсү сыяктуу критерийлерден көз каранды болбойт. Эрежеге ылайык, сот органдары процессти кечеңдетилиши боюнча кандайдыр бир ишенимдүү түшүндүрмөлөрдү беришпейт;
- Соттук териштирүүнүн протоколун жүргүзүүнүн сапатынын төмөндүгү;
- Сексуалдык жана гендердик зомбулук менен байланыштуу иштер боюнча сот тажрыйбаларына үзгүлтүксүз түрдөгү жана системалуу анализ жүргүзүүнүн жоктугу, жарандык жана кылмыш иштери боюнча даттанууну бергенден баштап, соттун чечимин аткарууга чейинки

сот процессинин узактыгын баалоо үчүн индикаторлордун жоктугу, ошондой эле бул чөйрөдө жарандар үчүн жеткиликтүү статистиканын жоктугу.

## 6-ТИРКЕМЕ: Кыргыз Республикасынын Бешинчи өлкөлүк баяндамасына карата АББЖК Комитетинин (2021-ж.) сунуштамалары

E22 a) Өзүнүн №19 жалпы сунуштамасын, жабырланган аялдарга карата гендердик зомбулук жөнүндө № 35 (2017) жалпы сунуштамасына шилтеме келтирүү менен комитет, катышуучу-мамлекетке ал гендердик зомбулуктун бардык формаларын камтуусу үчүн үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө Мыйзамды кайра карап чыгууну снуштайт жана ал багар-көрөрү жок жана маргиналдашкан аялдардын топторунун өзгөчө муктаждыктарын, анын ичинде майыптыгы бар аялдардын, аял-мигранттардын, ВИЧ/СПИД менен жашаган аялдардын, баңги заттарын колдонгон аялдардын, ошондой эле лесбиян, биосексуал жана трансгендердик аялдардын өзгөчө муктаждыктарын эске алуусун сунуштайт;
E22 b) аялдарды никеге туруу максатында уурдоо (кыз ала качуу), жабырлануучуларды коргоо жана аларга жардам көрсөтүү, ошондой эле Конвенцияга карата Факультативдик протоколдун 8-беренеси боюнча иликтөө жөнүндө анын баяндамасына камтылган Комитеттин сунуштамаларына (CEDAW/C/OP.8/KGZ/1) ылайык, бул кылмыштар үчүн айыпкерлерди адекваттуу жазалоо жана соттук куугунтуктоо боюнча аракеттерди улантуу;
E22 c) Кылмыш-жаза кодексине никедеги зордуктоону түз криминалдаштырган түзөтүүлөрдү, ошондой эле гендердик зомбулуктун бардык формалары ex officio ачык соттук куугунтуктоого шайкеш келүүсү үчүн Кылмыш-процессуалдык кодексине түзөтүүлөрдү киргизүү;
E 22 d) гендердик зомбулуктун бардык окуяларын натыйжалуу иликтөө жана соттук куугунтуктоо аркылуу айыпкерлерди адекваттуу жазалоо жана жабырлануучуларды элдешүү процедураларына милдеттүү түрдө жиберүүгө жол бербөөнү камсыз кылуу;
E22 e) үй-бүлөлүк зомбулук окуяларында, коргоо соттук буйруктарын берүү, натыйжалуу аткаруу жана аткарылышына көзөмөл жүргүзүү менен камсыз кылуу жана мындай буйруктарды аткарбагандыгы үчүн адекваттуу, чектөөчү жазаларды киргизүү;
E22 f) аялдар жана кыздар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүү болушун камсыз кылуу жана гендердик зомбулук боюнча даттануу арыздары менен укук коргоо органдарына кайрылууну жайылтуу, анын ичинде жеткиликтүү же зарылчылык пайда болсо акысыз юридикалык жардам көрсөтүү, далилдөө түйшүгүн жеңилдетүү жана соттук экспетизанын жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу аркылуу буга жетишүү, ошондой эле соттордун, прокурорлордун, полициянын жана укук коргоо органдарынын гендердик спецификаны эске алган иликтөө жана суракка алуу усулдары чөйрөсүндөгү башка кызматкерлеринин потенциалдарын жогорулатууну улантуу;
E22 g) катышуучу-мамлекеттин аймактарынын баарында жабырлануучуларга колдоо көрсөтүү жана коргоо кызматтарын бекемдөө, анын ичинде күнү-түнү иштеген «түз байланыш» түйүндөрүн кошкондо, адекваттуу турак-жай, медициналык жардам көрсөтүү, психосоциалдык консультациялоо жана экономикалык колдоо көрсөтүү кызматтарын бекемдөө;
E22 h) гендердик зомбулуктун бардык формаларынын криминалдык мүнөзү жөнүндө коомчулуктун кеңири катмарынын маалыматтуулугун жогорулатуу боюнча ишти активдештирүү, анын ичинде үй-бүлөлүк жана сексуалдык зомбулук боюнча дагы, ошондой эле аялдар эч кандай өч алуудан, стигматизациядан же кайра виктимизациялоодон коркпостон мындай окуялар

жөнүндө укук коргоо органдарына билдириши зарыл экендиги жөнүндөгү маалыматтуулугун жогорулатуу боюнча ишти активдештирүү;
E22 i) диний жана этникалык азчылыктардан чыккан аялдарга, баңгизаттарын колдонгон, лесбиян, биосексуал жана трансгендердик аялдарга карата гендердик зомбулук, күч колдонуп кармоо жана кол салуу окуяларында айыпкерлерди тиешелүү деңгээлде жазалоо жана соттук тартипте куугунтуктоо;
E26 d) аял-талапкерлерди гендердик зомбулуктардан жана душмандашуучу жана талкууга алган ой пикирлерден, анын ичинде шайлоо убагында Интернеттеги ушундай нерселерден коргоо боюнча натыйжалуу чараларды кабыл алуу;
E48 b) бардык аялдарды, анын ичинде лесбияндарды, биосексуалдарды жана трансгендер аялдарды зордуктоодон коргогон, эркин макулдуктун жоктугуна негизделген зордуктоонун аныктамасын кабыл алуу (161-берене);
E48 d) лесбияндарга, биосексуалдарга жана трансгендердик аялдарга карата кол салууну жана жек көрүүнү козутууну криминалдаштыруу, эгерде мындай кылмыш-жаза жоопкерчилиги караштырылган кылмыштарды жасоонун мотиви ушулар болсо, анда сексуалдык багыттуулугун жана гендердик идентүүлүктү оордотуучу жагдай катары кабыл алуу;
E50 c) Аялдарга карата басмырлоону жоюу боюнча Комитеттин №31 биргелешкен жалпы сунуштамасына/Балдардын укуктары боюнча Комитеттин № 18 жалпы тартиптеги эскертүүсүнө (2019), Конвенцияга карата Фкультативдик протоколдун 8-беренесине ылайык иликтөө жөнүндө анын баяндамасында баяндалган Комитеттин зыяндуу тажрыйбалар жана сунуштамаларына ылайык, аялды уурдоо, балдар никелери (жашы жетелек өспүрүмдөр) жана мажбурлоочу никелер менен күрөшүү, өзгөчө айыл жерлеринде күрөшүү боюнча, ага кошуп алардын түпкү себептерин четтетүү боюнча аракеттерди улантуу; укук коргоо органдарына арыз менен кайрылууну жайылтууну, кошо катышкандыгы үчүн үй-бүлө мүчөлөрүн, диний жана жамааттардын лидерлерин же укук коргоо органдарынын кызматкерлерин жазалоону; мындай окуяларды аныктоо жана соттук териштирүүнү камсыз кылуу үчүн механизмдерди түзүүнү улантуу.
E50 d) Комитеттин № 35 (2017) жалпы сунуштамасына ылайык үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулук менен күрөшүү боюнча аракеттерди активдештирүү.

### 7-ТИРКЕМЕ: Универсалдык мезгилдүү обзордун алкагындагы өлкөлөрдүн сунуштамасы

**Сунуштама берилген жылы, айы, күнү: 2020-ж.**
**Алдыда бериле турган отчеттун жылы, айы, күнү: февраль 2025-ж.**

140.172 аял уурдоо, ошондой эле балдар, өспүрүм курагындагы жана мажбурлоочу никелердин тамырын кыркуу үчүн бардык аракеттерди көрүү
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Польша;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.201 «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамды ишке ашыруу чөйрөсүндөгү маалыматтуулукту жана потенциалды жогорулатуу боюнча иш-чараларды жүргүзүүнү улантуу
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Филиппин;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.

140.150 аялдарга карата зомбулук жана басмырлоо менен күрөшүү боюнча көрүлүп жаткан аракеттерди улантуу
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Грузия;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.184 аялдарга карата зомбулукка тиешелүү кылмыш мыйзамынын жоболорун колдонуу суроолору боюнча соттор, прокурорлор жана укук коргоо органдарынын кызматкерлери үчүн милдеттүү түрдө даярдоо программасын иштеп чыгуу
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Тимор-Лешти;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.193 Кылмыш-жаза кодексинин аялдарды уурдоого тиешелүү жана 2016-жылдагы балдар никелерине тыюу салуу жөнүндө мыйзамга тиешелүү жоболорду толук кандуу ишке ашыруу, ошондой эле бул мыйзамдарды бузган адамдарды жоопкерчиликке тартууну камсыз кылуу.
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Исландия;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.29 аялдар жана азчылыктар сыяктуу аярлуу топторду бардык тараптан коргоо, сексуалдык багыттуулугу жана гендердик иденттүүлүгү белгилери боюнча басмырлоо менен күрөшүү жана зомбулуктан сактоонун, сот адилеттигинин жана мамлекеттик программалардын калктын аярлуу топтору үчүн жеткиликтүү болуусуна жол тоскон тоскоолдуктарды четтетүү максатында мыйзамга толуктоолорду киргизүү
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Канада;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.181 үй-бүлөлүк зомбулук менен күрөшүү жөнүндө мыйзамдарды ишке ашырууну камсыз кылуу үчүн натыйжалуу чараларды көрүү, тактап айтканда сот органдарынын кызматкерлерин тиешелүү деңгээлдеги даярдык менен камсыз кылуу аркылуу, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана коргоо боюнча чараларды координациялоого жана колдонууга көзөмөл жүргүзүүнү ишке ашырууга ыйгарым укуктуу, функционалдашкан органды түзүү аркылуу
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Швейцария;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.165 «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамы талап кылгандай, үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана андан коргоо боюнча чаралардын координациялануусуна жана ишке ашырылуусуна көзөмөл жүргүзүү боюнча орган түзүү
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Намибия;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.176 гендердик тең укуктуулук, анын ичинде аял уурдоо жана үй-бүлөдөгү зомбулук жөнүндө мыйзамдардын натыйжалуу камсыз болушун камсыз кылуу үчүн баарын кучагына алган саясатты жана бюджеттик чараларды ишке ашыуу
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Австралия;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.177 аялдарга карата зомбулук көйгөйү көбүрөөк тараган жамааттын ичинде алардын укуктары жана укуктук коргоонун жеткиликтүү каражаттары суроолору боюнча алардын агартуу максатында анын ичинде зарылчылыкка жараша Бириккен Улуттар Уюмунун Адам укуктары боюнча Жогорку комиссар башкармалыгы, Бириккен Улуттар Уюмунун гендердик тең укуктуулук жана аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн жайылтуу суроолору боюнча түзүмү («БУУ-түзүмү») сыяктуу тиешелүү түзүмдөрү менен кызматташуу аркылуу бул көйгөй жөнүндө

маалыматтуулукту жогорулатуу боюнча кампанияларды иштеп чыгуу жөнүндө суроолорду карап чыгуу.
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Сингапур;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.163 мажбурлоочу никелер жана аял уурдоо көйгөйлөрүн чечүү боюнча аракеттерди эки эсеге күчөтүү
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Мьянма;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.169 аял уурдоону мыйзамдаштырган салттык көз караштарды жана социалдык ченемдерди жеңүү боюнча чараларды көрүү, анын ичинде диний нике кыюу салтанатын өткөрүү үчүн жарандык абалдын актыларын жазуу системасында никени каттоону милдеттүү шарт кылуу жана туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү Максаттардын 10.3 милдеттери жана 5-максатка жетишүү үчүн илгерилөө
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Парагвай;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.37 аялдарды жана ЛГБТ өкүлдөрүн басмырлоонун бардык формаларынан, асылуудан жана зомбулуктан коргогон, эл аралык стандарттарга толугу менен жооп берген мыйзамды киргизүү
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Ирландия;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.146 үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктун жабырлануучуларына колдоо көрсөтүү кызматтарын бекемдөө жана мындай зомбулуктун олуттуу мүнөзү жөнүндө адвокаттардын жана соттордун, укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин маалыматтуулугун жогорулатуу боюнча чараларды көрүү
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Фиджи;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.38 ЛГБТ өкүлдөрүнө карата зомбулуктун жана басмырлоонун бардык формаларынын алдын алуу үчүн бардык зарыл чараларды кабыл алуу
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Италия;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.161 гендердик зомбулук менен күрөшүүнү улантуу;
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Латвия;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.156 аялдарга карата зомбулукка тиешелүү кылмыш-жаза мыйзамынын тиешелүү жоболорун колдонуу суроолору боюнча укук коргоо органдарынын кызматкерлерин даярдоону улантуу
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Япония;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.190 2016-жылдагы жашы жетелек өспүрүмдөр менен мажбурлоочу никелерге тыюу салган мыйзам жана 2017-жылдагы үй-бүлөлүк зомбулукка каршы мыйзам толук кандуу күчүнө кирүүсү үчүн толук даярдыктарды, кийинки чараларды жана көзөмөлдөө жүргүзүүнү камсыз кылуу
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Бельгия;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.185 аялдарга карата зомбулук менен күрөшүү боюнча чараларды кабыл алууну улантуу
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Тунис;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.

140.147 үй-бүлөдөгү зомбулуктун жана аялдарга карата бардык формалары менен, анын ичинде мажбурлоочу никелер менен күрөшүү үчүн кошумча укуктук жана практикалык чараларды кабыл алуу
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Финляндия;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.40 ЛГБТ өкүлдөрүнө карата басмырлоо жана зомбулук актылары менен күрөшүү боюнча чараларды көрүү, мындай актылар үчүн изилдөөлөрдү жүргүзүүгө жана санкцияларды колдонууга кепилдик берүү
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Аргентина;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.186 аялдардын укуктары жөнүндө учурда иштеп жаткан мыйзамдарды натыйжалуу колдонууну камсыз кылуу, мажбурлоочу никелер тажрыйбаларынын тамырын кыркуу боюнча чараларды тереңдетүү жана үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларына жардам көрсөтүү.
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Уругвай;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.173 үй-бүлөлүк зомбулукка жана аял уурдоого күнөөлүү адамдардын иммунитетинин сакталып калуусу менен күрөшүү боюнча натыйжалуу чараларды кабыл алуу
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Корея Республикасы;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.12 Европа Кеңешинин аялдарга карата зомбулукту жана үй-бүлөлүк зомбулукту токтотуу жана аны менен күрөшүү жөнүндө Конвенциясына кол коюу жана ратификациялоо
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Словения;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.188 аялдарга жана балдарга карата зомбулук менен күрөшүү боюнча аракеттерди күчөтүү
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Азербайджан;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.195 Кылмыш-жаза кодексинин аял уурдоого тиешелүү жоболорун жана балдар жана мажбурлоочу никелерге тыюу салган мыйзамды толук кандуу ишке ашыруу, ошондой эле аялдарга карата зомбулуктун бардык формалары менен, анын ичинде үй-бүлөлүк зомбулуктун бардык формалары менен күрөшүү боюнча кошумча чараларды кабыл алуу
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Италия;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.191 Кылмыш-жаза кодексинин аял уурдоого тиешелүү жоболорун жана 2016-жылдагы балдар никелерине тыюу салуу жөнүндөгү мыйзамды толук кандуу ишке ашыруу, ошондой эле бул мыйзамдарды бузган жарандарды жоопкерчиликке тартууну камсыз кылуу
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Германия;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.180 аялдарга жана кыздарга карата бардык гендердик зомбулук окуяларын токтотуу, аларды мындай зомбулуктан коргоо боюнча чараларды көрүүнү улантуу
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Шри Ланка;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.143 аялдардын зомбулук окуялары, сексуалдык зомбулук окуялары жана мажбурлоочу никелер окуялары жөнүндө, аксакалдар сотторуна эмес, укук коргоо органдарына билдирүүлөрүн колдоого алуу
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Германия;

КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.178 гендердик зомбулук жана аял уурдоонун сакталып калган тажрыйбаларын алдын алуунун жана маалыматтуулугун жогорулатуунун конкреттүү программаларын кабыл алуу жана ишке ашыруу
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Испания;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.226 аялдарга, балдарга жана майыптыгы бар адамдарга карата зомбулук менен күрөшүү боюнча аракеттерди улантуу
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Судан;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.142 аялдарга карата зомбулукка тиешелүү кылмыш-жаза мыйзамын колдонуу суроолору боюнча сотторду, прокурорлорду жана укук коргоо органдары үчүн милдеттүү даярдоо программаларын иштеп чыгуу
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Эстония;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.149 аялдарга жана кыздарга карата үй-бүлөлүк жана сексуалдык зомбулук менен, анын ичинде аял уурдоо, мажбурлоочу никелер жана диний балдар никелери менен күрөшүүнү улантуу
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Франция;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.164 никедеги зордуктоо үчүн кылмыш жоопкерчилигин караштырган мыйзамды кабыл алуу жана аял уурдоо тажрыйбасын токтотуу үчүн натыйжалуу чараларды кабыл алуу
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Намибия;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.174 аял уурдоо тажрыйбаларынын алдын алуу жана токтотуу үчүн бардык чарларды кабыл алуу, анын ичинде бул суроо боюнча маалыматтык-агартуучу кампанияларды уюштуруу, ошондой эле уурдоодон жабыркагандарды кабыл алуучу борборлорду түзүү аркылуу
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Республика Молдова;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.162 аялдарга жана кыздарга карата зомбулук жөнүндө мыйзамды натыйжалуу ишке ашыруу үчүн маалыматтык-агартуучу кампанияларды өткөрүү жана адистерди даярдоо аркылуу бардык зарыл чараларды кабыл алуу жана зомбулук жөнүндө бардык билдирүүлөрдү кылдат иликтөө менен камсыз кылуу жана күнөөлүүлөрдү жоопкерчиликке тартуу.
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Литва;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.
140.182 аялдарга карата үй-бүлөлүк зомбулукка тиешелүү мыйзамдын ишке ашырылуусун камсыз кылуу.
Сунуштаманы тапшыруучу өлкө: Австрия;
КРнын расмий позициясы: колдоого алынды.

## 8-ТИРКЕМЕ: БУУнун Комитеттеринин Кыргыз Республикасынын дарегине карата сунуштамалары

**БУУнун Кыйноолорго каршы комитети** 2021-жылы катышуучу-мамлекетке сунуштады (19 а), аялдарга карата бардык зомбулук окуялары, өзгөчө катышуучу-мамлекеттин Конвенция боюнча эл аралык жоопкерчилигине алып келген, мамлекеттик органдардын же башка субьекттердин аракеттери же аракетсиздиги менен байланыштуу бардык окуялар кылдат иликтенүүсүн камсыз кылуу, болжолдуу айыпкерлер жоопкерчиликке тартылуусун, ал эми алар соттолгон учурда тиешелүү жазага тартылуусун, ал эми жабырлануучулар же алардын үй-бүлөлөрүнө келтирилген зыяндын ордун толтурууну, анын ичинде тиешелүү компенсация алуусун камсыз кылуу. **БУУнун Балдардын укуктары боюнча комитети** 2014-жылы сунуш кылган, 38. Катышуучу-мамлекетке бардык «аял уурдоо» окуяларын ыкчам, калыс жана натыйжалуу изилдөө менен камсыз кылуу үчүн бардык чараларды көрүүнү, жоопкерчиликке тартууну, бул сыяктуу кылмыштарды жасоого бардык күнөөлүүлөрдү куугунтуктоо жана жазалоо жана жабырлануучуларга келтирилген зыяндардын ордун толтуруу менен камсыз кылуу. Ал ошондой эле, кыздардын ден соолуукка ээ болуу, билим алууга жана өнүгүүгө ээ болуу укуктарын ишке ашыруу үчүн өспүрүм курагындагы никелердин терс зыяндары жөнүндө маалыматтуулукту жогорулатуу үчүн комплекстүү программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруунун жардамы менен, бул ишмердүүлүктү салттык жана диний лидерлерге, ата-энелерге жана өлкөнүн парламентинин депутаттарына багыттоо аркылуу өспүрүм кыздардын арасындагы балдар никелеринин алдын алуу боюнча иштерди жүргүзүүнү катышуучу мамлекетке сунуштайт.

**БУУнун Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча комитети** 2015-жылы сунуш кылган (16. катышуучу-мамлекетке үй-бүлөлүк зомбулуктун бардык формалары үчүн кылмыш жоопкерчилиги караштырылуусун камсыз кылуу үчүн, жабырлануучуларга натыйжалуу укуктук коргоо каражаттарынын, баш калкалоочу жайлардын жеткиликтүү болуусу, соттор, прокурорлор жана укук коргоо органдарынын кызматкерлери үй-бүлөлүк зомбулук иштерин кароо суроолору боюнча милдеттүү тартипте даярдыктан өтүүсүн, мындай иштер бардык учурларда кылмыш-жаза иштерин алып барган соттордун кароосуна берилүүсүн камсыз кылуу. Комитет ошондой эле катышуучу-мамлекеттерге үй-бүлөлүк зомбулук окуялары жөнүндө маалымдоо тажрыйбасын жайылтуу боюнча, анын ичинде медицина кызматкерлеринин жана үй-бүлөлүк зомбулук боюнча башка тиешелүү кызматкерлердин маалыматтуулугун жогорулатуу жана жабырлануучуларды аңдуудан, куугунтуктоодон тиешелүү деңгээлде коргоо менен камсыз кылуу аркылуу жайылтуу боюнча чараларды кабыл алууну сунуш кылат. **БУУнун** адам укуктары боюнча комитети 2014-жылы сунуш кылган (19. Комитет мурункудай эле тынчсызданууда, анткени Аксакалдар сотторунун иш алып баруусу адилеттүү соттук териштирүүгө карата укукту ишке ашырууну коркунучка калтыруусу мүмкүн, тактап айтканда чечимдер юридикалык даярдыгы жок адамдар тарабынан маданий жана моралдык ченемдердин негизинде кабыл алынып жаткандыгы, үй-бүлөлүк зомбулук боюнча чечимдер аялдарга жагымсыз терс таасирлерин тийгизүүсү мүмкүн экендигине тынчсызданууда) (2, 3 жана 14-беренелер).

**БУУнун Калк фонду ЮНФПА** (ICPD) «2020-жылдагы дүйнө калкынын жайгашуусу» Баяндамасында сунуш кылган: (126. Интернет: Интернеттеги кайсы гана формадагы зомбулук болбосун, жалпы таанылган зомбулуктан эркин болуу укугун, жашоого карата укукту бузат. Адам укуктары жөнүндө эл аралык укук санарип мейкиндикке толугу менен ылайыктуу деп

кабыл алынган жана укуктук жактан колдонууга ылайыктуу жаңы мыйзамдарды, ченемдик-укуктук актыларды кабыл алуу боюнча бир катар сунуштамалар келтирилген. Ишканалар аялдардын укуктарын сактоого милдеттүү, анын ичинде контетти жөнгө салуу жана башка чаралар менен чогуу даттануулар боюнча чараларды көрүүгө милдеттүү деп баса белгиленген).

## 9-ТИРКЕМЕ: КРдагы үй-бүлөлүк зомбулук чөйрөсүндөгү ченемдик-укуктук актылардын тизмеси

1. КРнын Конституциясы, 2021-жылдын 11-апрелинде Референдумда кабыл алынды (бүткүл элдик добуш берүүдө). Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майындагы Мыйзамы менен күчүнө кирген;
2. КРнын Кылмыш-жаза кодекси, 2021-жылдын 28-октябры, № 127 (КРнын 2021-жылдын 28-октябрындагы Мыйзамы менен күчүнө кирген № 126);
3. КРнын Укук бузуулар жөнүндө кодекси № 128 (КРнын 2021-жылдын 28-октябрындагы Мыйзамы менен күчүнө кирген № 126);
4. КРнын Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси, 2021-жылдын 28-октябры, № 129 (КРнын 2021-жылдын 28-октябрындагы Мыйзамы менен күчүнө кирген № 126);
5. КРнын Жарандык-процессуалдык кодекси, 2017-жылдын 25-январы, №14 (КРнын 2017-жылдын 25-июлундагы Мыйзамынын редакциясында, №141, КРнын 2017-жылдын 1-июлундагы Мыйзамы менен күчүнө кирген, 20-январь, 2017-жыл №6);
6. КРнын Администрациялык-процессуалдык кодекси, 25-январь, 2017-жыл, №13 (2017-жылдын 1-июлунда күчүнө кирген, 20-январ, 2017-жыл, №6);
7. КРнын Үй-бүлө кодекси, 30-август, 2003-жыл, N 201;
8. КРнын Балдар жөнүндө кодекси, 2012-жылдын 10-июлу, N 100;
9. КРнын «КРдагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө” Мыйзамы, 2001-жылдын 19-декабры, № 111;
10. КРнын «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамы, 2009-жылдын 17-июлу, N 227;
11. КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамы, 2017-жылдын 27-апрели, №63;
12. КРнын «Аксакалдар соттору жөнүндө» Мыйзамы, 5-июль, 2002-жыл, № 113;
13. КРнын «Медиация жөнүндө» Мыйзамы, 2017-жылдын 28-июлу, № 161;
14. КРнын «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары жөнүндө» Мыйзамы, (КРнын Мыйзамынын редакциясында, 2021-жыл, 22-январь, №11);
15. КРнын «Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө» Мыйзамы, 2021-жылдын 5-майы № 60;
16. КРнын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамы, 2021-жылдын 20-октябры № 123.

## 10-ТИРКЕМЕ: Үй-бүлөлүк зомбулук менен күрөшүү чөйрөсүндөгү эл аралык актылардын тизмеси

1. Адам укуктарынын жалпы декларациясы, 1948-жыл.
2. Баланын укуктарынын декларациясы, 1959-жыл.
3. Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты, 1966-жыл.
4. Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакты, 1966-ж.
5. Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенция.

6. № 19 Жалпы сунуштама, 1992-ж.
7. № 19 жалпы сунуштаманы жаңыртууга арналган, аялдарга карата гендердик зомбулук жөнүндө № 35 Жалпы сунуштама 2017-ж.
8. БУУнун Аялдарга карата зомбулуктун тамырын кыркуу жөнүндө декларациясы, 1993-ж.
9. Европа Кеңешинин аялдарга карата зомбулуктун жана үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана күрөшүү жөнүндө конвенциясы (Стамбул конвенциясы), 2011-жылы кол коюлган, 2014-ж. күчүнө кирген.
10. Пекин декларациясы жана пекин аракеттер платформасы, 1995-ж.
11. 2030-жылга чейинки мезгил аралыгында туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү күн тартиби, 2015-ж.

## 11-ТИРКЕМЕ: Юридикалык кесиптин угуучулары үчүн тест (пре/пост)

Берилген варианттардын ичинен Сиз туура деп эсептеген бардык жоопторду белгилеңиз.

**1. Гендер -бул:**

А) Биологиялык мүнөздөмө;
Б) Аял;
В) Социалдык конструкцияланган мүнөздөмө;
Г) Фcombining Феминдүүлүк.

**2. Сиз зомбулуктун кандай түрлөрүн билесиз?**

А) Дене бойлук;
Б) Сексуалдык;
В) Психологиялык;
Г) Экономикалык.

**3. Зомбулуктун жабырлануучуларына, ырайымсыз мамиленин циклин бузууга кандай тоскоолдуктар жолтоо боло алат?**

А) укук коргоо органдарына ишенчиликтин жоктугу
Б) балдарга кам көрүү
В) өч алуудан коркуу
Г) үй-бүлөнү шылдыңга калтыруу

**4. Сиздин оюңузча, Кыргызстанда жылына канча үй-бүлөлүк зомбулук фактылары катталат (2019-2020-жылдардын маалыматтары боюнча)?**

А) 100дөн аз;
Б) 2500дөн көп;
В) 4000ден аз;
Г) 6000ден көп.

**5. Кайсы эл аралык документ биринчи болуп кабыл алынган жана аялдарды коргоого жана анын бардык формаларында аялдарга карата басмырлоону айыптоого багытталган адам укуктары боюнча эң маанилүү келишим болуп калды?**

А) Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө БУУнун Конвенциясы (АББЖК);
Б) АБЖЖКнын №19- Жалпы сунуштамасы;

В) Аялдарга карата зомбулукту жоюу боюнча БУУнун Декларациясы;
Г) Европа Кеңешинин аялдарга карата зомбулукту жана үй-бүлөлүк зомбулукту токтотуу боюнча Конвенциясы (Стамбул конвенциясы).

**6. Европа континентинен тышкаркы өлкөлөр, анын ичинде Кыргызстан, Европа Кеңешинин Аялдарга карата зомбулукту жана үй-бүлөлүк зомбулукту токтотуу боюнча Конвенциясына(Стамбул конвенциясы) кошула алабы жана/же анын принциптерин жетекчиликке ала алабы?**
А) Ооба;
Б) Жок;
В) Билбейм;
Г) Европа Кеңешинин мамлекеттери гана.

**7. Үй-бүлөдөгү зомбулукка карата кандай чаралар эл аралык укукта каралбаган?**
А) Ыкчам тыюу салуу жөнүндө буйруктар
Б) узак мөөнөттүү коргоого буйруктары
В) орто мөөнөттүү коргоо ордерлери
Г) тобокелдикти баалоо протоколу

**8. Кайсы мамлекеттик органдар, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандар менен биринчи байланышта болбойт?**
А) саламаттык сактоо органдары
Б) билим берүү органдары
В) прокуратура органдары
Г) укук коргоо органдары

**9. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча убактылуу коргоо ордери деген эмне?**
А) укук бузуучунун зомбулукка кабылган аялга жакын жолоосуна тыюу салган документ
Б) үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамга мамлекеттик коргоону берүүчү документ
В) үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга мыйзам тарабынан каралган таасир көрсөтүү чараларын колдонууга алып келген документ
Г) үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусуна мамлекеттик коргоо берген жана үй-бүлөлүк зомбулукту жасаган адамга таасирин тийгизүүчү аныкталган бир мыйзамдык чараларды колдонуу документи

**10. «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Убактылуу коргоо ордерине карата РИИБнин кандай конкреттүү аракеттерине (аракетсиздигине) даттанууга болот?**
А) убактылуу коргоо ордерин берүү, узартуу;
Б) убактылуу коргоо ордерин берүү жана аны берүүдөн баш тартуу;
В) коргоо ордерин берүү, узартуу жана аны берүүдөн жана узартуудан баш тартуу;
Г) Коргоо ордерин берүү жана андан баш тартуу.

**11. «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган адамдын укуктарын жана**

**мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн сотко төмөндөгү талаптардын кайсынысы коюлушу мүмкүн?**
А) чогуу жашаган жеринен убактылуу чыгаруу жөнүндө;
Б) жашы жете элек балдарга карата ата-эненин укуктарын чектөө жөнүндө;
В) башка калктуу пункттан, башка убактылуу турак-жай менен камсыз кылуу жөнүндө;
Г) үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды жарандык мыйзамдарга ылайык жөндөмдүүлүгүн чектелген деп таануу жөнүндө.

**12. Стамбул конвенциясына ылайык, куугунтук “ex officio” деген эмнени билдирет?**
А) Бул Конвенция тарабынан таанылган кылмыштар боюнча күнөөлүү адамдарды, жабырлануучунун арызы жок же аны кайтарып алган учурда да, тергөөнү улантууга мүмкүндүк берген куугунтуктоо
Б) Бул жеке-ачык айыптоо тартибиндеги соттук куугунтуктоо
В) Бул жеке айыптоо катары соттук куугунтуктоо
Г) Бул Конвенция тарабынан таанылган кылмыштар боюнча күнөөлүү адамдарды, жабырлануучунун арызы жок же аны кайтарып алган учурда тергөөнү улантууга мүмкүндүк бербеген куугунтуктоо

**13. Үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучулары менен маектешүүдө, алар укук коргоо органдарынын кызматкерлери менен кызматташууга даяр болуш үчүн, эл аралык стандарттар жана тажрыйба кандай сунуштарды берет?**
А) алар өздөрүн сындоо, талкуулоо же аларды туура эмес түшүнүү жок экендигин сезүүсүн камсыз кылуу
Б) Ачык жана ошондой эле сырдуу суроолорду да колдонуу зарыл;
В) Жабырлануучуларга өз окуясын айтып берүү жана угуу үчүн жетиштүү убакыт берүү;
Г) Интимдик суроолорду берерден мурун, мындай суроолор эмне үчүн маанилүү экенин түшүндүрүү керек, ошондой эле маектешүүчүнүн жынысын тандоого мүмкүндүк берүү керек.

**14. Эл аралык стандарттарга жана тажрыйбага ылайык, психологиялык зомбулуктун формалары кандай?**
А) басынтуу, кемсинтүү, зомбулук колдоном деп ар кандай коркутуу
Б) жакын туугандарын/жабырлануучуну башкалардын бөлүп четтетип коюу
В) аялды көзөмөлдөө үчүн балдарды колдонуу
Г) финансалык ресурстардан ажыратуу же чектөө

**15. Аялдарга карата зомбулуктун жана үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү боюнча Европа Кеңешинин Конвенциясынын(Стамбул конвенциясынын) 45-беренеси, бул кылмыштар үчүн “эффективдүү, пропорционалдуу жана чектөөчү” санкцияларды киргизүүнү талап кылат…**
А) айып төлөмдү
Б) эркинен ажыратууну
В) коомдук иштерди
Г) моралдык жана материалдык зыяндын ордун толтурууну

**16. Аялдарга карата зомбулуктун жана үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү боюнча Европа Кеңешинин Конвенциясында (Стамбул конвенциясында) каралаган кандай оордотуучу жагдайлар, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ж. редакциясынын көпчүлүк беренелеринде эске алынган эмес ?**

Жубайларга, өнөктөштөргө, үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнө же чогуу жашагандарга карата жасалганы

Б) Бир нече жолу жасалганда, ошондой эле ага байланыштуу кылмыштардын жасалган

В) Баланын көзүнчө жасалганы

Г) Мас абалындагы адам тарабынан жасалганы

**17. Аялдарга карата зомбулук жана үй-бүлөлүк зомбулук учурларында кандай жагдайларды жеңилдетүүчү жагдай катары колдонууга болбойт?**

А) Чын жүрөктөн өкүнүүнү

Б) Жубайын ойнош таап алды деп шилтеме кылууну

В) Жабырлануучуга карата адеп-ахлаксыз жүрүм-турумдарын, шылдыңдады же орой басынтты деген шилтемелерди

Г) Мурда сот жообуна тартылган эместигин

**18. Кандай факторлор аялдарга карата зомбулуктун кеңири жайылышына шарт түзөт?**

А) гендердик жана социалдык стереотиптер

Б) өнөктөштөрдүн жакшы мамиледе болушу

В) өнөктөштөр үчүн жарашуунун пайдасы

Г) соттордогу иштин көптүгү

**19. Медиатор эмнени жасоого укуктуу эмес?**

А) медиация тартибинде элдешүү жөнүндө макулдашуу (медиативдик макулдашуу) түзүүдө тараптарга көмөктөшүүгө;

Б) медиациянын тараптары менен жолугушуулардын саны жана узактыгы жекече жана чектелбеген купуя кездешүүгө;

В) эгерде жүргүзүп жаткан медиация жол-жоболору тараптардын элдешүүсүнө алып келбейт деп эсептесе, медиация жол-жоболорун өткөрүүдөн баш тартууга.

Г) үй-бүлөнү сактап калуу максатында тараптарды элдешүүгө үгүттөөгө

**20. Аскакалдар соту күнөөлүгө карата кандай таасир көрсөтүү чараларын колдоно албайт?**

А) жабырланган тараптан эл алдында кечирим суроого милдеттендирүү;

в) коомдук уяткаруу жарыялоо;

г) материалдык зыяндын ордун толтурууну күнөөлүү тарапка милдеттендирүү;

Г) жашаган жеринен мажбурлап кетирүүгө.

## 12- ТИРКЕМЕ: Социалдык кызмат көрсөтүү кесиптин угуучулары үчүн тест (пре/пост)

**1. Кайсы мамлекеттик органдар үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусу менен биринчи байланышта болбойт?**

а) саламаттыкты сактоо органдары

б) билим берүү органдары

в) прокуратура органдары

г) укук коргоо органдары

**2. Зомбулуктан жабыркаган аял менен баарлашууда эмнени кылганга болбойт?**
а) окуя жөнүндө суроо берүүгө
б) психологго кайрылуу тууралуу сунуш берүүгө
в) көйгөйлөрүнө өз ойун билдирүүгө
г) иштин жагдайына баа берүүгө

**3. Зомбулукка кабылган бала менен натыйжалуу баарлашууга эмне тоскоол болот?**
а) бала менен маектешүүчүнүн ортосундагы жашы боюнча айырмачылык
б) абдан көп татаал сөздөрдү колдонуу
в) бала колдонгон сөздөрдү жана аталыштарды колдонуу менен окуянын жагдайын талкуулоо
г) ата-энесинин катышуусу

**4. Кайсы субъекттер үй-бүлөлүк зомбулук учурларын аныктайт?**
а) аксакалдар соту
б) саламаттыкты сактоо органдары
в) өзгөчө кырдаалдар органдары
г) прокуратура органдары

**5. Убактылуу коргоо ордери деген эмне?**
а) укук бузуучунун, зомбулукка кабылган аялга жакындашына тыюу салган документ
б) үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаганга мамлекеттик коргоону берүүчү документ
в) үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга мыйзам тарабынан аныкталган таасир көрсөтүү чараларын колдонууга алып келген документ
г) үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусуна мамлекеттик коргоо берген жана үй-бүлөлүк зомбулукту жасаган адамга таасирин тийгизүүчү аныкталган бир мыйзамдык чараларды колдонуу документи

**6. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган адамдын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын коргоо үчүн «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык төмөнкү талаптардын кайсынысы менен сотко кайрылууга болот?**
а) бирге жашаган жерден убактылуу чыгарып салуу
б) жашы жете элек балдар менен катташуу бөлүгүндө ата-энелик укуктарды чектөө
в) башка калк жашоочу жерден убактылуу турак жай менен камсыз кылуу
г) үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды жарандык мыйзамдарга ылайык аракетке жөндөмдүүлүгү чектелүү деп таануу

**7. Аялдарга карата зомбулук жана үй-бүлөлүк зомбулук учурларында кандай жагдайларды жеңилдетүүчү жагдай катары колдонууга болбойт?**
а) чын жүрөктөн өкүнүүнү
а) жубайына чыккынчылык кылды деп шилтеме кылууну
в) жабырлануучуга карата адеп-ахлаксыз жүрүм-турумдары, шылдыңдады же орой басынтты деген шилтемелерди
г) мурда сот жообуна тартылган эместигин

**8. Кандай факторлор аялдарга карата зомбулук иштерде элдешүүнүн кеңири жайылышына өбөлгө түзөт?**

а) гендердик жана и социалдык стереотиптер
б) өнөктөштөрдүн жакшы мамилелери
в) өнөктөштөр үчүн жарашуунун пайдасы
г) соттордогу иштин көптүгү

**9. Кайсы зомбулук кылмыштары үчүн, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тараптардын жарашуусуна жол берилет?**

а) ыплас аракеттер
б) оордотуучу жагдайларсыз зордуктоо
в) оордотуучу жагдайлардын бар экендигине карабастан зордуктоо
г) денеге оор залал келтирүү

**10. Кандай учурларда тараптардын элдешүүсүнө жол берилет?**

а) эгерде укук бузуучу кечирим сураса
б) эгерде укук бузуучу келтирилген зыяндын ордун толтурса
в) эгерде укук бузуучу жабырлануучунун жакындары менен макулдашкан болсо
г) эгерде укук бузуучу чын жүрөктөн өкүнсө

**11. Күнөөлүүлөргө карата кандай таасир көрсөтүүчү чараларды аксакалдар соту колдоно албайт?**

а) жабырлануучудан ачык кечирим суроого милдеттендирүүнү
б) коомдук уяткаруу жарыялоого
в) күнөөлүү тарапты келтирилген материалдык зыяндын ордун толтурууга милдеттендирүүгө
г) жашаган жеринен кетүүгө милдеттендирүүгө